




Самидиндин санаты

САМИДИН СТАМБЕКОВ

# Самидиндин санаты



◊ Кыргыз поэзиясы



*Казына мүлк жыйнабай,*
*Кара сөздү жыйнаган.*
*Каалап калган кишисин,*
*Кадырлаган, сыйлаган.*
*Кара жини кармаса,*
*Кандан тилин тыйбаган.*
*С. Стамбеков мен болом,*
*Стандартка сыйбаган...*

**Самидин Стамбеков**

# Самидиндин санаты

- ◊ **Ырлар**
- ◊ **Санат-термелер**
- ◊ **Котормолор**
- ◊ **Макалалар**
- ◊ **Маектер**

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49536

**Бишкек – 2011**

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-5
С 77

Стамбеков С.
С 77 Самидиндин санаты: Ырлар, санат-термелер, котормолор, макалалар, маектер. Б.: Бийиктик 2011. – 304 б.

ISBN 988-9967-13-773-8

Жыйнакта лирикалык карман баёо дүйнө балалыктан тартып, кызыл ээк карылыкка чейин ой сермеп, өмүр менен өлүм, махабат менен турмуш, кооздук менен зөөкүрлүк, жакшылык менен жамандык сыяктуу чар тараптуу ойлорду жан дүйнөсүнөн өткөрүп, адамзааданын жашоосунун маңыз-маанисин ачып, түшүнүүгө умтулат. Адабияттын башкы вазийпасы – адам таануу. Китеп так ушул улуу максатка кызмат кылууга багытталып, жалпы эле окурмандарга арналган.

С 4702300200-11
ISBN 988-9967-13-773-8

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-5
© Стамбеков с., 2011.

## САНАТ БАШЫ

Өзүнүн китебине өзү баш сөз жазган «апенди» бизде бир эле мен болсом керек. Ары ойлонуп, бери ойлонуп акыры мен ушундай кылууну чечтим, бул эми менин ырларымдын абройлуу адабиятчылардын назарына илине турган жагы жоктугунан, же болбосо кыргызда «мени түшүнгөн» адабиятчы калбаганынан улам болуп жаткан иш эмес. Кол жазмамды көтөрүп, бата сурап барсам, айталы, акындардан Сүкөм (С. Эралиев) деле, Сокем (С. Жусуев) деле, а кокус илимпоздор керек болсо Абдыганы Эркебаев менен Советбек Байгазиев сыяктуу агаларым деле аный дешпесе керек эле. Бирок ошолордун кимиси мени өзүмчөлүк түшүнүп биле алмак, ар бир адам ачылбаган аалам дешет эмеспи, менин өзүмдү-өзүм айтып берейин дегенимдин төркүнү ошондо...

...Китеп чыгарыш жагынан менин жолум катуу экен. Сексенинчи жылдардын башынан эле «келечегинен үмүттөндүргөндөрдүн» эсебине илинип, ырга олуттуу аралашканым менен, окуган жерим – Ош, туулган жерим – Чаткал, өзүм анык эч нерсени элебеген элеттик болгондугум үчүнбү, айтор ушу турган Бишкектин калемгерлер чөйрөсүнө алынганымча кыйла убакыт зыр

коюп, ал убакта мен курдуулар бир-экиден жыйнак чыгарып ийишти. Менин жыйнагым «Мектеп» басмасында сексенинчи жылдардын ортосунан токсонунчу жылдардын башына чейин «сүрсүп» жатты. Мына эми кезек жетип, ушу быйыл жарык көрөт деп турганда, эсил кайран СССР жан таслим болуп кетсе. Багы жокко дагы жок деген ушу да...

Кой, эми өзүбүз киришпесек болбойт экен деп, басмага ылайыктап, сүрөттөрүнө чейин тарттырып, бастырары калганда каражат жетпей калды. Ал ортодо он жылдай убакыт чууруду. Айтор турмуш деген ошондой өжөр болот тура. Бирок мен да оңор көк беттерден эмесмин, китеп чыгарууга мөртүм келери менен мурдагы даярдалган ыр китепчемдин өзүн «Алыстан жазылган каттар» деген ат менен эптеп чыгардым. Албетте, аны деле жаңы ырлар менен толуктап, айрымдарын оңдоп-түздөп койсом болмок. Бирок мен анткен эмесмин, сексенинчи жылдардын ырларын жаңы кылымдагы көз караш менен оңдогум келген эмес... Ошол ырлардын көпчүлүгү ошол эле калыбында ушул китепке да киргизилди.

Мен поэзиядагы «өзүмдү» огеле көп издедим, көп убакыт короттум, ак ыр жаздым, эркин ыр жаздым, уйкаштуу он бир муундуу ырларды жаздым, он төрт муунга өтүп көрдүм, кайчылаш уйкаш, шыдыр уйкаш жасадым. Европанын, Чыгыштын, айрыкча орустун акындарын окудум, жашырганда не, көбүнөн үйрөндүм, бир канчасын туурадым. Кийин карасам, ошондой аракеттер менен жазылган ырлардын айрымдары таамай чыкса, айрымдарына куру эле убакыт кетирипмин. Бирок мага ал ырларда айтайын





дегеним толук айтылбагандай, берейин деген оюм кандайдыр өксүк болуп, бир жери кем болуп калгандай сезиле берчү. Убакыт өтө берди, а мен болсо ошондой сезимден такыр арыла албай койдум, кандай ыр жазсам да, бир жери кемдей сезилет да турат. Ошентип изденип жүрүп, бир кезде баарыбыз «эскинин калдыгы» деп «жээрип» кеткен, традициялуу формага кайрылып келип калсам болобу. Эртегисин айтсак, «Манас» баш болгон элдик эпос, дастандарыбыз бүт баткан, бери жакындап келсек, Токтогул, Жеңижок, Барпы, Эшмамбет, Калмырза сыяктуу «Э-э» дегиче «Ме» деген» (Барпыга берилген баа – С. С.) эчен нөшөр төкмөлөр ырдаган, жазгыч акындардан Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Молдо Багыш, Тоголок Молдо баш болуп, аягын Жоомарт, Райкан, Байдылда, Какен сыяктуу алп акындар улаган бул форма бизге кеңдик кылбаса, асти тардык кылгыдай эмес. Бир этият болор жери, кыябын таап, тизгинди дал мерчеминде тартып калбасаң, «баратат», «каратат», «таратат» сыяктуу желдирме уйкаштар менен жеңил жол жетелеп кеткидей. Традициялуу формадан качкан себебибиздин бири да так ушул жеңил ойлуулуктан, желдирме саптардан качуу болгон эле, анан да ага ойлор чулу бойдон батпайт, а эгер жети муунга бөлүп сындырсак, анда оюбуз майдаланып кетет деп ишенчүбүз. Көрсө, дегеле андай эмес экен! Мен буга өз тажрыйбамдан улам ишендим. Ишендим дагы ушул колуңуздардагы китептин көңүлүмдөгү «Чагылган издейм көздөрдөн» деген атын чанып, «Самидиндин санаты» деген атка көчүрдүм. Муну менен мен кыргыздар жапырт традициялуу ырга көчсүн деп жатканым жок, ар ким

өзү каалаган формада, өзүн эркин сезген ыңгайда жаза берсин, негизгиси «Жакшы жана ар түрдүү ырлар көп болсун!» жана ар ким адабияттагы өзүн эртерээк таап алсын.

Мени «кыскалык» деген идея өмүр бою эле азгырып келди. Бирок традициялуу форма менен көлөмдүү бир нерсе баштап алсаң, кыскалыкка жетүү жеңил эмес экен. Байкасам, биздин акындарыбыздын көбүн аксаткан да так ошол кыскалыкка жете албагандык экен. Мен дагы ага жете албай, кээде ой кубалаганга азгырылып кетип жатам, бул менин – өзүм байкаган кемчилигим. Ошол кыскалыкка умтулам деп жүрүп, азыркы ылдамдыктын доорунда үзүктөй чыгармаларды ким окумак эле деген ойдо, поэма сыяктуу көлөмдүү чыгармаларга азгырылганым жок, ал эми прозага тиш да салбадым, мен үчүн бир гана поэзия жанры бар.

Поэзиядагы мен эңсеген дагы бир бийиктик – чоң ойлорду карапайым жана жөнөкөй айтуу, анткени бардык улуу нерселер жөнөкөй жана табигый болушат, улуу нерсенин улуулугу – жөнөкөйлүккө катылуу. Бул жагынан мен Кыргыз эл жомокторунан, В. Шукшинден, Н. Думбадзеден, өзүбүздүн эле М. Гапаровдон көп нерселерди үйрөндүм. Булар – кара сөздүн лириктери. Ал эми менин аракетим канчалык деңгээлде ишке ашканына окурман журту баа бере жатар.

Баса, мындайда өмүр баян да айтылчу эмес беле, мен 1959-жылы 8-мартта (Кычаганымды карагыла!) Чаткал районундагы Каныш-Кыя айылында туулганмын. Атадан алты уул, төрт кыз – он бир тууган экенбиз, бир эжем кичинекейинде сууга агып кетиптир, бир агам кылым





тогошорго жакын өтүп кетти, ошентип азыр туугандар арасында эркектерден аксакалы – менмин, менден улуу эжем бар.

Мени кичинекейимде таятам менен таенем багып алышыптыр, качан багып алышканын билбейм, анда мага эс кире элек экен. Бир үйдө өзүм жалгыз, кемпир-чалдын колунда, өтө эле эрке чоңойдум, бирок чолчоңдоп кеткеним жок, кызы, атам педагогика илимин окубаганы менен, баланы качан, кай жерден тыйып койгонду абдан жакшы билген киши болсо керек. Мен атамдын уруп-сабаганын мындай кой, сөгүнгөнүн уккан эмесмин, ал киши өмүрүндө сөгүнбөсө деле керек. Ал эми акыл айткандан, билбегенимди үйрөткөндөн, жалынып-жалбаргандан, эркелеткенден тажачу эмес. Акыл-эске толуп, эр жете баштагандан тартып эле мен осол жоруктан, жаман иш жасап алгандан аябай коркчумун, корккондо эми өзүмдөн эмес, ошондой ишке барганымды укса, же көрүп калса – атам кейийт, капа болот деп коркчумун. Мен атамын капа болгонун, же кейигенин көргүм келчү эмес, энем экөөнүн көз алдымда картайып, улам күчтөн тайып бараткандарын көрүп-билип, аларга эч жардам бере албасыма ичим күйүп, аяп турчумун. Менин эң кымбат адамым атам болчу, ата дегенде менин көз алдыма Баймат чал элестейт… Энемдин аты – Улук. Атам Райымкул болуштун уулу болсо, энем Мусабек болуштун кызы болгон. Ошол себептүү мал-мүлкү ортого салынып, он жетинчи жылдагы революциянын алдында үч ай болуш боло калган бир тууган агасы Нурмат кулакка тартылып, көп эле азапты тартышкан экен.

Бала кезинде Кокондон эки жылдай чала-мо-

ңол билим алган, беш убак намазын жазбаган, өмүрүндө арак менен тамекини мындай кой, шариятта адалга саналбаган оокатты оозуна албаган, табиятынан момун жана мээнеткеч, жан кишиге жамандык ойлобогон Баймат чал өзүнчө эле философ болчу. Институтту бүтүп, бир жыл иштерим менен Коммунисттик партиянын катарына алынып, жыйырма беш жашка жетип-жетпей райондук гезитке редактор болуп, дердеңдеген бойдон атама келип мактансам, ал киши жакшы-жаманга оңой менен сыр бербеген баягы калыбынан жазбай: «А түзүк, иштей берчи, же атың чыгар, же желиң чыгар...»,- деп койсо болобу! Айткандай эле кийин менин желим чыкты...

Атам алтымыштан ашкандан кийин Курулуш, Жаңы-Базар деген эки айылдын имамы болуп калды, жаназа окуп, катма куран түшүрчү, жаңы үйлөнгөндөргө нике кыйчу, ооругандарга дем салчу жана башка ушуга окшогон жумуштар менен алектенчү, ошол себептенби, андан акылкеңеш сурап, үйгө келгендер көп болор эле. Атам бош кезинде жайлоодо болсо – дөңгө чыгып алып, кышкысын – үйдө Курани-каримди жана ага кошумча дагы төрт-беш арабча китептерди кезеги менен кыраатын келтирип окуй бере турган. Бир кызыгы, өзү молдо боло туруп, «албарсты азгырат, ар кандай ыйык жерлердин ээси болот, көрүнчү көрүнөт» деген сыяктууларга такыр ишенчү эмес. Мага да: «Келмеңди келтир да, эч нерседен коркпой кандай маалда, кандай жерге болбосун бара бер, сага эч ким жолукпайт» деп акыл айтчу. Мына, элүүдөн эңкейип кеттим, чын эле, мага эч нерсе жолуга да, көрүнө да элек, мындан кийин деле көрүнбөсө





керек. Мындан келди, атам диндин күчү менен келменин кудуретине өтө бекем ишенген адам болуптур. Баса, атам Ленинди жининен жаман көрчү, адамдын баарын динден чыгарып, туура эмес жолго баштады деп жактырчу эмес. Коммунисттик доордо диндин тарып, турмуштан кысылып бараткандына кейичү. Эгер Алла таала атама дагы эки жыл өмүр бергенде, ал заман өзгөргөнүн, адамзат динге кандайча кайта баштаганын көрүп калмак экен. Ошону көрбөй калды. Балким көрөт беле, бир тууган агасы Нурмат экөөнүн ортосундагы жападан жалгыз уулу Мейман акем алтымышка чыкпай, оорудан улам каза таап калбадыбы!?. Ошондон кийин сексен беш жаштагы атам: «Кудай мени көрбөдү да, Кудай мени унутуп калды да...» деген бойдон бүк түшүп жатып калган. Ошол жаткан бойдон өйдө болбоду, өйдө болоюн деп аракет да кылган жок, бирок ошондо да оозунан бир ооз жаман сөз, акарат кеп чыккан эмес...

Атамдын дагы бир жакшы көргөнү тоо, боз үй болуучу. Картайып, тоого көчүп чыкканга алы келбей калганда, айылдан бир километрче өйдөдөгү арыктын боюна үч жылы боз үй тигип олтуруп жүрдү. Ага да алы келбей калганда, боз үйүн тамдын жанына тиктирип алган... Мен Баймат атама, анын тарбиясын алганыма сыймыктанам!

Өз атабыз Жолчубек деле элге алынган, тааныш-билиштери жакшы сыйлаган адам болчу, алтымыш жашында көзү өтүп кетти. Ал киши каза болгондо, жакын досум, ыраматылык Тообай: «Силердин үйүңөр менен мүрзөнүн ортосунда чубаган адамдардын катары үзүлбөй калды, элдин алды мазарга жеткенде, аягы али айылдан

чыга элек болчу, мен Чаткалда азага мынчалык көп адам келгенин көргөн эмесин»,- деп айтканы эсимде. Ошонун өзү деле ал кишинин абройунун канчалык экенин көрсөтүп турбайбы.

Үйдөн атам шарияттын жол-жобосун айтып, беш убак намаз менен келмени кулакка куйса, мектепте атеизмге окутушуп, биз эки улуу кагылыштын ортосунда чоңойдук. Ош пединститутунда окуп жүргөндө атеизмден сабак берген агайыбыз биринчи жолку сабагын: «Кана, ким кудайга ишенет, колуңарды көтөргүлөчү?» – деген суроо менен баштаганы эсимде. Элүү-алтымыш студент олтурат, бирөө да кол көтөргөн жок. «Анда, ким кудайга ишенбейт, ошолор кол көтөргүлөчү?»,- деди агай. Зал тымтырс, дагы эле эч ким кол көтөрбөйт. Ошондо агай: «Же Кудайга ишенбеген, же ишенген эмес, бу силер кандай балдарсыңар?»,- деди таң калганын жашырбай. Жогорку курска келип калганбыз, мен ордуман турдум: «Биз ушундай болуп калдык, агай, азыр сиз Кудай жок деп астейдил ишендирсеңиз, сизге – макулбуз, эшикке чыксак, бир молдоке шарияттын жолун жакшылап айтып, «Кана, бир дуба кылып коёлучу» десе, ага деле макулбуз»,- дедим. Ырас эле, азыр элдин көбү ошентип калды деп агай да күлдү.

Бирок мен адабий китептерге, дүйнөнү материалисттик көз караш менен таанып-билүүгө көбүрөөк азгырылып, кийин акырындык менен ошол пикирге ооп кеткем. Эми ойлосом, анчалык деле туура багыт албаган экенмин, Жараткан деген ар бир адамдын жан дүйнөсүндө болоруна, ага бирөө беш убак намазы менен жетсе, бирөө жасаган соопчулук иштери менен,





дагы бирөө таза ниети менен жетерине менин эми гана баамым жете баштады. Жеке өзүм болсо, Акка таза, аруу поэзия менен жете алам го деп ишенем. Айтмакчы, менин атым менен фамилиям дагы бүтүндөй диний ишеним менен коюлган. «Стамбек» деген ат «Ислам бек болсун» деген ниетти билдирсе, «Самидин» дегендеги «Иса – пайгамбардын аты, Мүдүн – арабча – окумал, молдо» деген маанини берет.

Дагы эмнеси калды, а-а, уруу сүрүштүрсөк, биздин чоң уруубуз – кытай, анын ичинен – карамыкчыбыз, бирок жогоруда айтылгандай, мен таята-таенемдин колунда, саркытай болуп чоңойгом.

Эми кызмат жагына келсек, Чаткалдын мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директор болдум. Райондук гезиттин редакторлугунан бошоп, Бишкекке бардым, «Фрунзе шамы», «Ленинчил жаш» гезиттеринде кабарчы, бөлүм башчы кызматтарында иштедим. «Ак бата» деген гезитте башкы редактордун орун басары болдум, кийин аны журнал кылып чыгардык. Бирок аныбыз бир кезде «Асаба» гезити туура белгилегендей, «Таластагы кушчу-саруу салгылашында «курман» болуп калды».

2001-жылдан бери Жалал-Абаддамын, адегенде облустук «Акыйкат» гезитине башкы редактор болдум, ара-чолодо бир жарым жыл облустук кыргыз тили комиссиясын жетектедим. Анан кайра «Акыйкат» гезитине редактор кылышты, ошону каадалуу бир кызмат көрүшүп, саясат кыла баштагандар чыкты эле, өзүм арыз жазып кетип калдым. 2008-жылдан бери Жалал-Абад облустук педагогикалык «Дил» гезитинде башкы редактормун.

Үй-бүлө жаатына келсек, келинчегим Алима – мугалим, бир кыз, үч уул, неберелерибиз бар.

...Колуңуздардагы китеп – менин бардык жазгандарымды калпып алгандагым. Ошентип, күлүгүн байгеге кошкон саяпкер сыңары, ага ак жол тилеп, окурман журтунан пикир-кеңеш күтүп турган чагым. Эмесе, ошол окурманым бар болсун! Кебимди Омокемдин (Омор Султанов) «Биз акындар» деген ырында айтылган ойду улап тамамдайын:

***Омокемдин оюн улантып...***

Биз, акындар, жалын чачкан оттойбуз,
Кээде күчөп, кээде түтөп, токтойбуз –
Башкаларга жарык чачып олтуруп,
Өзү күйүп, түгөнгөндөн коркпойбуз!

Биз, акындар, болсок кээде чагылган,
Кээде туруп байкалбайбыз жаныңдан –
Мингич эмес, аргымакпыз акындар,
Миң жылдардан миң жылдарга чабылган!

Биз, акындар, жакшыбы да жаманбы,
Арамдыктан ажыратып адалды –
Кагып-силкип, кир-когунан арылтып,
Тирүү кармап келатабыз заманды!..

*2009-жыл, 1-февраль.*





# Көз ирмем

## ТИРҮҮЛҮК ӨЗҮ – КӨЗ ИРМЕМ

Ээ, пендем!
Өмүр жолуңду,
Өткөрө жүргүн көзүңдөн.
Жылт этип бир күн сенин да,
Жылдызың учат көгүңдөн.
Бир кылым өмүр өтсөң,
Бир таттуу түштөй сезилген –
Тамшантып койгон ошентип,
Тирүүлүк өзү – көз ирмем!..

*30-март, 2003-жыл.*

## ӨЛБӨГӨН КУЛГА ЖАЗ КЕЛЕТ

Кыш бою койдой жуушаган,
Ойлорду капыс үркүтүп,
Жымжырттык баскан дүйнөңдү,
Жылкыдай айдап дүргүтүп,
Кыйкырып кырга кубалап,
Кыялды тарткан үй кучук,
Өлбөгөн кулга жаз келет,
Жаз келет, калбайт күн бүтүп!..

*Март, 2003-жыл.*

## ЖАШЫЛ ЖАЗДЫ ЫРДАЙМ

Өрүктүн гүлүн көрө албайт,
Өзүнүн шору – өлгөндүн.
Түгөнбөй, бүтпөй, кемибей,
Түбөлүк турар пендеңмин.
Жашоого жашыл жазды ырдаш,
Жазды ырдаш үчүн келгенмин!..

*Март, 2003-жыл.*





## ӨЛГӨН АКЫН

Чындыкка караганда жалган дайым,
Адамга алда канча жакын турат.
- Гезитиңе ырымды берген элем,
Качан чыгат эми, - деп такып турат.
Какшанып турган менен маңдайымда,
Капкачан өлүп калган акын турат.

*29-март, 2003-жыл.*

## БИР ЖЫЛДЫК ӨМҮР

Ээрчисе балам эртелеп,
Кечинде тосуп кучугум –
Бейкапар жүргөн кезимде,
Ачыптыр өрүк бүчүрүн.
Билинбей, демек байкалбай,
Бир жылдык өмүр өтүптүр.
..Түркүн ой толкуйт Байкалдай,
Түбүндө турам өрүктүн...

*30-март, 2003-жыл.*

## АПРЕЛЬ САГА ЫРАХМАТ

Кымырып алып бир жашты,
Кыш качса бизден ыраактап.
Жашыл жаз турат жадырап,
Бакыт деп жашоо ырастап.
Алчаңын аппак гүлү үчүн,
Апрель сага ырахмат!..

*9-апрель, 2003-жыл.*

## АК ЖАМГЫРЛУУ БУЛ ТҮНДӨР ДА КАЙРЫЛБАЙТ

Чымчык көздүү жазгы жамгыр мөлтүрөп,
Түнү бою тынбай турса тамчылап –
Бүт жан дүйнөң терезедей чертилет,
Бүткүл жашооң таразадай тартылат...

Жаштык – дайра, салып өтөт шарпасын,
Сен качанкы сезимдерге кайтасың.
Жайып таштап өмүрдүн бүт картасын,
Мен мындайча жашагам деп айтасың.
Кап ошондо минтсем болмок экен деп,
Качанкы бир күндөн азап тартасың.
Сезимдериң сергектенип жуулуп,
Сен өзүңө арууланып кайтасың.
Бирок аттиң...
Дагы сезбей каларсың,
Ак жамгырлуу бул түндөр да кайтпасын...

*25-апрель, 2003-жыл.*

## АРСТАНБАП

Шуулдап бардык тараптар,
Шуудурайт бадам, жаңгактар.
Шырп эткен желге шылтоолоп,
Шыбырап турмай адат бар.
Ажайып ушул аймакта,
Адамча сүйлөйт дарактар.
Береги жерден жакшыбы,
Бейишиң өзү каякта?..

*10-май, 2003-жыл.*





## КОЙ КАЛБАЙТ, МЕНДЕН ОЙ КАЛАТ

Оо, кыйын, бардык азаптан,
Сууларды кыйып шар аккан.
Сыркашык сындуу дүйнөнү,
Суйкайып сулуу таңы аткан.
Жашоонун өзүн – аманат,
Бал татым ширин жараткан –
Аркага таштап бардыгын,
Ааламдан өтүп бараткан...

Беш күндүк ушул жалгандан,
Бегана болуп калганда –
Билдириш үчүн дайнымды,
Бир кылым соңку балдарга.
Кой калбай жалаң чууруган,
Ой калат менин аркамда!..

*3-май, 2003-жыл.*

## «ПУТЁВКАҢ» БҮТӨР КЕЗ КЕЛЕТ

Өмүрдө баары өзгөрөт,
Өлбөсөң көптү көз көрөт.
Ичер суу, көрөр күн деген,
Күн өткөн сайын бөксөрөт.
Аңдабай деле каларсың,
Аңдыган ажал тез келет.
«Путёвкаң» бүтүп бир күнү,
Жашоодон кайтар кез келет.
...Аңдыктан кылар ишиңди,
Эртелет, пендем, эртелет!..

*Декабрь, 2003-жыл.*

## ЖАН ДҮЙНӨ ТАҢСЫГЫ

Бардар дос менен чай ичип,
Унчукпай айткан кепти угам.
Мыктыга санайт ал өзүн,
Мен ичтен аный деп турам.
Дүр-дүйнө, буюм-тайымга,
Дүкөндөй үйү толуптур.
Жайнаган ушул «музейге»,
Жан дүйнө таңсык болуптур...

## КЫРГЫЗДЫН БУЛАГЫ

– Сызылып чыктың каяктан,
Бет алдың кайсы тарапка?

– Сыр-Дайра болом мен деген,
Ааламды жарып бараткан...

*10-май, 2003-жыл.*

## ЫР ЖУКПАЙТ

- Жаш кезде жакшы жазчы элең,
Ыр оку,- дейсиң досум-а.
Мен болсо шайыр, ак көңүл,
Пейлиңди таппай отурам...
Өзгөрүп кыял-жоругуң,
Күтүпсүң мүнөз керсейме.
Окуган менен пайда жок,
Ыр жукпайт эми сендейге!..

*Декабрь, 2003-жыл.*





## АДАМДЫК ПЕЙИЛ ӨЛБӨСҮН

Төрөлдү десе сүйүнүп,
Өлгөндү уксак кайгырып –
Өтүүдө учуп куш-өмүр,
Календарь сыңар айрылып.

Кайгырбай бирок жөнү жок,
Каниет кылыш керектир –
Жаралбай калсак жашоого,
Каяктан өлмөк элек биз?!.

Ал ырас, тирүү ар пенде?
Аллага бир жан – карыздар.
А бирок калар артында,
Адамдык деген парыз бар.

Андыктан ойлой жүргөн оң,
Ааламдын ылдый-өйдөсүн.
Адамдар өлсө айла жок,
Адамдык пейил өлбөсүн!

*Январь, 2004-жыл.*

## ДӨҢСӨГӨ ЧЫККАН БАЙЧЕЧЕК

Күн бою балдар чана тээп,
Күүгүмдө араң кайтчы эле.
Түнкүсүн жылдыз төгүлүп,
Көгүш нур каптап жатчы эле.
Таманда жаткан бул дөңдү,
Таназар эч ким алчы эмес.
«Саясат» кептин биз дагы,
Сазайын берип кайтчы элек.
...Кар кетип, кетпей бул жерге,
Каяктан чыктың байчечек?!.

*25.02.04. Жалал-Абад.*

## КУРУСУН...

Будённый мурут, чекир көз,
Жоро акем тайып кайраттан–
Жыл өткөн сайын кичиртип,
Жеп барат мезгил байкатпай.
Агамды көрсөм ар дайым,
Ичимен сызам тымызын:
Таң атпай, жатсаң – түн узун,
Кеч кирбей, бассаң – күн узун...
...Карыган кезде калжайып,
Кемпирден калган курусун!?.

*25.02.04. Жалал-Абад.*

## АШЫКПА

Алды жак бүтпөс туңгуюк,
арт жагың андан караңгы,
ортодо жарык – тирүүлүк,
жаркытып турган ааламды.

Жашоонун билбей чын сырын,
жалганга болуп алагды –
жандалбас боло берсин деп,
жаратса керек адамды...

...Жакшылап ойлоп отурсаң,
Жашооң – наспай бир атым.
Аманат экен бул дүйнө,
Ашыгып эмне табасың?..

*Ноябрь, 2003-жыл.*





## ЧАПЧЫМА БЕЛИ – КАНДУУ БЕЛ

Чапчыма деген чатак бел,
Канчалар мындан кулады?
Канатбек, Нарбек дагы өтүп,
Каңырык түтөп турамын.
Отуздан эми ооду эле,
Өлүмгө кантип кыямын?

Кан жолго таза чыккан оң,
Кылт этип албай, кысталак.
Шашылсаң шайтан азгырып,
Жол эмес – өмүр кыскарат...

...Канатбек, Нарбек, кош эми,
Ажалың түбү жолдо экен –
Куу өлүм ушу, айла жок,
Куран тарт эми, молдоке!..

*26. 02. 04. Жалал-Абад.*

## ЭЛЕТТИН ЖАЙ КИШИСИ

Жөн эле келип батага,
Жөн эле сүйлөп отурду.
Жөн эле салып топурак,
Жөн эле куран окуду.

Өлгөнгө кирип, чыкса да,
Өлүм түк кирбей оюна –
Пенделик парзым бүттү деп,
Бастырып кетти коюна...

*26. 02. 04. Жалал-Абад.*

* * *

Көп көрөм Жалал-Абаддан,
Көк дүкөн, базар тараптан.
Көрүнгөн жандан пул сурап,
Көчөнүн баарын жадаткан.
Убагын бошко өткөрүп,
Учурган кезин канатчан –
Жыртылган үмүт жетелеп,
Жыңайлак кетип барат чал...

*21. 06. 2004.*

* * *

Балакет экен бу өлүм,
Барбаган адам калбаган –
Баланды жатса башка чаап,
Бакырып тура албаган...

Кыямат экен бу өлүм,
Кыярбай адам калбаган –
Кызыңды жатса ызалап,
Кыйкырып тура албаган.

...Тирүүлүк – деген жөн гана,
Карызын бербей өмүрдүн!
Өткөн бар, кайткан эч ким жок,
Өлчөөсү курсун өлүмдүн...

*8-ноябрь, 2004-жыл.*

* * *

Баарын көрүп, бул дүйнөнү түшүнүп,
Тирүүлүктүн түгөл сырын көргөн соң –
Түркүк болуп турбаган соң ааламга,
Ажал келсе кылчаңдабай өлгөн оң.

*10-апрель, 2000-жыл.*





## АТАНТАЙДЫН[1] ЫРЫНАН УЛАМ

«Эч кимге көлөкөнү түшүрбөөнү,
Жарыктан үйрөнөлү, түшүнөлү».
Атантайдын ушул эки сап ыры,
Көңүлүмдө көптөн жүрөт жаңырып.
Өп-чап жашап жаткан ушул күндөрдө,
Өз алдынча болууга бир чакырык.
Аңдай албай жүргөнгө биз ушуну,
Жакшы күндө жаман жашап жатырык...

* * *

Байкасаң баары ызылдап,
Байлык деп чуркайт тызылдап.
Базарың – аары уюктуу,
Базарың – бул бир кыжылдак.

Акынмын десең күлүшөт,
Акча деп эле жүрүшөт.
Адамдын тилин билишпейт,
Акчанын тилин билишет:
Айталы, пайдаң бир күндүк,
Кетти де, дароо – түшүнөт,
А бирок өмүр бир күндүк,
Өттү де, ыпым – түшүнбөйт...

...Андыктан адам атпайды,
Куткарып мындай балээден –
Бар болсо кокус аларман,
Башкасын коюп так ушул,
Базарды сатар элем мен!

*7-октябрь, 2006-жыл, Жалал-Абад*

[1] Атантай Акбаров – акын

* * *

Бирөөнү бирөө «гүл» деди,
Бирөөнү бирөө тилдеди –
Бирөөнүн көөнү гүлдөдү,
Бирөөнүн көөнү кирдеди.

Гүлдөткөн деле – тил эле,
Кирдеткен деле – тил эле.
Гүлдөтүп кайра кирдетпей,
Жүрбөдүк, аттиң, тим эле...

*8-апрель, 2007-жыл.*

* * *

Бирөөлөр кетсе – түбөлүк,
Бирөөлөр жаңы төрөлдү.
Бирөөнүн иши «өрттөнүп»,
Бирөөнүн иши көгөрдү.

Бүтпөгөн айлан-көчөктүн,
Барасы чуркап тыныкпай –
Бир жылдык өмүр өтөлдү,
Бир өмүр учту булуттай...

Баягы бойдон эле биз,
Беймарал жашап келебиз –
...Бадамдар качан гүлдөдү?
Байкабай калдык неге биз?!.

*8-апрель, 2007-жыл.*





# Кадыр түн

## САМОО

Түн – кыякчы, тартып кыягын,
Көлгө түшкөн шоокум таптаза.
Бопбош асман кирип түшүнө,
Өктөм куштар түнөйт аскада.

Алыс-алыс кетет ойлорум,
Арзууларга жүрөк толтуруп.
Көңүл кушу көктө талпынат,
Жакшы ырларды эстеп олтуруп.

Көлдө толкун кандай дирилдеп,
Кылым күүсүн чертип жатабы.
Кандай гана келет менин, эх,
Буурул түндү ырдап жашагым!..

* * *

Ай батканча жүрдүм бүгүн талаада,
Шуудураган токойлорду кыдырып.
Эт жүрөктү элжиретип баладай,
Жаратылыш шыбыр айтат. Сыдырым

сылап өтсө,
шамал өпкөн,
түн өпкөн,
аппак аруу акак бетин дайранын –
күз төрөгөн күү чертилет жүрөктө,
алыс тарап шоокумдарга айланып.

Алыс тарап ак шоокумдан бөлүнбөй,
кетет үнүң обон созсоң, мындайда –
кимдер гана музыкадай төгүлбөйт,
кимдер гана толкунданып ырдабайт!





Ай батканча жүрүп бүгүн талаада,
кайтып келем.
Көгүш түндүн койнунда,
калып кетти канча жылдык санаалар,
канча жылдык бук болуулар, ой-муңдар.

* * *

Жолдо келем.
Дөөнүн жалгыз көзүндөй,
Жоо-Жүрөктө жалгыз чырак балбылдайт.
Жымың-жымың жылдыз жанат көзүмдө,
Жылуу-жылуу шамал согот алдымдан...

* * *

Айлуу түн. Алай. Желаргы.
Акырын сылап жүзүмдөн.
Ажайып көркке туш болуп,
Апкаарып турам бүгүн мен.

Жылт этип чөптө ай нуру,
Жылдыздар назик шыңгырайт.
Жылаажын болуп кубулжуп,
Жылгада булак шылдырайт.

Ак булут көктө жай жылат,
Асманын беттеп Гиссардын.
Алыстан аста муңканат,
Арманы барбы гитардын.

Ойгонбой алсыз үргүлөп,
Уйкуда тоолор – талаалар.
Алмалар кыздай үлбүрөп,
Ышкымды албайт таназар.

АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. № 49536

Ажарын ачып айлана,
Ак дайра шоокум таратат.
Ааламды кезип жай гана,
Ай гана кетип баратат.

* * *

Көк жашыл тоолор, көк өзөн,
Гүл тандай учат көпөлөк.
Бир учу суйда кыя жол,
Бир учу кетет көкөлөп.

Ак боз үй – аппак жумуртка,
Созулат түтүн жүлүндөй.
Түйшүгү түмөн кумурска,
Жүгүрмөй жолдо, жүгүрмөй.

Ала үй – үзүм Ала-Тоо,
Шиберге түшкөн үзүлүп.
Суу ылдый чуркайт кайыңдар,
Тизилбей...
кайра тизилип.

Баш багып турат булуттар,
Батынбай тарап кетүүгө.
Демейде учкул убакыт,
Дегеле шашпай өтүүгө.

... Көк жашыл тоолор, көк өзөн,
Гүл тандай учат көпөлөк.
Көктөмдө көрсөң биздин жер,
Көкөлөп кетет көкөлөп!





## КЫШТАГЫМ

Жаздын жыты делөөрүтүп сезимди,
Бүчүр басса түркүн дарак учарын.
Тойдо чачкан чачыладай бириндеп,
Көз алдыма келет өскөн кыштагым.

Өчүп-жанып Жаңы-Базар оттору,
Өзгөчө бир шаани менен көрүнөт.
Өрөөпкүтүп кыялды алга жетелеп,
Өзөн суусу кыз чачындай өрүлөт.

Айгай салып ай шимирген өрөөндү,
Агып жатса Чаткал дайра аралап.
Жаш бийкечти бийлеп жаңы сезимдер,
Өрүм чачы башка ыкмада таралат.

Каяккадыр багыт алат булуттар,
Канаттарын алыс жайып жиберип.
Созолонтот бүтпөс ырын сүйүүнүн,
Көгүш түндө сиңип кеткен кыз-жигит.

Агыш нурлар тарап анан чыгыштан,
Жышаан келсе эртеңки айыл күнүнөн.
Караңгылык качып бара жаткансыйт,
Таң чакырган короздордун үнүнөн.

...Жаздын жыты делөөрүтүп сезимди,
Бүчүр басса түркүн дарак учтарын:
Тойго чачкан чачыладай бириндеп,
Көз алдыма келе берет кыштагым.

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49536

## ЖАЗ

Жүрөгүндө булбул сайрап жаткандай,
Сезим берет бүгүн жаздын сайраны.
Жүз Саякбай чогуу Манас айткандай,
Күрпүлдөгү күчөп кеткен дайранын.

Сан жалбырак сапырылткан ак кайың,
Сексеңдеген кыз өңдөнүп секелек.
Жээк бойлоп чуркап бара жаткансыйт,
Алп дайраны колдон алып жетелеп.

Кызгалдактуу кырдаал кызыл өрт болуп,
Күн төбөдөн төгөт аста мээримин.
Жоогазындар уяң кыздай дирилдейт,
Ашыгына алгач тоскон эринин.

Көгүш тоолор көз көрүнө кулпунуп,
Көркөмүнөн көз тайгылтат белестер.
Көз жетпеген бийиктикке умтулуп,
Көккө карай чыгып барат теректер.

Делөөрүтөт бүгүн жаздын сайраны,
Жүрөгүндө булбул сайрап жаткандай.
Күрпүлдөгү күчөп кеткен дайранын,
Жүз манасчы чогуу Манас айткандай.





* * *

Токтогулдай Сибирден качып чыккан,
Качып чыгып мен Оштун аптабынан –
Сулайман тоо үстүндө олтурамын,
Шамал келип оролот чачтарыма.

Шамал келип аймалап чачтарыман,
Гезитимди талашат колумдагы.
Кыял чуркайт чымылдап машинадай,
Машинадай Курманжан жолундагы.

Турмуш кайнап күрү-гүү...
Күүлдөйт Ош,
Өз жолунда агылып тиричилик.
Мажүрүм тал салбырап жүүнү бош,
Сагынычым же ага билиндиби?

Көчө бойлоп тез өскөн теректердей,
Шамдай кыздар, шаптай бир балдар элек.
Кайдан-жайдан чогулуп төрт жыл жүрүп,
Тарап кетип кайра эле калган элек.

Он жыл ашык өтүптүр андан бери,
Бүгүн келдим.
Шаар суз тосуп алды.
Ош санаалуу ойлорго салып эми,
Сулайманда кусалуу олтурамын...

... Токтогулдай Сибирден качып чыккан,
Качып чыгып көр оокат,
тириликтен –
Сага дагы айланып келемин Ош,
Келе берем кайра эле тирүү жүрсөм...

* * *

Өрдөп келем узун кыштак – Корулду,
Капчыгайдан соккон шамал өңдөнүп.
Өзөндөрү тосо чуркап жолумду,
Өрөөпкүтөт жашыл түзөң, өрлөрү.

Калып барат канча бир көрк керемет,
Карегиме батпай калып сай ылдый.
Бир карасам тааныштай бүт теребел,
Бир карасам түк бейтаныш айыл бул.

Адырлары калыбында келбээрсип,
Сезбейт эч бир бул дүйнөнүн жалганын.
Жаштыгымдын бир элесин бергенсийт,
Таноону өрдөй берген жыты алманын.

Эски, жаңы аралашкан бул элес,
Бактымадыр, же шоруму – ким билет?
Айтор, азыр айыл ылдый суу эмес,
Өмүр дагы акканын ал билдирет.

… Кантмек элек,
биз жашоого конокпуз,
Маңдайына жазылган бир ченем жол.
Өмүр өтөр, Корул айлым сен гана,
Эски малдын көзү өңдөнүп эсен бол!





## ЧАПЧЫМА АШУУСУ

Мотор онтойт өйдөсүндө ашуунун,
Чабан кейийт атын алып камчыга.
Жолоочуга оңой менен жол бербес,
Сен мынчалык неге өжөрсүң, Чапчыма?

Мунарадай тиреп көктү заңкайып,
Көк асманың – көк асабаң көтөргөн.
Кышта бороон, жайда кара нөшөрдөн,
Башың чыкпай көшөргөнүң көшөргөн.

Жылдыздарды жымыңдатып түнкүсүн,
Аскаларың илип алат чырактай.
Нур шимирген булактардын күлкүсүн,
Жула качып кетет шамал ыраакка.

Чачылгандан бооруна кат жаздырып,
Чокуларың сиңет көккө жебедей.
Тыным бербей бийиктигиң азгырып,
Бара берем өзүңө ашык немедей.

Кетилгенден ат туягы өр чапчып,
Чапчыма ашуу аткан конгон экенсиң.
Кылда учуңан көрсө болот азыр да,
Кыйры чексиз кең экенин Мекендин!

## ЧӨП ЧАБЫКТЫН ТҮНДӨРҮ

Ай шооласы суу үстүндө жылтырап,
Айдарымда айланкөчөк батперек.
Айлампаны бойлой аста шуулдап,
Арзуу ырын төгүп турат ак терек.

Жыты келип жапжаш көрпө беденин,
Жылга ичинен жылып чыгат чөмөлө.
Билген өңдүү түн керемет экенин,
«Бытпылдыгын» бүтпөй жатат бөдөнө.

Кандай укмуш чөп чабыктын түндөрү!
Каш кагышат аруу кыздар ай жүздүү.
Моймол көзүн жалжылдатса Муратка,
Асек издеп таппай жүрөт Айгүлдү.

Көгүш түндө ай шооласын чүмкөнүп,
Кулак төшөп жатсаң жапан дабышка.
Ак чатырлар жалаң жаштык жүктөнүп,
Ак кемедей сүзүп жөнөйт алыска.

Туралбастан бир тынымга байралып,
Түн кербени улай берет шыңгырын.
Жоолук таштап качкан кыздай айланып,
ойлор чуркайт.
Тегеренет ыр чыны...





* * *

## КАДЫР ТҮН

Бүгүн түн жарык өчпөйт тереземден,
Кайрадан кырчылдашам ыр – майданда.
Талкалайм мажес ойлор кошуунун бүт,
Баш урам албуут ойго Сыр-Дайрадай.

Дүйнөнүн а бурчунан бу бурчуна,
Чабыттап кетем дагы чалгынчыдай.
Сөз тилейм ушул түндөн алмаз миздүү,
Ыр тилейм миң өтүнүп кайырчыдай.

Ааламдын демин туюп жүрөк менен,
жүрөктөн өткөрө алсам аны кайра –
демек, мен ырдайм дешке акылуумун,
чыныгы ырды ыр деп таанып айра.

Чыныгы ырды ыр деп таанып айра,
Ырдоонун өзү жеңил иш эмесин
билем дечи,
ал үчүн билем жана
сөздөрдүн ачуум керек пешенесин.

... Бүгүн түн кырчылдашып ыр майданда,
Чыгарам болгонду бүт делебемде.
Жылдыздар боюн урат чырагданга,
Ай токтоп туруп калат терезде!..

* * *

Мелтирейт уч-кыйырсыз созулган жол,
Мөлтүрөйт чолок тамчы жүзүңдөгү.
Мен эми келечектин жаздарынан,
Жоготкон ырымды издейм күзүңдөгү.

Негедир жай таптырбай тынчымды алат,
Байыркы жомок-дүйнө түшкө кирип:
Казалдан көкүрөгү күйгөн дербиш,
Сүйүүдөн тентип өлгөн мажнун жигит.

Тажатты көр пенделик көйгөй турмуш,
Өмүрдүн актай кылып ыр тарабын.
Токточу, эрдик болуп жүрбөсүн бу,
Шамалдай эркин өмүр – селсаяктык!

Жол кыска – болгону ал төрөт үйдөн,
Өлгөндөр өлкөсүнө чейин жетет.
Канчага үлгүрө алам, канчага жок,
Бул санаа безилдетет, безилдетет.

...Ушундай ойлор болот күзүңдө бир,
Мындайда кеткен түзүк.
Саламат бол!
Мөлтүрөйт чолок тамчы жүзүңдөгү,
Мелтирейт уч кыйырсыз бир таман жол.





## МААНАЙ

Деги кызык бизде жазгы учур,
Күн заматта калды бүркөлүп.
Козуларын айдап короого,
Сакмалчы чал келет сүйлөнүп.

Чарт-чурт, жамгыр, шамал, дүңгүрөк...
Чагылгандар бийлеп аткансыйт.
Суутга айланып асман дүңгүрөп,
Жерге түшүп келе жаткансыйт.

Бирок токтоп жамгыр заматта,
Шүүдүрүмдөр чөптө жылтырайт.
Айлана аста көөшүп калат да,
Ак булуттар секин жыртылат.

Анан жарк деп күндүн нурлары,
Айдарым жел өтсө аймалап –
Чексиз-чексиз сунуп колуңду,
Көргүң келет күндү кармалап...

## КАРЫНДАШЫМ ТУРМУШКА ЧЫККАНЫН ЭШИТИП

Санаамды бөлөт бүгүн сапардагы,
Булуттар түрмөк- түрмөк бопбоз асман.
Кайдадыр алыстарга азгыргансыйт,
Бу куштар каалгый учуп бара жаткан.

Назданган шоокумунан дарыянын,
Төгүлөт дарактардын барик – жашы.
Сен эми кайда кеттиң бизди чанып,
Жүзүнөн нур төгүлгөн карындашым?

Сербеңдек беш көкүлүң сылай албай,
Эрбеңдек караанынды турам таппай.
Кантип бу чоочутпады чоочун айыл,
Кай жакка учуп кеттиң карлыгачтай?

Алыска-алыска учкан каркыралар,
Тартылган көрдүм бүгүн дептериңди.
Мен неге билбей калдым карындашым,
Сен качан, кантип бойго жеткениңди?

Санаамды бөлөт бүгүн саргарган күз,
Сан куштар бош аңызда конуп-учкан.
... Жапжалгыз келет курбуң – кошуна кыз,
Сен кеткен бир танабы коңултуктап.





* * *

Коштошуунун өкүнүчү жүрөктү,
тызылдатып турса дагы, көңүлдө
сенден такыр бөлүнбөстөй, ырдагым,
келип турат, шаарым, өзүң жөнүндө.

Шаарым өзүң бир адамга кемисең,
эч канчалык эмес дечи, ал эми
бир жүрөктөн бир бүтүндөй бир шаарды,
алып салуу кандай кыйын мага эми.

Ошентсем да шаарым сенден кетемин,
Келгин куштар мекенине кеткендей –
Бир жакшына элес алып жүрөктө,
Бир жакшына күү чертилип өткөндөй.

Баягыңдай күү-шаа түшүп жатарсың,
Мухит болуп толкуну айды чапчыган.
Сени ырдап калар да бир жаш акын,
Менден кыйын, менден күчтүү таңшыган.

Дал ортодон электрге байланып,
Троллейбус жолго чыгар таң эртең.
Сулайман тоо чөккөн нарга айланып,
Бирок такыр өчпөй калар каректен...

...Коштошуунун өкүнүчү жүрөктү
тызылдатып турса дагы, көңүлдө
сенден такыр бөлүнбөстөй сезилип,
ырдап турам шаарым өзүң жөнүндө.

* * *

Поезд – жебе, түнгө сайылып,
Үнсүз келем ээн тамбурда.
Жан дүйнөмдө арзуу жаңырып,
Жаап өтөт ойлор жамгырдай.

Жан дүйнөмдө арзуу жаңырып,
Тиктейм түндү, тоону, талааны.
Урат бетке суудай агылып,
Жапан чөлдүн жапан шамалы.

Жапан чөлдүн жапан шамалы,
Терезөмден өтсө дуулдап,
Кетким келди көзөп талааны,
Аргымакчан учуп шуулдап.

Жакшы дечи поезд ылдам да,
Сызат, сызат, тынбайт, дем албайт.
Ай талаада бирок ал мага,
Аргымактай эргүү бере албайт!

... Келем үнсүз ээн тамбурда,
Поезд барат түндө сайылып.
Жаап өтөт ойлор жамгырдай,
Айдың талаа...
Арзуу...
Жаңырык...





## ЖАШ СЕЛКИ

Элесиңди көрүп мөлтүр булактан,
Эмне күлдүң көзүңдөн нур чачырап?
Мындай бакыт келбейт башка убакта,
Мындай күлкү бир гана ирет чачылат.

Сулуулуктун, жаштыгыңдын назына,
бир аз, бир аз мас окшойсуң.
Жүзүңдө
балалыктын шоктугу бар азыраак,
көздөрүңдө ойнойт күлкү, күлүңдөө.

Артта калып балалыктын асманы,
жаштыкка аста үйүр тартып алдыртан
тургандайсың...
Көйнөгүңө ак шайы
тийип кетсе шамал күйөт жалбырттап.

Желпип өтсө ай жүзүңдү айдарым,
«Дүр-р» дей түшүп тула боюң жаш сулуу:
кылгырасың кылык күтүп жайдары,
кыткылыктайт булак болуп жаштыгың.

... Элесиңди көрүп мөлтүр булактан,
Эмне күлдүң көзүңдөн нур чачырап?
Мындай бакыт келбейт башка убакта,
Мындай күлкү бир гана ирет чачылат.

## КОРГОН-ТӨБӨ

Коргон-Төбө, коргондой тоолор курчап,
Коңгуроодой обонун суунун тыңшап.
Кымыз куйган чөйчөктөй жер экенсиң,
Жолоочуга сунулган келген суусап.

Көгүш түнүң койнуна ороп алып,
Сур булутуң тоо жакка секин жылат.
Суйкайган бир сүйкүмдүү жер экенсиң,
Сулуу кыздын ууртунда чуңкур сымал.

...Мен бир келген жолоочу ажарыңа,
Арзыганым турамын жашыра албай.
Кайыл элем калуугa мен өзүңдө,
Түбөлүккө суу бойлоп кайыңдардай...





## АТА-ЖУРТ ОРДУҢ АҢЫЛДАЙТ

Чар тарабын бөлөп жашылга,
Чаткал агат,
агат күрпүлдөп.
Жаз экөөбүз ойноп жашынмак,
Жандай басып көпкө жүрдүм мен.

Балдыраса балам сыяктуу,
Балдыр булак, ырчы чымчыгы.
тилин безеп...
Аста сылап тур,
Энем болуп эгиз чырпыгы.

Ата конуш...
Турам эркеп,
көөдөндө бук, көздө тамчы жаш.
- Келдиңби акыр...
Зекийт жел эрке,
Көкүрөгүм ойго жанчылат.

Сыртта жүрөм бирге тең болуп,
Бирөөдөн кем...
Өмүр агууда.
Жан-дүйнөмө өзүң кем болуп,
Ата-Журтум ордуң аңылдайт.

Чар тарабын бөлөп жашылга,
Чаткал дайра агат күрпүлдөп,
... Кыялымда ага бардым да,
Көпкө, көпкө, көпкө жүрдүм мен...

# ЭСКИ ҮЙДӨ УУЛУМА АЙТЫЛГАН БАЯН

Бардыгы тааныш:
угулган,
шоокуму суунун, аткана...
Качандыр барктап курулган,
Какжырайт эски чарпая.

Өчүрүп баскан изимди,
Көчүргөн мезгил шыбагын.
Ушул үй менин өз үйүм,
Билип ал муну, чырагым.

Береги жалгыз аяк жол,
Түгөнөт десем мектептен.
Түгөнбөйт экен. Аягы
Каякта?
... Издеп мен кеткем.

Жол түшүп уулум, мына эми,
Жолуктук.
Чынбы, жомокпу:
Чоң атаң салган бул үйгө,
Экөөбүз чоочун конокпуз...

... Шоокуму суунун угулган,
эски там чарбак, аткана –
бардыгы тааныш...
Чубурган
Ой эзет мени, жан балам!..





* * *

Буурул сакал бир карыя. Буурул ат
келет желип, ээрчий келет учкан чаң.
Зым жыгачта сасык үпүп кышылдап,
Жолду кесе чуркап өтөт чычкандар.

Саал кыйшайып абышканын калпагы,
Аны оңдоого тунжуроодон чолоо жок.
Кетти далай улуу кыштын ак кары,
Кетти далай күндөр күйүп алоолоп.

Эстеп не да, эстебей не өткөндү,
Акты жылдар дайрадай зоо жаңыртып.
Канча, канча кыйындыкты көз көрдү,
Көбүн жеңди, көбүнө өзү багынды.

Эстеп не да, эстебей не өткөндү,
Эми минтип калды эңкейип. Карылык
кубатты алды, мурдагыдан наяти,
көкүрөктө элес калды жаңырып.

... Зым жыгачта сасык үпүп кышылдап,
Жолду кесе чуркап өтөт чычкандар.
Буурул сакал бир карыя. Буурул ат
келет желип.
Аптап.
Талаа.
Учкан чаң...

## САНАРКОО

Бүгүн да күн бүркөлдү. Асмандагы,
Булуттар жашын төгүп ыйладыбы?
Атаке ай, канттиң экен оору бутуң,
Жаныңды бүгүн дагы кыйнадыбы?

Сен минчү буурул атты сугарганы,
Жетелеп чыкты бекен башка бирөө.
- Бечара, кантти экен?, - деп эки-үч кемпир,
Көргөнү келатабы биздин үйгө?

Энекем чайын демдеп, сары тоонуң,
Үстүнө жапты бекен чебеленип?
Чакыртып кошунанын кичүү кызын,
Бутуңду жатың бекен тебелетип?

Чыдатпай сыздай берип эски жарат,
Жадатып жаның койбой эски мүлдө...
Элестеп согуш дүйнө, бейпил дүйнө,
Жатабы аралашып көздөрүңдө?

... Бүгүн да күн бүркөлдү асмандагы,
булуттар жашын төгүп жатты бекен?
Санаамда сандаган ой, тынчсызлануу,
Атаке ай, кантиң экен, кантиң экен?..





## АТАМ ООРУП ЖАТАТ...

Үндөбөйт улуулар да,
Үндөбөйт кичүүлөр да,
Үнсүздүк үй ичине болуп кеткен.
Үшкүрүк...
Карылар да, жаштар дагы,
Капыстан шуу үшкүрчү толуп кеткен.

Үрпөйөт бурчка үйүлүп жалаң балдар,
Үңкүйөт Беймат чалдан тарагандар.
... Атам катуу ооруп жатат...

* * *

Бир жолу да ата-бала өңдөнүп,
сүйлөшпөппүз.
Эми өрттөнүп отурам.
Миң кайталап айтканда не өңгөнү,
Өлгөнүңдө сала албадым топурак.

Бармактайдан бөлөк өстүм.
Бөлөк боор
тартып сизди назарыма илбепмин.
Ала-Тоону мекеним деп жүрсөм да,
Аскалуу тоо не экенин билбепмин.

...Бизге дагы кепин кийер күн келер,
Түркүк болуп тура албайбыз ааламга.
Сизге канча жасай алдым ариет,
Эми ошону күтөмүн өз баламдан!..

## ООРУКАНАДА ЖАЗЫЛГАН ЫР

Зуулдап машиналар коюу түнгө,
Жарыгын сыр найзадай сайып өтөт.
Ырдашып кыз уландар,
карры күздү
Арылтып бир саамга санаасынан,
ырына, жаштыгына чайып өтөт.

Жалгыздап, топтолушуп,
Бажырап, мостоюшуп,
ар түркүн жандар өтөт.
Эрдемсип ээн жердин бөрүсүндөй,
Аскерге жөнөй турган балдар өтөт.

Бейтаптын пиялада чайы муздап,
Тунжурап чөгөт ойго ичип-ичпей:
- Бул өмүр – өтөр-кетер...
Ушул санаа
Сайылат мээге барып шприцтей!

Ичинен терезенин алакандай,
Көрүнөт аалам дагы алакандай...





* * *

Кана анда,
ырдаса бир ырдайлычы,
өзү да көптөн бери ырдайлекпиз.
Кошулуп башыбыз бир,
чер жазып сүйлөшө албай,
ар кимибиз ар кайда жалгыз сүйрөп,
көйгөйлүү арабасын көр оокаттын,
келебиз тердеп-кургап,
келебиз сырдаша албай.

Ой-ой-ой, курусунчу күнүмдүгүн,
биз ошол күнүмдүк деп чуркап жүрүп,
барабыз эрте карып!
Жеп барат баарыбызды – кайдыгерлик!
Жа десе түзүктөп бир көрүшүү жок –
Көчөнүн бул бетинен мен кыйкырам:
- Салам, Токо!
Көчөнүн ал бетинен сен кыйкырып:
- Салам, Саке!
Кайчы өтүп кете бермей.
Болгону ушу.
А кайда,
а түгүл кызга жазаган катын дагы,
кызынан мурда окуткан ынак достор?!.

Мезгилдин учкулдугу, а-ай,
мына эми жашы болсок алдыңкынын,
арттагы муундардын чалдарыбыз.
Кана анда,
ырдайлычы классташтар,
чоп-чо-оң эле кишилер ырдайбы деп,
делдейип таңыркасын балдарыбыз...

## СҮТАК ҮНҮ

Бака чардап, саратан жай чырылдап,
Бир ажайып болуп турат түн бүгүн.
Кыялымда: жылдыз жанып жымыңдап,
тиктеп үнсүз жатам боз үй түндүгүн.

Коюу түнбү, койнумдагы жарымбы,
Магдыратат айтор тыноо кагышы.
Аска учуна илинип ай жарымы,
Көлөкөлөр жылып кетет дабышсыз.

Жарык чуркайт ойдо-тоодо тызылдап,
Алыстагы машинадан агылган.
Жээк кара уй – Карадөөдөй бышылдап,
Түндү шашпай чайнап жатат сагыздай.

Жери түгөп картаң жагал эчкинин,
Боз үйдүн бир капшытына урунат.
Бейпилдиктин беденин дүр-р эттирип,
Буурул аттын бышкырганы угулат.

«Йа, Жараткан!.. Жаздым неден?..
Жаңылдым...»
кобур улайт атам күрс-күрс жөтөлүп.
Мүлдө адамзат динден безген айыбын,
Ал бечара жүрөт жалгыз көтөрүп.





Ал кобурду азга тыңшап жатам да,
Азгырылып кетем сүтак үнүнө.
Анан түпсүз кусалыкка батам да,
Тамандан ал төбөгө өтөт дүрүлдөп.

Таманымдан төбөгө өткөн дүрүлдөп,
Табамын деп ал кусанын айласын
Кеттим акыр.
Бирок таппай жүрөм мен,
Мени азгырган сүтак үнү кайдасың?

Сүтак, сүтак!
Жазда, жайда безенген,
Кайда житип кеттиң күздө кышында?
Күдөр үзүп эбак кетер элем мен,
Сайрабасаң жүрөгүмдүн тушунда...

... Тиктеп үнсүз ойгоо жатам мен эми,
Бишкектин бир жер тамынын түндүгүн.
Неге үлгүрүп, неге үлгүрө элегим
бүт эсептен,
каттап жатат түн бүгүн...

## ЖЫМЖЫРТ КАЙРЫК

Түндөп коркуп тар бөлмөгө камалган,
Жымжырттыкты сүйбөй турат кыртышым.
Жалбырактар жаап өтүп шамалга,
Жанып өчөт көктө күздүн жылдызы.

Жанып-өчкөн көктөгү күз жылдызы,
көкүрөктөн учуп чыгып качандыр –
көк мейкинге сиңип кеткен тымызын,
жаны болбо, бир көзү өткөн адамдын?

Канткен менен көктөгү күз жылдызы,
Тааныш мага бүт ырайың, пешенең.
Сыяктанып суу шылдыры, чөп ыры,
Катарымда жүргөндөйсүң кечээ эле.

Айтор көздөн жылуулугуң өчпөптүр,
Кандайчадыр муң сызылып жаш алам –
Же сен бир кез адам болуп өчкөнсүң.
Же мен бир кез жылдыз болуп жашагам!

… Ээн, жымжырт бул оор түн чыдатпай,
Эч нерсени сүйбөй турат кыртышым.
Өлүк чыккан үйгө койгон чырактай,
Бүлбүл жанат көктө күздүн жылдызы…





## ОМКОРУЛГАН ТЕРЕК

Жатасың кайран терек омкорулуп,
Даңкаат дүмүр-түбүң,
(Буйрук бу да…) –
шашылып бара жатып көмкөрөдөн
түшкөн семиз ашпоздун куйругундай.

Тостоёт бариктериң кургактагы,
Балыктын көзү болуп.
Сызгырат жай саратан, күн аптабы,
…. Жан-тениң барат соолуп.

Ушундай-ай жашоо деген,
ага сенин
асман тиреп турганың – сокур тыйын.
Мөөнөтү конок үйдүн бүткөн өңдүү,
Бүттүбү жашоо-саатың – бүтөт сыйың.

Келди эле ажал – шамал мына сен да,
өмүрдөн биротоло ажырадың.
Болгону бир ууч гана топуракты,
Чеңгелдеп жатат манжа – тамырларың.

Ушундай жашоо деген,
мына мен да,
Сени аяп турган менен көңүл чөгүп –
Ичер суу, көрөр күнүм түгөнсө эле,
Ордумдан күр-р дей түшөм сен өңдөнүп.

… Жатасың кайран терек омкорулуп,
Көңүлдө кирди-чыкты ой эленет:
Теректер аз болсо эгер омкорулган,
Адамдар узагыраак жашайт беле…

## АГЫМ

Көк шиберде чалкаңан карап жатсаң,
Булут эмес – кайдадыр агат асман.
Анан канда сызылып өмүр агат,
Сага арылбас тымызын санаа таштап.

Көз көрүнөө колуңдан чыга качкан,
Убакытка тыз этип көкүрөгүң –
Жаш кайыңдын баригин жула качкан,
Тентек желге аргасыз өкүнөсүң.

Чубап мезгил кербени кылкылдаган,
Көз алдыңдан ушинтип заман көчсө –
Сен өзүңдү сезесиң, миң жылдардан
бери жашап келаткан чалдай кексе.

Чалдай кексе капыстан түшүнөсүң,
Өмүр деген – экенин агуу деген.
Анан карп-курп чарпылып бүлүнөсүң,
Кантип акпай көз ирмем калуу керек?

Кантип акпай көз ирмем калуу керек?
Көөдөндү акыр көзөйт да ушул суроо:
Ошол жерден жан-тениң агып кетет,
Калат ээлеп ордун бир зор тунжуроо.

...Көк асманды бир ирмем жатсаң карап,
Булут эмес ушинтип санаа агат.
Баш көтөрсөң, буга не болду экен деп,
Бир эшекчен шок бала турат карап...





## СЫР

Демейкидей туман каптап Бишкекти,
Чүй көөлгүп калыбында жатканда –
Жан адамга сырымды айтпай, коштошпой,
Мен акырын кетип калам Чаткалга.

Мен акырын барам дагы Чаткалга
Тууган жердин суусун жутуп соңку ирет,
Катып калам боз дөбөгө айланып,
Аблетимдин аскасындай мелтиреп.

Менин ушул турушумда мелтиреп,
кандайдыр сыр бар экенин адамдар
туюк сезип,
бирок ал не билалбай,
өтөт күндөр, өтөт сансыз жыл-айлар,

Өтөт күндөр, өтөт сансыз жыл-айлар,
Асман толо жылдыз чыгып, ай жылат.
Менин сырым мына ошентип бир гана,
Чөптүн, суунун тили менен айтылат:

«Баарын көрүп,
көз тойгон соң жашоого,
Тирүүлүктүн куш экенин түшүнтүп,
Гений эмес, бирок чанда адамдар,
Өмүрүнө чекит коёт ушинтип...».

* * *

Ой таят түз кете албай чокулардан,
Мейкинге жетпей сынат көздүн курчу –
Чаткалда туу чокуда турсаң бир дем,
Ордунда өмүр жылбай турат тынчып...

Бүтүгүй көздөр менен бут дүйнөнү,
Бир сыйра карап турсаң Чыңгыз хандай –
Каныңда кыргыз каны дүргүп өтөт,
Кылкылдап тоолор көчөт кыргыздардай.

Бут аалам төөдөй чөгүп буттарыңа,
Тээ ылдый калып кеткен бардык чектер.
Сен жеткен бийиктикке жеткен эмес,
Буш менен Путин өңдүү президенттер.

Тоолордун чыгып алып учтарына,
Тиктесең дүйнөнүн бурч-бурчтарына –
Билесиң, кантип кыргыз аман калган,
Кошо учпай замандардын учканына.

Тоолордун чыгып алып чокусуна,
Окусаң бийиктиктин «окуусунан» –
Билесиң, кылымдар карс сынган кезде,
Кыргыздар калбаганын кокусунан.

Кыргыздар тоого курман чалган жанын,
Кызыл таш аска болгон – каткан жалын.
Андыктан, мен өлсөм да тоого айланып,
Каралдым, качан болсо – жаныңдамын!..

...Тоолордо бар касиет, чыксаң ага,
Көңүлүң алда нени жоктоп турат.
Чаткалда – кыл чокуда турсаң бир дем,
Ордунда өмүр жылбай токтоп турат!..

*2-февраль, 2004-жыл.*





* * *

Төртүнчү жыл. Январдын биринде,
Мен жашоонун жөнүн ойлоп олтурам.
Дагы бир жыл өтүп кетти билинбей,
Дагы бир жыл оодарылды ордунан...

Алды кубанч, арты өкүнүч бул дүйнө,
Өз жолунда бара жатат айланып –
Ким түркүгү болмок эле ааламдын,
Ким өмүргө калмак эле байланып?

Жашооң түшкүр, жаралганың – топурак,
Кайра кайтып барар жагың – топурак.
Кызык өмүр, кызыл жылдар ичинде,
Менин кырк беш жашым кетти топурап.

Өмүр өттү, өкүнгөнүм деле жок,
Ойго гана түшүп турат арденке –
Кырк беш жылдык жашоо дагы болобу,
Кырк беш жылдык насип алда бар бекен?..

Мезгил менен мейкиндикте калкылдап,
Биз – тирүүлөр, сүзгөн кеме элебиз.
Кези келди – жашап жүрдүк жаркылдап,
Кези келсе – кайтып кете беребиз.

Не бир шумдук айла-амалды колдонуп,
Эч ким жанын өлбөс кылып коё албайт.
Биз жашоону таза өткөрсөк болгону,
Таза өмүргө өлүм чекит боло албайт!..

... Кайрылат күз. Кайрылат кыш. Айланып
жаз кайрылат жалбырагы дирилдеп.
Мен ойлорго калдым бир аз байланып,
Төртүнчү жыл, январдын биринде...

*1-январь, 2004-жыл.*

## МЕН

Үтүктөлгөн костюм-шымдын ичинде,
Жашаганга көнө албадым зыңкыйып.
Сыйбай калып бир жеримен жобого,
Ички дүйнөм турат үнсүз кыйкырып.

Олтуралбайм галстукка байланып,
Кабинетке камалбаган жан дүйнөм.
Мен ойлорду бүркүт сыңар айланып,
Тээ бийикте жашаганга көндүргөм.

Батинкедей жалтылдата сүртүлгөн,
Жалган сулуу, жалган сүрдүү мырзалар!
Мен таңкалам бир мезгилдин ичинде,
Каткырып да, кайгырып да турсаңар.

Бир мезгилде ыйлай алган, күлө алган,
Бир мезгилде жаман көргөн, сүйө алган.
Бир мезгилде буйрук берсе керсейип,
Бир мезгилде жаш баладай тил алган

"жөндөмүңөр" мага батпай, сыйышпай,
ичтен сызып болуп жүрсөм кусадар –
бир мүнөзү турган дайым чыгышпай,
менден деле тажадыңар мырзалар!..

Мен таң калам: күйпөлөктөп күн өтүп,
болгон жигер, өмүрлөрдү түгөтүп –
деги эмнеге жетиштиңер силер бу?
Бул дүйнөнүн кай тешигин бүтөдүң?..

... Биздин болгон айырмабыз ушунда,
силер калып азыркынын тушунда –
мен силердин араңарда олтуруп,
ой жөнөтөм жүз жыл соңку учурга!..

*18-февраль, 2003-жыл.*





* * *

Жалал-Абад. Базар. Кеч бешим.
Жайылган товар артында –
Жайнагүл деген аял бар,
Аял бар жүрөр жаркылдап.

Королуп өмүр тыйындай,
Сатылды майда буюмдай –
Жанга уруп жанын жүргөндө,
Жаштык кез өттү туюлбай.

Соксоюп эми олтурат,
Соодасы болбой түгөнгүр.
Сомго сом улайм деп жүрүп,
Соолуду чиркин бир өмүр.

Сыласа болбой салаалап,
Саамайдан ак тал агарат.
Санаа бар...
Саман акча бар...
Сатылса өмүр алалат...

Жылдырып күндөр теспесин,
Жылууда көздөй эртесин.
Жайнагүл жалгыз олтурат,
Жалал-Абад...
Базар...
Кеч бешим...

*31-март, 2003 -жыл*

* * *

Шаарлардын шайкелең, чоёктогон,
Сулуулугун жасалма тоготпогом.
Мага кымбат айылдар, табигый бир,
Байланышын жер менен жоготпогон.

Жакшы көрөм айылды жайдаңдаган,
Майдалыкка тирлиги байланбаган.
Тоо – коргондун койнунда адам эмес,
Торпогу да беймарал тайраңдаган.

Мына ушул үркөрдөй айыл жаткан,
Өмүрүндө эмес эч чайын саткан.
Жүзүн үйрүп чоң Кокон кеткен кезде,
Полот ханды батырып байырлаткан.

Бу тоолордун койну сыр, ташы дастан,
Кезегинде жер түгүл тарып асман –
Султан Бабур сүрүлүп келип мында,
Самарканга батпаган башын каткан.

Камгак болуп айдалып канча тагдыр,
Кайберендей камалган аскалар бул –
Калыбында жатпайбы жылкы багып,
Кан Шералы чокоюн жырткан адыр.

Азыр деле сар изин куубай пулдун,
Жокко чыдап айылдар, кайыл – барга.
Ылайланган шаардан качып кетип,
Ыйман жашайт алыскы айылдарда.
Адамдыкты андыктан издесеңер,
Айылдарга баргыла, айылдарга!?.

*10-май, 2003-жыл.*





* * *

Жаш кезден келип шаарыңа,
Көнгөндөй болдум баарына.
Үркүнчөк болбой үйралдым,
Бош элем кыйла чыйралдым.
Тишимдин кирин соргомун,
Тиригарак болгомун.
Чылымдан түтүн үйлөдүм,
Чырактай кызың сүйгөмүн.
Гезитке чыктым бакыйып,
Айлыгым күттүм акыйып.
Теледе жүрдүм ыр окуп,
Базарда жүрдүм «сыр окуп».
Министр менен кофе ичтим,
Селсаяк менен вино ичтим.
Аз эмес эле билимим,
Азабын тарттым тилимин.
Атактууларга жанаштым,
Атайлап кайра адаштым.
Артисттер менен өбүштүм,
Алкаштар менен сөгүштүм.
Китептей окуп бүтүрдүм,
Шаарыңды толук түшүндүм!..
...Ар иштин болот ченеми,
Азгырба шаарым сен эми.
Чагылган издеп көздөрдөн,
Чаткалга кетем мен эми...

*3-май, 2003-жыл.*

* * *

Жалал-Абадда нерсе жоктой оң турган,
Жашоону бүт ким чектөөгө толтурган?
Жа дегенде түз кеталбайт тасма жол,
Жарым жолдон кайчыланып олтурган.

Мобу жерде сүйлөп болбойт бакылдап,
Андан бетер мүмкүн эмес ырдашка –
Эркиндикке барар белек жакындап,
Ээн койсок биз ойлорду тыйбастан.

Курч ойлор бүт катылып ич-сандыкта,
Коркок билиш кепти гана сүйлөдүк –
Жамандыктан мүрзө казып жатып да,
Жылмайганды качан алдык үйрөнүп?

Жашообузга толуп кетип жасалма
мамилелер,
кыжырды бир келтирет –
жамандыкты бизде күлүп жасайт да,
жакшылыкты күлүп туруп өлтүрөт...

...Жашообузда нерсе жоктой оң турган,
Жашоону ким чектөөлөргө толтурган?
Жаша, чымчык, дал түрмөнүн үстүндө,
Чектөөлөрдүн көзүн чокуп олтурган!..

*24-август, 2004-жыл. Жалал-Абад.*





## ПРЕЗИДЕНТТИН ПОРТРЕТИНЕН УЛАМ ЧЫККАН ЫР

Илинген бул портрет – убактылуу!
Төр жагын бүтүн ээлеп жыйын залдын
кашкайган,
ушул баштын ар жагына,
катылган башы не бир кыйындардын.

«Акаев» деп аталган бул сүрөттү
ала койсоң,
артынан чыга келип:
сүйлөп кире тургансыйт – М. Горбачев,
сүйлөп кире тургансыйт – В. И. Ленин...

Сталиндин муштөгү, мурут чыгат,
Н. Хрущев үстөлдү уруп чыгат.
Брежневдин сүйлөшкө тили келбей,
Андропов заманаң кууруп чыгат.

Раззаков кыргыз деп сайрап чыгат,
Кийинкилер ага тиш кайрап чыгат.
Маскөө жак эмне дейт болду экен деп,
Масалиев акырын жайлап чыгат...

...Айтор карап отурсаң бул сүрөттү,
Учкулдугу мезгилдин билинет миң –
Адамзаада агылып барат кайда,
Акаевдин ордуна илинет ким?..

*10. 06. 2004. Жалал-Абад шаары*

## УГУЛСУН ЭМИ ЖАЛАҢ ЖАКШЫЛЫГЫҢ,

*же Аксы окуясына акындык парасат*

Болбосун кайсы заман, кайсы кылым,
Бир көргөн жамандыгын, жакшылыгын –
Аблетимди айланган бир эле журт,
Бир элбиз чаткалдыгың, аксылыгың.

Жайындасы жайлоолоп Чаткалга ашса,
Кышындасы кыштоолоп Аксыга ашкан –
Ээн жаткан эндекей эл элек бир,
Эгин баккан, мал баккан, бала баккан.

Өткөн жылы… Оозуңдан келмең түшүп,
Ойлой келсең таппайсың жан аргаңды –
Баткенде эмес, от күйгөн Ооганда эмес,
Боспиекте окко учуп балдар калды…

Талаа-түздө суук сөз жортуп турду,
Деңиз болуп кайран эл толкуп турду –
Прокурордун чачтары типтик болуп,
Губернатор бара албай коркуп турду.

Азимбегим, деп журтум Азимбегим,
Ак жеринен күйөт деп безилдедиң.
Улук чыкма чоңдорго улуу журтту,
Уйпалашка болбосун далилдедиң!?.

Кашкөйлүгү, кыргыздын өжөрлүгү,
Кандан, бектен тартпашы – баары дайын.
Кайталаган как ошол жөрөлгөнү,
Кайратыңдан кайран эл – кагылайын!..

Кайран элим, кашкайта далилдедиң,
Кыргыз күчкө эч качан баш ийбесин!





Кыргыз эгер ийилсе – сөзгө ийилип,
Кыргыз кепке ийитсе – ийигерин!..

Кеп жүйөсүн андыктан болжойлучу,
Кызуу кандуу көп эле болбойлучу –
Кыжылдашып кетерден бир аз мурун,
Кыргыз кантет эртең деп ойлойлучу.

Пистолеттей кадалып бешенеге,
Тыным бербей бир суроо келет неге:
- Азимбекти алпкалыш үчүн сөзсүз,
Алты бала атылыш керек беле?..

Апаат болгон алтоонун артта калган,
Эртең эле эр жетип жетимдери:
- Атам кайда?,- десе биз уялбастан,
- Азимбек деп атылган! - дейбизби эми.

Көкүрөктө ой сүзөт кайык болуп,
Бирде бар да, бирде жок кайып болуп –
Тирешкендир типтирүү жүрөт мына,
Илешкендер өлүштү майып болуп.

Беттешкенсип бир бетпак душман менен,
Өз балдарың өзүңдү атпадыбы.
Бектер бийлик талашып тирешти эле,
Бечаралар бөөдө өлүм таппадыбы?..

Кара баскан ал күнү калың элди,
Укугуңду коргойм деп удургуткан,
«Укукчубуз» эч нерсе болгону жок,
Ууну жуткан бөлөктөр, ууну жуткан…

Азимбегим, деп журтум Азимбегим,
Ак жеринен күйөт деп безилдедиң.
Алты бала ажалга кетти мына,
Акысына не кылат Азимбегиң?

«Кабар кылба, Аксыны удургутпа! -
деген гана кеп айтып: - Белди бек буу!»
Кыңк этпестен ажалга кете берген,
Кайран Нүзүп бий эмес – Азимбек бул.

«Кыпчагыма тийбе да, мага десең,
Бышырып же мени»,- деп өзү келген –
Азимбекти ордуна элестетсек,
Мусулманкул миңбашы эмес экен.

Азимбекти койчу эми бир депутат,
Арабызда бар экен, жүрсө жүрөт –
Дейин десең өз элин аткандарга,
Кантип колу барды деп, ичиң күйөт...

Чалагайым иш кылып, кан төгүүгө,
Жол бергендер жүрүшөт бултакташып –
Арга канча, ажалга кеткендердин,
Арбактары аларды уктатпасын!?.

...Айтор, журтум, мындай иш болбойт экен,
Акыл-эске салбаган оңбойт экен –
«Калкым», «Калкым» – дегендер күч келгенде,
Кара жанын гана эле ойлойт экен.

Башка түшсө, не чара – көнөт экен,
Бешенеге жазганды көрөт экен –
Бектер бийлик талашып каршылашса,
Бечаралар бейажал өлөт экен!?.

Айланайын, өз журтум, аксылыгым,
Чыксын эми бир гана жакшылыгың.
Жериңердин эл билет сулуулугун,
Билсин эми ичиңдин жылуулугун!..

*26-январь, 2003-жыл. Жалал-Абад.*





# Бала-дүйнө

* * *

Сен керсейме пейлиңди унуткаргын,
үстү менен чуркайбыз булуттардын,
көгүш көлдүн бетинде жылтылдаган,
чогултабыз шооланын сыныктарын.

Үнүн угуп унчукпас балыктардын,
тилин билген чөптөрдүн, көпөлөктүн –
балдар оңой сүйлөшүп, ойноп кетмек,
башкартышса согушчан өлкөлөрдү.

Алпарайын балдардын дүйнөсүнө,
алда качан сен өткөн, эстебеген –
кайт жолуңдан олжо издеп, мансап кууп,
кара жандын камында кете берген.

Бар байлыгың чогултуп бир баштыкка,
Эр Төштүктүн жанындай көмүп келгин.
Балдар менен өзүңдү салыштыр да,
Биз канчалык булгандык – көрүп келгин...

*14. 05. 03. Жалал-Абад.*





* * *

Таш карматсаң тартынбай салат тишин,
бомбанын да аңтарып карайт ичин –
балдардын бул бейкүнөө кызыгуусу,
бүт турмуштун айланткан кармайт күчүн.

Кимге жашоо суз болсо, ал өмүргө,
жаш баладай кызыкпай калган болот –
чоңдор төшүн калп эле керген менен,
жашоону алга жылдырган балдар болот.
Ошондуктан балдардын ааламына,
ою таза эместер барбагыла –
ойноп жүрүп келечек жасайт балдар,
оңдоймун деп ойрондоп албагыла!..

*25. 05. 03. Жалал-Абад.*

* * *

Бакырайган көзүндө бакырайган,
батып куса, батып ой, батып арман –
бада жайган бул бала жан дилине,
бүт ааламдын кайгысын катып алган...

Кыялы учкул балалык турбай көпкө,
эшек минип баратып учат көктө,
үй кайтарып олтуруп көлдө сүзөт,
кылыч – чыбык кыйратып, сулайт чөптөр –
көр оокаттын көнсө да ал көп жагына,
көнбөй жүрөт атасыз деген кепке...

...Ойдогусун шар айтпай тайып турат,
от дүйнөсүн жетимдик кайыктырат –
ойлор менен атасын тирилтет ал,
ооруп жаткан апасын айыктырат...

*8-июнь, 2003-жыл*

* * *

- Атаң арак ичеби, дагы деле?,-
деген суроо тепчилип тикенектей –
чымчык болуп чырылдайт бала дүйнө,
чындык башты шылкыйтат тикелетпей...

Эх, энөөлүк, чоңдордун энөөлүгү,
атасы үчүн жаш бала күнөлүүбү –
сурап коюп беймарал кетип калдың,
суу боюнда шылкыйып бала жүрдү...

*8-июнь, 2003-жыл*





## БАЛА – ААЛАМ

Узун чачтуу кыз болот карындашым,
Узун-Жардан гүлкайыр терип кайтам –
гүлкайырлуу суу менен жууса чачын,
узун болот кыздын деп апам айткан.

Кумайыкты карасаң, эси жок да,
куйругуна жете албай чимирилет,
Кулактарын делдейтип аткулактай,
кула торпок аштоого имерилет.

Аккуладай жүрүшү, ойноктошу,
ат болот бейм жараган ала тайым.
Ат-Жайлоонун шамалы сылап өтсө,
аалам чабат жалбырак – алаканын.

Узун-Жарбы, ал деген упузун жар,
учат шапкең тиктесең жардын башын –
гүлкайырды көп кылып терип берем,
гүлкайырдай кыз болот карындашым!..

*1986-жыл*

* * *

- Балдар!
- Балдар!
Көлмөнү карасаңар,
кыздар жүрөт ойношуп, чөмүлүшүп –
жүргүлө бүт, биз дагы көлгө барып,
балык болуп ойнойбуз көмүлүшүп.
Бойду таштап дайранын коюнуна,
кошулабыз кыздардын оюнуна –
кыздар кокус кошпостон түрчүңдөсө,
куртту салып качабыз моюнуна...

*08. 06. 2003. Жалал-Абад.*

* * *

Брюс Лидей мушташат кастар менен,
Марадонна өңдөнүп тебет топту –
«Титанике» чайпалып барат ана,
Айсбергдер – калдайган колот-кокту.
Самолетту башкарып сур булуттун,
үстү менен кайдадыр барат калкып.
Тайсонду уруп жыкты эле нокаутка,
таңыркашып дүйнөнүн карайт калкы.
Сайдын ичин жаңыртып жалгыз өзү,
Саякбайдай күпүлдөйт Манас айтып...
...Жапма салып эшекке минген бала,
жайлоодогу үйүнө барат кайтып.

*08. 06. 2003*

## БАЛАНЫ ТАЙ ТЕПКЕНДЕГИ ЫР

Чунак бала, катыгүн, чунак бала,
чычкандайдан жылкыга ынак бала –
кайсы көрдөн бул тайга бара калдың,
карс тептирип...
жатасың сулап гана.

Камбар-Ата насилин тай далилдеп,
бала аныктап нак кыргыз экендигин –
эки бирдей эркиндик тил таппаса,
билбей калды от жанып кетерлигин!..

...Капылеттен жаш бала майып болуп,
кароосу жок калганы айып болуп –
Камбар-Ата кондуруп канатына,
кай жаккадыр кетти эми ал кайып болуп...

*10. 06. 2003.*





# Сүйүүнүн саргыч дептери

## НАЗИК ШЫБЫРЛАР

Экөөбүздө назик шыбырлар,
Жымжырттыкты бузуп түндөгү.
Жоголгонсуп барат аз-аздан,
Дирилдөө да улам үндөгү.

Жүрөктөрдүн үнсүз сүйлөшкөн,
Сезүү бакыт – назик шыбырын!
Каректерден сүйүү чачырап,
Бийлеп барат бизди тымызын.

Ушул түнү ууз сырлардан,
Сүйүү аттуу кеме жараттык.
Эриндердей ысык дил менен,
Таңды утурлап сүзүп бараттык.

* * *

Көзүң неге шоола чачат мынчалык,
Жылдыздарга үйүң жакын үчүнбү?
Көлдүн бетин тиктей берип ырдашың,
Бушаймандуу ойго мени түшүрдү.

Толкун чачың сыдырымга желбиреп,
Чычкан суусун балким жалгыз кечерсиң.
Бүлдүркөндөй эриндериң бөрсөйүп,
Сен да өзүңчө жароокер кыз экенсиң.

Жазылбаптыр экөөбүзгө бир жашоо,
Бойдон калчы менин сырым түйбаган.
А мен болсо тереңирээк катайын,
Сөздөрүмдү жүрөк болуп түйлаган.





* * *

Канча жыл билбей калып дарегимди,
Кайырсыз күндөрүңдөн арга болбой.
Жаш чайып алда бир күн карегиңди,
Калдыңбы кайгың менен Ала-Тоодой?

Бөлмөңө ээн, жымжырт батындырбай,
Азгырып алып кетип көгүш күүгүм.
Жатталып көңүлүңдө атым тынбай,
Эркине көнбөдүңбү көнүмүштүн?

Балыктай төшөгүңдө туйлаттырып,
Аздырып өңүңдү да кечээгиден.
Тагдырга наалат айтып ыйлаттырып,
Түшүңө кирдим бекен эчен ирет.

Күтүүдөн, эскерүүдөн чарчап акыр,
Сүйүүңдүн ордун басып кайдыгерлик.
Үмүттөн күдөрүңдү үзүп такыр,
Калдыңбы жанга айланып кайдигер бир?

Калсаң сен кайдыгер бир жанга айланып,
Сүйүүбүз кайып болуп кетти демек!
...Негедир ич тызылдап карегимде,
өткөндөр, азыркылар тегеренет...

* * *

Күндүн көзү жалтанар күндүн көзү,
Келбетиңден нурданып күйүп жанган.
Кимдин гана болосуң күлмүң көзү,
Кимдин жары болсуң сүйүп алган?

Жан экенсиң сүйкүмдүү, жылдызы ысык,
Көпөлөктөй үлбүрөп эриндериң.
Кимдер сени сүйбөсүн жылдызы ысып,
Ким болгусу келбесин периштелүү?

Ыйбаа күтүп, баа берип ар кыймылга,
Үн катканың көк көлдүн перисиндей.
Далай сөзгө болсом да бышы кулак,
Укпагансыйм ширин сөз сеникиндей.

Бул өмүрдө бар үчүн сендей сулуу,
Сендей асыл бар үчүн жарыктыкта.
Сүйүүнү ырдап түбөлүк кеткиң келет,
Кеткиң келет ыр болуп жарыктыктан!





* * *

Алп тоолорго музыка ойноп,
Агат Чаткал дайрасы.
Зейнеп үнүн коштоп кетет:
- Кайда-а, Күкүк, кайдасың?..

Күңүрттөнүп дайра бети,
Ай негедир кечикти.
Жылдыз бирден кулай берип,
Сууга батпай кетишти.

Балыктарда бейтынч кыймыл,
Түн бийлиги узарып.
Жалбырактар ырдайт бакта,
Күтүү гимнин кусалуу.

- Келчи, асылкеч, тоонун кызы,
Күтөм сени муңайып.
Сүйүүм суудай улуу болсун,
Суу жээгинен сунайын.

* * *

Мен дагы эле жатам ишенбей,
Сен чын эле менден кеттиңби?
Элесимде бар да, менде жок,
Ушул караан чындап сенсиңби?

Унуттуңбу түркүн ой козгоп,
Узатылган таттуу кечтерди?
Алыкулдун окуп сүйүүсүн,
Ыйлай жаздап турчу кездерди.

Сыртка чыкпай миң бир толгонуум,
Ичтен тутөп сүйгөм мен сени.
Же ошонум болуп ишеничсиз,
Башка ойго алып кеткенби?

Ушул өңдүү ойлор жетелеп,
Кээде ызалык бийлейт сезимди.
Бирок дале жатам ишенбей,
Сен чын эле менден кеттиңби?..





* * *

Учур болот ушундай бир берилген,
Чоло койбой өөп чыгып бетиңден –
Алда нени айтайын деп айта албай,
Үн-сөзү жок күйүп турат эриндер.

Сен аялдык кумарыңды бүт төгүп,
Мен эркектик сезимимди жеңе албай –
Экөөбүз тең ээрип турган бу кездин,
Кереметин эч ким биздей сезе албайт.

Билесиңби, билбейсиңби – эркектер,
өзүнө бүт мээри түшкөн аялзат,
башка эч кимге төгүлбөсүн билсе эгер
жана эч кимге жарк этпесин сезе алса –
тоготпостон тосуп коёт тозокту,
ойлонбостон кече да алат өмүрдөн,
демек бүткүл жер шаарынын тагдыры,
Жаным, сенин жалжылдаган көзүңдө!

* * *

Бөксөсү көп бир өмүрдүн сырларын,
Айтып эмне айтпай эмне өзүңө.
Жылуу илеп жылып кеткен жылдарым,
Жылт эткенсийт жылдыздардын көзүнөн.

Жыла басып бак ичинен аярдап,
Тааныш караан терезеңден үңүлбөйт.
Төгүп-чачып алган сөздү даярдап,
айтпайм эми. Кан толкубайт дүрүлдөп.

Тааныштардын көз отуна урунбай,
Талааларда кыналыша баспайбыз.
Аруу түндө күмүш күлкүң угулбайт,
Ай төгүлгөн бедезарды чайпалтып.

Аптыктырган тун сүйүүнүн илеби,
Ал бир укмуш учур болчу бактылуу.
Экөөбүзгө өксүк, санаа калтырып,
Өтүп кетти, ал кез өмүр аркылуу.

...Айтып эмне, айтпай эмне өзүңө,
Бөксөөсү көп бир өмүрдүн сырларын.
Жалт-жулт этип жылдардын тээ төрүнөн,
Жанат бүгүн жаш кезектин ырлары!





* * *

Боз уландык ойлорума бап келген,
Оюнкарак, тентек болчу мүнөзүң.
Түндү сүйгөм бизге бакыт апкелген,
Жылдыз нурун көздөрүмө түнөтүп.

Чогуу басып чолок жымжырт көчөдөн,
Чоочун көздөн чоочуркабай өткөнбүз.
Чоктой ысып турат дале көөдөндө,
Чоп эттире алма беттен өпкөн күн.

Туз, насиби бөлөк экен тагдырдын,
Жолугушпас жолдор менен жол улап
кете бердик. Илебиндей тандырдын
ысык кездин алигече деми урат.

Эми көрчү, биздин көңүл–талаада,
Гүлдөр соолуп, тоскоолдуктар урагыс.
Тууганлардан бөлөк өскөн баладай,
Окчун тартып кошула албай турабыз.

Каниет-ов, кантсе дагы тагдырга,
Кезиктирген жөргөмүштүн торундай
быт-чыт жолдо. Ай сыңары жаңырган
алыскы учур туйлап турат колумда...

* * *

Жалжылдатпа көздөрүңдү бекерге,
Анын эбак көнүмүшкө айланган.
Жарытылуу сөз да чыкпайт кетерде,
Кош бол эми, жип үзүлөт байланган.

Жок, сен такыр жан эмессиң мен күткөн,
Болсоң дагы сулуу, назик, айыпсыз.
Ошондуктан түтүн тарап түндүктөн,
Жок болгондой, жок боломун дайынсыз.

Билесиңби, жакыр болсо жан дүйнөң,
Оопа болбойт сулуулугуң, жамалың.
Далилдейм деп бул жөнөкөй чындыкты,
Мен коштошуп кетип бара жатамын.

Сени билбейм, мен өзүмө капамын,
Да бир ирет сулуулукка алданып.
Да бир ирет жолго чыгып жатамын,
Көтөрөм деп турмуш башка салганын.

Кеп ушундай. Капаланба, а көрөк
көзгө тике карашалы кетерде.
...Жамалыңа жалындатып алдаба,
Жалжылдатпа көздөрүңдү бекерге!..





## ТҮН ЖАНА КҮЗ

Теребелде түн жана күз,
Ойлор учат жалбырактай.
Кайда бир кез мен сүйгөн кыз,
Кабар айтчы жалдыратпай?!.

Сырын түгөл желге айтып,
Сыздайт гитар,
сыздабайт күз.
Мага кусам келет кайтып,
Биз гитарды тыңшабайбыз.

Калдайган бир кеме сымак,
Калаа үргүлөйт,
чөгөм ойго.
Кургак бутак кырс деп сынат,
Кусалыгым жүрөт ойгоо.

Укпаганга койбой арбап,
Күчөйт гитар,
түтөйт арман:
«Сүйгөм, бирок жетпей калгам,
Сүйгөм, бирок жетпей калгам...»

...Кабар айтчы жалдыратпай,
Кай жактасың мен сүйгөн кыз?
Учат ойлор жалбырактай,
Терезе́мде түн жана күз...

* * *

Кеттиң жөнөп күүгүм талаш айылдан,
Кеч күздүн эң соңку келгин кушундай.
Көк жоолугуң булут болуп жайылган,
Көздөрүмө калды сиңип. Ушундай

кетериңди көптөн сезип, алдыртан
мен даярдап алсам дагы өзүмдү,
бала өңдөнүп оюнчугун алдырган,
буулугуудан түтөп турдум...
Көзүмдү

албай сени ала качып бараткан,
автобустун үзүлгөнчө караануы
турдум карап.
Сен жөнөгөн тараптан
согуп турду күздүн муздак шамалы...

...Ошол түнү тизе бою жаады кар...





## БИР СҮЙҮҮНҮН КҮНДӨЛҮГҮ

### 1

Сүйкүмдүү кеч, сулуу түндө,
Кыял чертип олтуруп.
Сени акырын уурдап алам,
Көздөрүмө толтуруп.

Сени өзүңдөн уурдап алып,
Тиктейм сугум артыла.
Сен канчалык сүйкүмдүүсүң,
Назик дагы татына.

Сага жетпей түнгө сиңип,
Кетет менин ойлорум.
Жолукканда көзүмдү албай,
Тиктеп өтөм болгону.

### 2

Чөп чабык. Жай. Келди дешти,
Комсомолдук бригада.
Кеч киргенде чыгып бардым,
Өзүңдү эңсеп бир гана.

Ай төгүлөт теректердин,
Бермет болуп учтары.
Жапырт ойноп жатыпсыңар,
«Жаш толкундун» кыздары.

Көздөрүң сыр жашыргансыйт,
Кирпиктериң ирмеле.
Көксөөгө жык обон менен,
Көп ырдадың эмнеге?

Секелектей сезимтал кыз,
Сездиң бекен сырымды?
... Четте турам мен өзүмчө,
Чеккен болуп чылымды.

### 3

Чакан клуб. Чакан концерт,
Кезек жетип бийге эми.
Сен негедир бир башкача,
Эргүү менен бийледиң.

Жай каалгып, чимирилип,
Комуз күүгө келгендей.
Бийлеп кирдиң сен эч кимден,
Кысынбай да ийменбей.

Каалгыган канат болуп,
Кең жайылып колдоруң.
Кайдадыр бир алыстыкка,
Кетип калат окшойсуң.

Кайдадыр бир алыстыкка,
Ким бирөө сен сагынган.
Бар окшойт ээ? Болбосо бул,
Эргүү кайдан алынган?





### 4

Түн караңгы. Оюмда – сен,
Түндөй көөнүм караңгы.
Байкоосуздан бак ичинен,
Байкап калдым карааңды.

... Жигит менен турупсуң сен,
Саамай чачың желге ойноп.
Көрүнбөстөн сага акырын,
Кетип калдым суу бойлоп...

*1983-жыл*

* * *

- А сен жакшы кыз экенсиң...
Бул сөздү,
кош айтышып жатып араң айттым да,
жөнөп кеттим. Көз уялтып таксиден,
Бишкектин сан чырактары жалтылдайт.

Келем ойлуу.
Туйлайт балык өңдөнүп,
Көкүрөктө калган сөздөр айтылбай.
Көздөрүмө коно калып көздөрүң,
Элесимде бүт турпатың калкылдайт.

Жаздай жаркын кыз экенсиң белгилеп,
Жан дүйнөмдө калды жылуу бир илеп.
Мен ишенем:
ушул сезим өчпөсө,
качандыр бир жолдорубуз биригет.

...А сен жакшы кыз экенсиң чын эле...

## КҮЙГӨН [1]

*Чилги бышкан жүзүмдөй,*
*Мөлтүрөйсүң сулувум.*
*Сен бирөөнү күйгүзүп,*
*Өлтүрөсүң сулувум.*

*(Элден)*

Көңүлүм көптү сүйсө да,
Бир сени сүйдүм жүрөктөн.
Жүз жылы жашайт keминде,
Жүзүңөн шоолам бир өпкөн!

Адамдан секет чыгарбы,
Акылды сенче козгогон.
Так эми мына ынандым,
Тариэл неге боздогон?

Урунса көзгө көздөрүң,
Унутуп баарын... өзгөмүн.
Билип кой, сага жетпесем,
Бир өмүр жаным бөксөмүн.

Сүйгүзгөн болсо сенчелик,
Сүйгөн жан болсо менчелик.
Боздотпой ушул өмүрдө,
Болсоңчу мага тең шерик.

Бул сөздү айттым ынагым,
Тилимен эмес, дилимен –
Бу дүйнө кокус жетпесем,
О дүйнө барып биригем!..

[2] 1-вариант, оңдолгон вариантына белгилүү обончу А. Бедияров "Сүйүү-арман" деген ат менен обон чыгарган





* * *

Менин бир адатым бар:
Бала кезден
кеч күздө куштар кайтып жатса, демек,
кайрадан жүз көрүшпөй каламбы деп,
өзүмчө муун-жүүнүм бошой берет.

А бүгүн жай саратан,
Куштар эмес,
Лайнерлер сызат күндү жанып өтүп.
Бирок мен бошоп турам, жан дүйнөмдө,
Жаркылдайт чагылгандар жанып-өчүп...

... Сен бүгүн учуп кеттиң...

* * *

*Ни с тобою,*
*ни без тебя жить не могу.*
*(Овидий).*

Уйпаланып жаздыгың кош тараптан,
Уктай албай чыгасың сен бул түнү.
Уйку-соодо эми төнүп баратсаң,
Угасың да, селт этесиң күлкүмү.

Көзүңдү ачсаң – өз үй, өлөң төшөгүң,
Жумсаң эле мен турамын калдайып.
Камынсаң да уктамакка көшөрүп,
Кайра болбой келет ойлор кайдагы.

Так ушинтип миң түйшөлүп атат таң,
Анан шашып жөнөй берип ишиңе –
Автобуста чала үргүлөп баратсаң,
Өчөшкөнсүп дагы кирем түшүңө...

* * *

Айтылбас сырыңды окуйм көздөрүңдөн,
Туямын эч ким туйбас жагың дагы.
Канча жыл үмүт үзбөй, өзгөрүлбөй,
Бир болсо – сенсиң менин сагынганым.

Көндүрбөй көр оокаттын түйшүгүнө,
Ыгына коё бербей жылуу жайдын.
Сен мени сактап келдиң ушул күнгө,
Торуна бербей сырты сулуулардын.

Мергендей уунун түшкөн кызыгына,
Билбестен чуркап өтсөм аңды - түздү.
Чыкпа деп нарк- насилдин сызыгынан,
Атамдын арбагындай аңдып жүрдүң.

Жашоомду буруп жалаң жакшы нукка,
Билемин – жаман жолго келишпейсиң.
Жаралган жалаң гана жакшылыкка,
Сен менин оң ийинде периштемсиң!

...Канча жыл бир алыстап, бир жакындап,
Кармалбай колго нурдай азгырганым.
Таңдагы чолпон сындуу жанган сулуу,
Так ушул сенсиң менин сагынганым!





## САГЫНГАНДА

Шоола болуп асман-жерге төгүлгөн,
көзгө илинбей, колдорума урунбай
көөдөнүмө куюласың...
Көрүнбөй
жаркытасың айдын алсыз нурундай.

Жамгыр болуп майда жаап өтөсүң,
Шамал болуп алда нени шыбырап.
Сырга бөлөп жайдын жумшак кечесин,
Шыңгыраган күмүш күлкүң угулат.

Жоготконсуп баасы кымбат бирдеме,
Мен өзүмчө чебеленем, жай таппай.
Кыялданам – ушу азыр билсем ээ,
Жүрөгүңө жетер жолду байкатпай.

Кай тарапты карабайын, мендеги,
бир элесиң турат көздүн учунда.
Сагынаарым, сен жанымды дегдетип,
Сагынтканда болот ойлор ушундай!

## КАТАЛ КАЙРЫК

Ишке узатып эртең менен тургузуп,
Кечте кайра күтпөйсүң сен жолуман.
Болбойт биздин тентек, чыргоо уулубуз,
Сабактарын араң үчкө окуган.

Олтуруп жай бир дасторкон четинде,
Көргөндөрүм айтып бербейм күндүзү.
Кейибейсиң а сен туфлим эски деп,
жана топчум калганына үзүлүп.

Сен бир үйдүн алтын тутка – жарысың,
Мен бир үйдүн жүгүн тартам – аталык.
Көрчү, тагдыр бизге салып далысын,
Өлүм жакын, алыс андан аралык.

...Өлүм жакын,
алыс андан арабыз,
Билем күндөр жалаң өксүү апкелет.
Биз кезикпес кош сызыкта барабыз,
Көзүмө эмес, көңүлүмө жаш келет...





## КЛАССТАШ

Сагынтасың дале түшкө кирип сен,
Он жети жаш курагыңда ойноктоп.
Классташ кыз, көлөкөбүз бириккен,
Чакан өзөн, көпүрө эми болбойт го...

Жаздын алгач жамгырындай төгүп мен,
Каалгадай ачып таштап дүйнөмү –
Он жетинин көзү менен көрүп мен,
Он жетинин жүрөгүнөн сүйгөмүн.

Сүйүү деген сөз эшитсем сени эстеп,
Азыр деле сыздап муңга батамын.
Он жети жаш дегенде өзүң элестеп,
Кыркты көздөй зуулдап бара жатамын.

Бир күтүлбөс кыйын-кыстоо туш келип,
Бет алдыма чөгүп туман, булуттар –
Унутармын балким мен өз атымды,
Бирок сени, он жетини унутпайм!

... Дале түшкө киресиң сен, классташ,
Кулун болуп он жетиде ойноктоп.
Жаш – отуз үч.
Сендей эч ким болгон жок,
Мындан ары деле балким болбойт го...

## ТАМАРА

Он эки жыл өттү мына.
Негедир,
Ушул күздө көп эстедим Тамара.
Турмуш сени кай электен эледи,
Кандай күндө жүрдүң экен садага?

Бажырайган күлкүң эсте Тамара,
Башка эч ким антип күлбөс үчүнбү?
Он эки жыл өтүп мына арадан,
Сендей кыздар кем болорун түшүндүм.

Көздөрүңдө сыйган өңдүү кең асман,
Бар эле бир табышмактуу чексиздик.
Балким жанды жай таптырбай келаткан,
Ал чексиздик аздап-аздап эскирди.

Ал чексиздик аздап-аздап эскирип,
Сен бир үйдүн босогосун аттадың.
Бирок дале кыйнайт чыгар бир сезим,
Жамийладай ачкан Садык каттарын.

Чынын айтсам,
Мектеп, оокат, үй-бүлө...
Араң баткан кичинекей чөйрөгө –
Сени такыр сыйдыра албай Тамара,
Көргүм келет такыр башка дүйнөдөн.

Куркулдайдын уясындай жылуу жай,
Ким бирөөгө, билем болот – зор бакыт.
Бирок сени мен андайга кыя албай,
Билинбестен келем жанды сыздатып.





Он эки жыл өтүп, ушул арада,
Эстүү кыздар көп жолукту мага да.
Бирок, аттиң, кабагынан күн чыккан,
Сендей кыздар өтө аз экен Тамара!

...Айтор быйыл көп эскерип Тамара,
бирок билбей кайда,
кайсыл туштасың-
көкүрөктөн көгүчкөндөй сабаган,
ой учуруп келем сага, курсташым.

## СҮЙҮҮНҮ КАЙДАН БИЛМЕГИҢ?

«Сүйөмүн дейсиң жибек кыз,
Сиз үчүн баарын кечемин...»
Билесиңби өзү деги сен,
Сүйүүнүн эмне экенин?

Көзүңдү жаштап үшкүрүп,
Көп өттү дейсиң башымдан,
Эмне өтмөк эле жубармек,
Жыйырмага толбос жашыңда...

Жолоюң курган эрке кыз,
Сүйүүнү айтсаң кирдедим –
Сексти билсең билерсиң,
Сезимди кайдан билмегиң...

*15-апрель, 2003-жыл*

## БИЛИТИС МЕНЕН МИСТИКАЛЫК МАЕК

### 1

*«Когда же наконец у меня будут такие же груди, как у тебя, что поднимают платье и призывает к поцелуям?..»*

*(Билитистин «Чыдамсыздык» аттуу ырынан)*

Сен байыркы Римде эмес Билитис,
Биздин ушул күндөрдө эле жашайсың:
Тааныш мага бул чакырык дабышы,
Тааныш мага жүрөктүн бул кагышы.

Сен мышыктай тынчың кетип турганда,
Айлуу түндөн сүйүү тилеп жүрөгүң.
Менин дагы көөдөнүмдө нурлар жаап,
Бир балалык кызык алда жүргөмүн.

Кучагымда сен чымчыктай дирилдеп,
Анан аалам нурга толгон түндөрдө –
Көздөрүмдөн жылдыз жанып күлүндөп,
Мен өпкөндү өзүңдү өөп үйрөнгөм...

### 2

*«Достойно ли порицания то, что я была куртизанкой?..»*

*(Билитистин «Эпитафиясынан»)*

Ушул азыр өлөсүң сен Битилис...
Канжарымдын кош мизинен тамчылап.
Агып турган өз каныңды өз көзүң
көрөт дагы,
ага удаа жан чыгат.





Так ушундай өлүм табат кыргызда,
Махабаттын көзүнө чөп салгандар!

### 3

Мен мүрзөңө гүл тигем да Билитис,
Жүрбөшү үчүн алда кимдин колунда,
Гүлдөгөндө кыя чаап турамын...

## АЛЫСТАН ЖАЗЫЛГАН КАТТАР

### 1

Өрүкзарлар булут көйнөк кийинип,
Жаз келгендир сен жашаган тарапка.
Жазды утурулап чыктың бекен сүйүнүп,
Каркыралар арзуу ташып баратса.

Кадимкидей күчкө кирип Исфайрам,
Толуп-ташып, толкундары түрүлүп
агып жатса,
жаштык кыял жетелеп,
Жээк бойлоп кеттиң бекен жүгүрүп?

Кыйры чексиз Ферғананын түзүндө,
Кылактасаң кызгалдактай ачылып –
Күн эркелеп өптү бекен жүзүңдөн,
Шамал ойноп өрдү бекен чачыңды?

А мен сенин элесиңди эш тутуп,
Унуталбай, же күдөрүм үзүлбөй –
Күкүк болуп күйүп жүрүп күндүзү,
Сүтак болуп сыздап келем түнүндө.

## 2

Жаткандыр ээ, жашыл өрөөн Фергана,
Ай талаасын каптап нурлуу мунарык.
Чок гүлдөрү чок ыргытып жүрөккө,
Күн беттеген байтеректер узарып.

Жашоону ырдап Исфайрам суу аккандыр,
Жашыл тартып алма жыттуу айылың.
Жазда куштар саламымды айткандыр,
Жароокер кыз неге чыкпайт дайының?

Жалгыз атчан жапан талаа аркылуу,
Чаап өтүп түңгө сиңип кеткендей.
Жалын таштап караан үзүп кеттиң да,
Издеп, эңсеп таппай келем эч жерден.

Жаткан чыгаар жашыл өрөөн Фергана,
Талааларын каптап нурлуу мунарык.
А мен болсо эңсөө менен бир гана,
Келе жатам ай-жылдарды узатып,

## 3

Түн думугат.
Жүрөк кошо думугат.
Ай калкылдап Жоо-Жүрөктүн учунда...
Саманчынын жолу аркылуу чуркагым,
Келет сага мына ушундай учурда.

Чаткал дайра албуутанып, удургуп,
Экилентет ансыз да өткүр сезимди.
Ак кайыңдар желге эркелеп, уюлгуп,
Эске салат сенин наздуу кезиңди.





Көздөрүңдөй жылдыз жанып жымыңдап,
Каткырыгың кайталаса булактар –
Алыскы бир аралыктан көз ымдап,
Мени азгыра баштайт ошол курактар.

Анан сезим Чаткал болуп ташкындап,
Чыгып кетип мен өзүмдүн чегимен.
Саманчынын жолу аркылуу жүгүрүп,
Издеп, жөнөп кетким келет сени мен!

## 4

Саргыч өрөөн.
Сары күз.
Сары талаа.
Самсаалаган булуттар сапар тартып
бара жатат. Сокмо жол жалгыз гана
сулап жатат ашууга боюн артып.

Ээликтирет шамалы эрте күздүн,
Этек-жеңден жулмалап тарта берип.
Сен тууралуу ырымды баянымды,
Түгөтө албай келем мен айта берип.

Жыла берип өмүрдүн өрүн беттеп,
Жыя берип муңумду төгө албастан.
Калат окшойм түбөлүк көзүмдү өрттөп,
Калган өңдүү эриниң өбө албастан.

...Саргыч өрөөн.
Сары күз.
Сары талаа.
Самсаалаган булуттар сапар тартып
бара жатат.
Сезимди сансыз ойлор
бийлеп алып турамын санаам артып...

5

Жылдыздардын көзүндө эңсөө күйөт,
Дарыянын күүсүндө сагыныч бар.
Тоолор чөгүп көлүнө кусалыктын,
Толуп кеткен бул өрөөн сагынычка.

Жалгыз сүтак, бейтаалай, жанын сабап,
Сыздайт неге үн менен жалынычтуу.
Булуттардын көөдөнүн жарып чыгып,
Тээ алыстан чагылган – жалын учту.

Үлбүрөгөн үмүткө жөлөк болуп,
Үзүл-кесил үн келет каяктандыр.
Түн шыңгырын муңайым коштоп чыккан,
Коштоп чыккан кусалуу каяктагы ыр?

Удургуган көп санаа бийлейт мени,
Түпсүз ойго жетелеп улам ыраак.
Сага эч бир умтулуу жетпейт эми.
Бир өмүрдөн аралык – узагыраак!

Ошентсе да бул үмүт үзүлбөйт эч,
Кээде күйүп отуна ызалыктын.
Сагынычтын көзүнөн тиктеп сени,
Издеп келем айлынан кусалыктын.

6

Куштар болуп бүгүн кайра мен сага,
Куштар келген тарапка көз жүгүртөм.
Кусалыкка табылбады эч даба,
Кумары артык жанды кантип түңүлтөм?

Жашообузду жапатырмак жандантып,
Жай баракат жаз өзүнө багынтат.





Жай таптырбай жамалыңа жалбартып,
Жалжал көзүң сагынтат-ов, сагынтат!

Жоо-Жүрөктөн жоолугуңду булгалап,
Жомок – түштө жоодурайсың кылактап.
Жаз шыңгыры менен үнүң келгенсийт,
Көз жетпеген ыраак…
ыраак…
Ыраактан.

Көз ирмебей түн күзөтүп отурам,
Көктөм аккан ушул жаздын тушунда.
Көөдөн толо сагынычтын отунан,
Көп түнөргүч болуп кеткем ушундай.

Жалбырттаган көкүрөктүн жалынын,
Не деген күч өчүрө алмак, багынтмак?
...Жалжал көзүң жай таптырбай жанымды,
Жаз өзүңдү сагынтат-ов, сагынтат!..

7

Кызыл күүгүм кечтерди жеке узатып,
Жалгыз тостум таңдарды апапакай.
Жазда келген куштардан дайның сурап,
Кабар күттүм, кат күттүм алакандай.

Кептер канат шок күндөр сызып-сызып,
Өтүп барат. Из калат – кызыл сызык.
Маңдайдагы жазуусун тагдырымдын,
Кайра баштан жазсам дейм бузуп-бузуп.

Күкүк-Зейнеп сыяктуу тагдыр бирок,
Күндөн күнгө жаткансыйт алсыратып.
Оттуу күндөр оопасыз өтүп барат,
Ойдо калып алмаздай жаркырагы.

Жанга батты, жадатып жалкы тагдыр,
Чолоо бербей жыюуга аяк-башым.
Жалгыздыктан көөнүң да жалкыгандыр,
Жароокерим үн берчи, КАЯКТАСЫҢ?..

## КЕЧИККЕН КЕЗДЕШҮҮ

Түйшүгү көп турмуштун,
Жолунда бир чатышкан.
Жоодур көзүм экөөбүз,
Жолугуштук капыстан.

- Чолпонсуңбу?
- Ой, агай...
Сиз каяктан, баштагы...
Жутуп соңун кебиңдин,
Мага бойду таштадың.

Карлыгачым мен кандай,
Күттүм дейсиң бул күндү.
Өөп турам ууртуңдан,
Жаш аралаш күлкүңдү.

Бирде калсаң карманып,
Бирде ыйлайсың шолоктоп.
А мен жаттым жалбарып:
- Сагындыңбы?
-...(Жооп жок)

...Бул, албетте, мендеги
Ички кыял, толгонуу.
Жолугуштук.
Анан суз
учураштык болгону...





* * *

Качандыр аппак болуп гүлдөп туруп,
Төгүлгөн өрүкзардын гүлүндөйсүң -
Сен менин кырктан ашкан көздөрүмө,
Кылактап эми эч жерден илинбейсиң.

Качандыр чаңкап келип суусун ичкен,
Көк кашка мөлтүр тунук булактайсың -
Жыл сайын мезгил бирден белин тосуп,
Күн сайын да бир күнгө ыраактайсың.

Эрте-кеч келе калсаң сен эсиме,
Жарк этип жаз жаңырып элесиме –
Эч сезбей өмүр өтүп бараткаңын,
Жөнөймүн элүү жаштын белесине.

Сен менин кырктан ашкан көздөрүмө,
Билемин эми эч качан көрүнбөйсүң.
Антсе да ажал гана өчүрбөсө,
Ар дайым жүрөгүмдүн төрүндөсүң...

*2000-жыл*

* * *

Унуттум деп ойлоп жүрөт окшойсуң,
Чымчык канат дирилдеген кезиңди –
Унутулбас, тыным билбес, жай билбес,
Бир өмүрдү коштоп өтөр сезим бу...

Койдой камап коё албайсың ойлорду,
Көңүл – түрмө,
көөдөнүңө толтуруп –
Непадам бир кылт эстейсиң сен мени,
Небереңди эркелетип олтуруп...

*31-март, 2003-жыл*

* * *

Мен сенин жылдар чөккөн көздөрүңдөн,
Качанкы сүйүүмдү издеп убарамын –
Өзгөргөн мүнөзүңдөн көз көрүнөө,
Өзүмө тааныш илеп туя аламын.

Мен сенин карегиңден чагылгандын,
Самаймын баштагыдай чагылышын –
Өмүрдүн ал кезинен табылганым,
Бул кезге келбедиңби жаңылышып?

Кантейин карлыгачым – карагат көз,
Кайдадыр ойлор гана алып-учат:
Махабат эскирет деш – жарабас сөз,
Сүйүүнү жок дегендер – жаңылышат!

...Мен сени таап кайра жоготкомун,
Мен сени барктай албай короткомун –
Сүйүүнү сактабаган менде эс жок,
Сен деле анча зирек мес окшодуң.

А бирок биздин мындай кемчиликти,
Ортодо болгон сезим жууп-чайып –
Мен деле жүрсөм керек кыйла демдүү,
Сен деле көрүнчүсүң бир ажайып.

Ошол ой, ошол сезим бүгүн кайра,
Жаңырып – көкүрөктө агат дайра:
Мен сенин жамалыңа канбай турам,
Мен сени көргүм келет кайра-кайра.

Карагым, жоголгонум, табылганым,
Канча жыл таарынганым, сагынганым –
Сен эсен жүрсөң дайым мен эсенмин,
Сен аман болсоң, жаным, мен аманмын...





...Бир сезим бийлеп мени дирилдеген,
Өзүмдөн өзүм бүгүн бийиктемин:
Жашасын тунук ойлор кир билбеген,
Жашасын сүйүү деген ыйык сезим!

*6-сентябрь, 2005-жыл, Жалал-Абад.*

* * *

Бурма көз кайдан жолуктуң,
Бук болом кээде толуп муң –
Бушайман кылдың кантейин,
Буйрубай калган колуктум...

Жылуулук берип сезимге,
Жылдызың жанып көзүңдө –
Жылмаюуң арбап алды эле,
Жыйырмадан өтөр кезимде.

Ошондон бери каратып,
Оюмда жүрдүң саматып –
От болуп күйдүм сени эстеп,
Отуздан ооп баратып.

Кымыздык жытың саматып,
Кыйнадың жолуң каратып –
Кыялда жүрдүм алпештеп,
Кырк жаштан өтүп баратып.

Эми кеч экен дебегин,
Эңсеген бойдон элемин –
Элесиң ойдон чыгарбай,
Элүүгө чыгып келемин...

*20-ноябрь. 2004-жыл*

## ЖЫЙЫРМА ТӨРТ ЖЫЛ

Жыйырма төрт жыл бөлүп турган араны,
жыйырма төрт миң санга бөлөт сананы –
сен мынчалык кайда жүрдүң кечигип,
мынчалык не кеч жолуктуң каралдым?

Сен сүйүүнүн деңизине кайыктай
бойду таштап,
келип турса ойногуң–
мен сүйүүнү коньяктай татып жай,
алды-артымды келип турат ойлогум.

Бирок сүйүү вино-азгырык нерсе экен,
таткан сайын тарта берген артынан –
бу дүйнөдө жок ойлонор эчтеке,
сени менен мен гана бар, татынам!

Сени менен мен гана азыр, татынам,
махабаттын бул сыйына татыган –
мен андыктан улуу сүйүү атынан,
ууртуңдан өөп коюшка батынам!

...Жыйырма төрт жыл ортодогу аралык,
чачтарыңа бантигиндей байланып –
сен мезгилдин кармаштырдың колдорун,
калган үчүн жалыны бар жаралып.

Калган үчүн жалыны бар жаралып,
сен жылдарга жарыгыңды тийгизип –
жыйырма төрт жыл мени аркага кайырдың,
сүйө да алып, жүрө да алып сүйгүзүп.





Кызык, бир кез таап алып өз теңиңди,
сен бир үйдүн жандырганда жарыгын –
ушул бойдон калар бекен эриниң,
ушундай-ле болор бекен жалының?..

Каректери ышкы төккөн каралдым,
капа болбо айтканыма сага алдын –
сен сүйүүнүн ээрчип жүрсөң артынан,
мен сүйүүнүн алдын тосуп бара алдым.

Сен да бир күн селт ойгонуп сүйүүдөн,
бул турмушка турмуштай ой бөлөсүң --
анан биздин ортобуздан бала эмес,
жыйырма төрт жыл төрөлгөнүн көрөсүң...

*Август, 2003-жыл*

## КЫЙЫЛГАНДЫН СЕБЕБИ

Сүйүүбү, жокпу – ким билет?
Сүрдөнтө түшүп бир илеп.
Ажайып ушул сезимге,
Арбалып кеттик бир ирет.

Үр кызы сымал үлбүрөп,
Уйку-соо... жатсаң үргүлөп –
Төшүңдү кымтып коё албай,
Төшөгүң бойлоп түн жүрөт.

...Башталып баары байкалбай,
Кайтам деп калдык кайталбай –
Кыйылы-ып турам мен эми,
Кетем деп үйгө айталбай...

*6-май, 2003-жыл*

* * *

Жалал-Абадда жалт-жулт этип көчөлөр,
Жазгы жамгыр төгүп турган кеч эле –
Биз көздөрдөн качып чыгып далдаага,
Бирок жаандан качпаганбыз эч эле...

Көкүрөктөн сүйүү бөртүп бүчүрдөй,
Көктөм менен кошо көктөп махабат –
Сен түбөлүк жүрөм дедиң түшүрбөй,
Мен гүл эмес, сүйүү тактым жакаңа.

Бүт жан дүйнөм жалбырактай дирилдеп,
Жаш баладай адашып кеп-сөзүмөн –
Мен ошондо сүйүүнү өпкөм эринден,
Мен ошондо бакытты өпкөм көзүнөн!

Бул турмуштун өйдө-ылдыйын көп билбей,
Биз өмүрдөн өтөбүз деп айрылбай –
Унутуппуз,
сүйүү да өтүп өткүндөй,
Махабат да басыларын жамгырдай...

...Жазгы нөшөр төгүп турган кеч менен,
Жалгыз өзүм жамгыр кечип кеч келем –
Билесиңби, билбейсиңби бирөө бар,
Жалал-Абадда, жаанда сени эстеген...

*Декабрь, 2003-жыл.*





## МЕН ЭМИ...

Колуңдун табы калып колдорумда,
Эрдимди эриниңдин даамы коштоп –
Тагдырдын мындан аркы жолдорунда,
Мен эми сени эстей берет окшойм...

Мага эми сүйүү – нурдун сыныгындай,
Бөксөрөм айдай кайра толуп турган –
Кантейин делбиреткен кызыгыңды ай,
Кырк бешке чыккан жанды оолуктурган.

Мен эми жаш өйдөгө тартып улам,
Кылчайбас жолумду улап кете берем –
А бирок ай жамалың кантип кыям,
Тагдырды жаш баладай жетелеген.

Мен эми кайтпаймын деп камынамын,
Өзүмдөн өзүм алыс кетип калып –
А бирок кучагыңдан табыламын,
Жашымдын тең жармысын кесип салып...

Мен эми тапшырамын сага аманат,
Өмүрдүн бир үзүмүн кыркып туруп –
Махабат кучагыма батпай калат,
Ааламга сүйүү учурам чымчык кылып...

*20-ноябрь, 2004-жыл, Жалал-Абад.*

* * *

Жарыя кылбай кишиге,
Жашырын жүргөн иш эле –
Жашырган менен болбоду,
Жалындай берип ич эле…

Тынчтылык бербей кишиге,
Тымызын жүргөн иш эле –
Тыйганым менен болбоду,
Тызылдай берип ич эле…

Бир чыккан менен сөзүбүз,
Билдирип коюп көзүбүз –
Бир жүргөн тели-теңтушка,
Билинип калдык эми биз.

Жашырган менен өзүбүз,
Жалжылдай берип көзүбүз –
Жалал-Абад деген шаарга,
Жарыя болдук эми биз…

*21-ноябрь, 2004-жыл, Жалал-Абад*

## МУЗ

Жүрөгүмдө муштумдай муз түйүлүп,
Бүт жан дүйнөм турат андан чыйрыгып.
Бир сепили урап түштү сүйүүнүн,
Мен ишенген бир ишеним кыйрады.

Балким бул муз жүрүп-жүрүп олтуруп,
Ээрип кетер көз жашындай мөлтүрөп.
Балким мени биротоло тоңдуруп,
Ажал эмес, так ушу муз өлтүрөт…





# Арноолор

## КҮЛГӨНҮҢ СЕНИН – ГҮЛКАЙЫР

*(Алимага)*

1

Айылдаш кызды чангамын,
Алайдан таап алгамын.
Кошуна кызды чангамын,
Корулдан таап алгамын.

Көлөкө болор – чынарым,
Көп түйшүк салсам – чыдарым.
Көмүскө жаткан сырымды,
Көзүмдөн билип турарым.

Кашымда шамдай жанарым,
Кайгырсам – көңүл табарым.
Капкайда каткан сырымды,
Кабактан билип аларым...

2

Күлгөнүң сенин – гүлкайыр,
Күйүтүң тартып күн сайын –
Түшүмдө жетпей өң түгүл,
Түйшөлгөм эчен түн сайын.

Алганым сендей болсо деп,
Артыңдан арзыйт ар пенде –
Шаардык кыздар таппаган,
Шамалдын жыты бар сенде...





3

Айлынан келип Алайдын,
Арманы болдуң далайдын.
Албасам кетпейм сени деп,
Артыңдан жүрдүм далай күн.

Чагылган таштап көздөрүң,
Чачыңан сылап өпкөмүн.
Чаң жугат шаарда калса деп,
Чаткалга алып кеткемин...

4

Күн болуп чыгып таңымдан,
Ай болдуң айда жаңырган –
Бир жакка чыксам иш менен,
Бир жума өтпөй сагынгам.

Жанымды бөлбөй жаныңдан,
Жан дүйнөм сага багынган –
Балакет кетсин жаш кыздар,
Балпайган ушул чагыңдан!..

Аселдей ширин сөзүңдөн,
Ак жубар бермет көзүңдөн.
Айланып кетсин жаш кыздар,
Ак көрпө жайыл кезиңден!..

*2-июль, 2004-жыл, Жалал-Абад*

## САРГЫЛЫМ

*(Акын Атантай Акбаровго)*

Тандабастан жолдун шыдыр, даңгырын,
Таасын ырга байлап коюп тагдырын –
Саман тарткан сан акындан бөлүнүп,
Жалгыз өзү буудай арткан, саргылым!

Ой көтөрүп ашып түшкөн боюңан,
Келатасың нагыз ырдын соңунан –
Акын-Баба бар экени чын болсо,
Бир жолугуп өөп өтөр колуңан!

Сен кандайдыр сөз-кайыпка кабылып,
жан дүйнөңдө миң жылдыктар жаңырып –
жазып койгон жалгыз сабак ырыңды,
жаамы акындар жарата албайт жабылып!

Поэзия – ал жапайы арыстан,
жазмакерлер коркот жакын барыштан –
сендейлерге тизе бүгөт кылымдар,
ал арстанды колго үйрөтүп алышкан.

Айтканда не сөздүн иргеп ар кылын,
Ырдын – сенде, сенин ырда – тагдырың.
Чаңга аралаш жүрө берсин жүргөндөр,
Чапчымадай бийик бол сен, саргылым!..

*28. 05. 2004, Жалал-Абад шаары*





## РЕКВИЕМ

*(Полковник Ниязалиев Байгазыга)*

От күйгөн Ооганстан жериндеги,
Эрдигиң кимдигиңди далилдеди –
Элиңди эч бир душман беттей албайт,
Эгерде сендей болсо жигиттери!

Баа жеткис батырлыгың Баткендеги,
Жүрөктө жалын барын далилдеди –
Бастырып кыргызга эч ким беттей албайт,
Бардыгы сендей болсо жигиттери!

Байгазы! Көктө жанган жылдыз элең,
Элиңдин бир жаралган ырысы элең –
Каныңда кан Манастын шердиги бар,
Кадимки кашкөй баатыр кыргыз элең.

Жакшы адам эрте кетет жарыктыктан,
Деген сөз чындык окшойт анык чыккан –
Учуруп капысынан сени колдон,
Кош айтышып турабыз аргасыздан...

Байгазы! Болсун эми жайлуу жериң,
Түбөлүк сени унутпайт кыргыз элиң -
Сен кыргыздын кыргыздай өмүр сүрүп,
Кыргыз бойдон өлөрүн далилдедиң...

*10.08.04. Жалал-Абад.*

## АЖАЛГА КЕЛЕКЕ

*(Жолон Мамытовго)*

Ойлор мээде оролушуп аркандай,
Сан күндөргө салдырбайт эч сарасап.
Өр таянтып жолдор менен ар кандай,
Өмүр – кербен ташып кетип баратат.

Күүлөй берип канаттарын ылдамдык,
Кылым көчү кылкылдаган сапарда.
Кылчайчы артка, кимдер сапка кошулду,
Ким түбөлүк калып кетти катардан?

Төрөлүүдөн, түгөнүүдөн куралган,
Бул ааламдын табышмагын ким чечет?
Былтыр сынган он дарактын ордунан,
Быйыл минтип желге ыргалат миң көчөт.

Алды кетсе, арты ушинтип жык толуп,
Бу дүйнөдөн коробосо эчтеке:
Өлүм деле шордуу тура – ары жок,
Ажал деле – арзыбаган нерсе экен!

Кеттик анда, Адам, улуу жолду улап,
Түгөнүшкө эч себеп жок дарманын.
Төрөлө элек урпактарга угулсун,
Ырга айланып өлгөндөрдүн арманы!





# Бейит башындагы ойлор

* * *

*Кул пендем, солкулдайсың тириңде,*
*Кул пендем, солдоёрсуң өлгөндө...*
*(Календердин ыры)*

Жанагы биз жанталашып, күч үрөп,
Көзүн карап, аяп, коркуп, бүжүрөп –
Сактап жүргөн ӨМҮР аттуу немени,
Чын түгөнүп, бүтөр жери – ушу жер!..

Өмүр бою жол басабыз так ушу,
Мазар аттуу боз дөбөгө жеталбай.
Жеткен күнүң болот ошол өчкөнүң,
Калганың шол биротоло кеталбай.

Бирок ага дейре басар жол узак,
Көз күйгүзөт күндүк жеңиш күлүңдөп.
Жашаш кыйын жалкы максат соңунда,
Чыдаш кыйын чындыгыңан түңүлбөй.

Жол деген жол, кезегинде чындыкты,
Чыркыратып тепсеп кетет майдалык.
Кээде атылыш керек болсо мылтыктай,
Кээде укпас кереӊ болгон пайдалуу.

Пендеӊ ошо, адам болуп жаралып,
Адам бойдон калалбайбыз дамамат,
Биздин жашоо ошон үчүн бейоопа,
Жана жалган дүнүйө деп аталат.

...Асман болуп көмкөрүлүп үстүңөн,
Ушундай оор ойлор басат мазарда.
Шуу үшкүрүп жолго аттана беребиз,
Эч ким, эч ким жаткысы жок мазарда...





## КӨПӨЛӨКТӨР

*Ыдырыс-Атага чыксам,*
*ак көпөлөктөр жер жайнайт.*
*Июнь, 1991-жыл. Чаткал.*

Көпөлөктөр, апапак көпөлөктөр,
Мүрзөлөрдү аралап конуп учкан.
Шейиттердин элеси болбогула,
Ыдырыстын алдына чогулушкан.

Кең Чаткалдын сан гүлдүү жайларынан,
Кай себептен мазарды тандадыңар?
Чоочутпайбы мынабу өлүү тынчтык,
Чогуу кетип эмнеге калбадыңар?

Барпыраган апакай көпөлөктөр,
Байыр тапкан Ыдырыс аймагынан-
Ата-Журтту сак-сактап жүрбөгүлө,
Аталардын айланып арбагына?

Көпөлөктөр...
Менин да чыгып жаным,
Көк теңирге бир күнү кетсе жөнөп –
Бир кишиге адамдар кемийт дагы,
А силерге кошулат бир көпөлөк...

* * *

*Топурактар – топураган өмүрлөр...*
*(Т. Эргешов)*

Мен атамын жаны менен сүйлөшүп,
Ыдырыстын күмбөзүндө олтурам.
Ойлор учат куштай канат күүлөшүп,
Көкүрөгүм куса -муңга толтура...

Ата, мына үч жыл болду жатканың,
Бүт тулкуңдан чөп өнүптүр дирилдеп.
Быйыл жарым жыл ашырып каттадым,
Мен алыстай берет окшойм билинбей.

Жаратылыш жасап ишин катасыз,
Мезгил жылып өз огуна байланып –
Байкалбастан баратыпсыз, ата сиз,
Тууган жердин турпагына айланып.

Баратыпсыз, ата, сиңип Мекенге,
Турпагына турпак болуп куюлуп.
Эми мага «Ата Мекен» деген кеп,
Калды «Атам экен» өңдүү туюлуп...

...Ың-жыңы жок ойго түшүп мен бүгүн,
Ыдырыстын күмбөзүндө олтурам.
Менин атам сыяктанып жер бүгүн
мээрим төгөт.
Эркөөм толтура...





* * *

Жамгыр жаңы жаап өткөн.
Күн көктө
булуттардын жыртыгынан шыкаалайт.
Көңүл бейтынч. Беймаза бир түрмөктөр,
Көөдөнүмдө булут болуп шыкалат...

Тирүүлүктүн жыты да жок.
Ыдырыс
жымжырттыкка чөгүп турат түнжурап.
Алаксыта албай мени сыдырым,
Бир өксүк ой байлап алат чынжырдай.

Бир өксүк ой орноп алып башыма,
Кай жаккадыр алып барат акырын.
Мен мүрзөлөр дүйнөсүнө жашынган,
Тирүүлүктүн изин таппай жатырым.

Тирүүлүктүн изин таппай жатырым,
Мүрзөсүнөн атам, агам, энемдин.
Кандай арга табам?
Жетпейт акылым,
Көксөп келип, өксүп кете беремби?..

...Жамгыр жаңы жаап өткөн.
Чөптөрдөн
таранчы көз шүүдүрүмдөр мөлтүрөйт.
Элестеп бүт бүгүн көзү өткөндөр,
Эмнегедир ыйлагымды келтирет...

* * *

Ыйлаба, жамгыр, шолоктоп,
Бейитти бойлой жүгүрүп.
Мүрзөлөр ыйды тоготпойт,
Куш өмүр экен тирүүлүк...

Куш өмүр экен тирүүлүк,
Талганча учкан канаты.
Кулайбыз көктөн бир күнү,
Зымырап кетип баратып.

Кулайбыз бир күн катардан,
Көөдөндөн ысык жан чыгып.
Күйүттүү тиктейт мүрзөңдү,
Күүгүмдө толмоч ай чыгып.

Жатабыз тыңшап ыргагын,
Шамалдын, чөптүн, бактардын.
Тирүүлүк калат ырдалып,
Тилинде жалбырактардын...

Ыйлаба, жамгыр, шолоктоп,
Жан дүйнөң бекер оорутпа.
Бу өлүм ыйды тоготпойт,
Жүрөгү уу, анын боору таш!..





* * *

Чала бышкан Чандалаштын буудайын,
Тиктеп үнсүз ойго чөгүп дөңдө мен.
Ата жайга айтып болгон муңумду,
Бирок бүгүм чыкай калган өңдөнөм...

Аалам тунук – сыр кашыктай кашкайып,
Шамал жортуп, тармал бутак дирилдейт.
Булут чыгып кыл чокудан баш багып,
Бул жашоодо өлүм бары билинбейт.

Бул жашоодо өлүм бары билинбейт,
Бейит тилсиз бозоргону болбосо.
Дүйнө жаңы төрөлгөнсүп күлүңдөйт,
Ыдырыстын күмбөзү эле болбосо.

Ыдырыстын күмбөзү эле болбосо,
Жашап, жанып, өчкөндөрдүн изи жок.
Жатат тыптынч өлгөндөрдүн өлкөсү,
Келген ким да, кеткени ким иши жок.

...Эртең сапар.
Куса бугум тарабай,
Кайра жолго чыга берет өңдөнөм.
Үшкүрүктөн баш тартууга жарабай,
Үн-сөзү жок олтурамын дөңдө мен...

* * *

Кайтып барам.
Ата конуш турпатың,
Кош карекке сыйбай турат калкылдап.
Жети атамын жыты сиңген турпагың,
Тартып тураар мени көпкө калтырбай.

Календерлер жер бороюн сыдырып,
Кайткан өңдүү карыганда сапары.
Мен да бир күн кайтып келем Ыдырыс,
Жыртып алып үмүтүмдүн таманын.

Кош, ата жай!
Чандалаштын буудайын,
Тиктеп да бир олтуураармын о кийин.
Жаамы өткөн момундарды Кудайым
ыракматы кылсын анда...
Оомийин!..





## АЖАЛ СЫРЫ

Ажал, сенин көргүм келип жүзүңдү,
Мүрзөлөрдү көп кыдырам шайыктай.
Келет бүткүл табияттың түшүнгүм,
Бар сырыңды билсем деймин аныктап.

Бирок сенин табиятың башкага
түк окшобойт,
колдон келбейт эчтеме.
Өкүндүрөт өмүр бою сагалап,
Бир да жолу чыкпаганың бетме-бет.

Бул жашоодо күндөр айтоор бат өтөт,
Отуз үч бел чийдим мына өмүрдөн.
Ал тарапка кеткен үчүн атакем,
Азыр мен да коркпой калгам өлүмдөн!

...Ажал, ажал, көргүм келип өңүңдү,
Мүрзө аралап келем дагы шайыктай.
Кимден сурап билсе болот жөнүңдү,
Ким айта алат бар сырыңды аныктап?..

* * *

Тирүүлүк, сенин ар бир күнүң - бакыт,
Зор таалай ар мүнөтүң жүрөк соккон.
А бирок «Өмүр өтөөр»...деген санаа,
Бир өмүр мени коштоп жүрөт окшойт.

Сезилсе кай бир кезде эң бир татаал,
Кай бирде иш өңдөнүп жөпжөнөкөй –
Дал ушул өмүр-өлүм табышмагы,
Артыман калбай келет көлөкөдөй.

Адамзат, кай замандан келдик агып,
Барабыз багыттарга эми кайсы?
Кокустан мына азыр жумулса көз,
Качандыр күн болобу келер кайтып?

Качандыр күн болбосо келер кайтып,
Токпейил тартат көңүл анда неге?
Түпөйүл бир ишеним шыбыр айтып,
Кандайдыр үмүт берет алда неден.

Айтылат: «Адам башы бышканда өлөт»,
Эгерде буга ишене турган болсок –
кай күнү бул табышмак сырын тапсам,
мен мына ошол күнү өлөт окшойм...

...Тирүүлүк!

Өпкүм келет көздөрүңдөн,
Кагылып мүнөтүңө жүрөк соккон.
Адамдар ажал жетип өлсө мейли,
Үмүттү өлтүрбөстөн жүрчү коштоп...





* * *

Эх, таалайсыз, Таалайбек,
Там салам деп ташынган.
Камдап койдум дечү элең,
Тактайын да, ташын да.

Жетпей ошол оюңа,
Жайрап калып жашында.
Жатат жыйган тергениң,
Өмүрүңдөй чачылган...

Эх, таалайсыз, Таалайбек,
Шаштың мынча сен неге?
Жанып өчөр болгон соң,
Жаралды элең эмнеге?..

## АПАМ, АЖАЛ ЖАНА АДАМЗАТ ТУУРАЛУУ ТОЛГОНУУ

### 1

«...Сөөктү апчыккыла!».
Башынан мындай ишке бышык-бүйрө,
Бакылдайт баш-көз болуп жүргөн бирөө.
А менин аңтарылып турат дүйнөм:
- Ал деген сөөк эмес,
Ал деген апам менин!
Айкырып келип турат апам дегим,
А бирок айталбастан кайтат демим...

Күмүш түс булуттардан,
Күн алсыз тийип турат.
Жаз суук, бирок менин

Жан дүйнөм күйүп турат.
«Жашаса болмок дагы,
Жаш эле болчу али...»
Көңүлдө арман жана өкүт турат,
Көзүмдө аалам жана чекит турат...

...Ушундай ойлор менен,
Олтурам алпурушуп.
Аңгыча апамды эмес,
Сөөктү апчыгышты...
29-май, 2006-жыл

**2**

Жапалдаш дөңдөн чубаган,
Жармы жөө, жармы атчанбыз.
Кара так болуп ак карда,
Калды артта мүрзө жапжалгыз.
Аңгырайт бопбош аалам-жер...
...Апамы коюп кайтканбыз!
*26. 03. 04. Жалал-Абад*

**3**

Жаз жыттанып Жалал-Абаддын таңдары,
Да бир кыштан чыгып кеттик суурулуп.
Кимдер быйыл жазга жете албады,
Кимге бу жаз буйрубады, буйруду?..

Кимге бу жаз буйрубады, буйруду?
Бул суроодон бүткөн боюм чыйрыгып –
өктөсү күч, өлчөлүү бул өмүрдүн,
өкүнчүнөн турат ичим сыйрылып...





Кимге бу жаз буйрук-насип эткен жок?
Карегимден тамчы жылт деп жашынды.
...Менин апам ушул жазга жеткен жок,
Апам эмес, ажал арчыйт жашымды...
*26. 03. 04. Жалал-Абад*

**4**

Жок эч бир сөздүн кереги,
Жан дүйнөм үнсүз тумчугат –
Жарым түн келсем мен эми,
Жалбарып үйдөн ким чыгат?

Уга элек кезде үнүмдү,
Атымдын таанып дүбүртүн –
Кепичин кийип, кийе албай,
Ким чыгат эми жүгүрүп?..

**5**

Тирүүлүк менен өлүмдүн,
Бир өмүр экен чени –
Өмүрдүн калган жагында,
Өзүңсүз калдым мен эми!..

Асман-жер бүткөн кезинен,
Ажалды жеңген кай адам?
Акыры мен да, апаке,
Алдыңа барып жай алам!..

...Тирүүлүк деген болгону –
Буйдалуу жолдон бараткан.
Жашоонун көчү агууда,
Өлгөндөр кеткен тарапка...
*01. 04. 04. Жалал-Абад*

6

Алтын баш бир күн шылк этер,
Ай-күнүң бүтсө – не чара?
Ай чапчып ою турса да,
Ажалга адам – бечара...

Азыркы жашап аткандар,
Ар иштен азап тарткандар –
Арбайын согуп акырын,
Ажалга бара жаткандар.

Өмүрү бүтпөй тирилик,
Өнтөлөй берип бүлүнүп –
Өзүмө жыйдым дегендер,
Өлүмгө барат жүгүрүп.

...Адамзат деген – аккан суу,
Агыла берген тыныкпай.
Бар дүйнө, аалам аман бол,
Биз учкан кезде булуттай...

*03. 05. 2004. Жалал-Абад*

7

Кеткен бойдон кетип калбай ыраактап,
Ата-Журттун асманында кылактап –
Эл сагынып, жер сагынып келаткан,
Келгин куштар – баарыңарга ыракмат.

Мекениңер аман турат көз көргөн,
Силер жокто жок анчалык өзгөргөн.
Менин гана апам кайткыс жол кетип,
Менин гана бир капшытым бөксөргөн...





...Айланайын, Ата-Журттун куштары,
Арман ойго салып турат учканың –
Апам кетер ушу кышты көрбөстөн,
Мен силердей алыска не учпадым?!.

Ата-Журттун ак куштары термеле,
Алыстарга учкан кезде жер кезе –
Апамды аңдып, тооруп турган ажалды,
Ал жакка ала кетпедиңер эмнеге?

Айланайын Ата-Журттун куштары,
Кайда барып, кандай жерге кыштадың?
Силер жана апам кеткен бу кышта,
Мен дене эмес, жан дүйнөмөн муздадым...

...Ата-Журттун асманында кылактап,
Кайткан куштар көз жетпеген ыраактан –
Апама окшоп кайып болуп кетпестен,
Кайра кайтып келипсиңер. Ыракмат!..

*Март, 2005-жыл*

* * *

*(Агам Абдылдага )*

Алда менин ак пейилдүү, агам-ай,
сиз ишенчээк болбогондо баладай,
жашоодогу жамандыктын баарына,
жан дүйнөңүз тилинбесе араадай,
анча-мынча арамдыкка көз жумуп,
колду шилтеп коё алсаңыз карабай –
узак, узак, узак жашайт болчусуз,
бир аз, бир аз ооруганга карабай...

Турмуш кирдеп, чалкеш чакта аябай,
тазалыкты ким барктамак тазадай,
ак пейилден жакындатсаң бир тобу,
сиздин таза дилиңизди баалабай,
алдыңызда Абыкелеп жалпактап,
артыңыздан алдап жүрдү баладай.

Биздин Чаткал Боз-Бугудай[1] күч менен,
бүт ааламды тээ бийиктен тиктеген,
бычакка сап балдарынын мойнуна,
бүткүл элдин милдет-парзын жүктөгөн –
ошондуктан көр пенделик көйгөйлөр,
Сиздейлердин шыйрагына жетпеген!..
...Сиз өттүңүз,
бирок балдар келатат,
Абдылдадай бек болсом деп эңсеген...

*25. 05. 03. Жалал-Абад*

1 Боз-Бугу – Чаткалдагы атактуу чоку.





## КЛАССТАШТАРДЫ ЖОКТОО

Кызыл күүгүм кечтерде, агыш таңда,
ак булуттар кайдадыр агышканда –
мен силерди издеймин катар жүрүп,
капылеттен жалп өчүп калышкандар.

Сыяктанып эрте жаз турналары,
биз турмушка канатты булгаганы
турган кезде, капыстан өтүп кеттиң,
он жети-ле жашында Сманалы.

Сманалы, эх досум, Сманалы,
он гүлүңдүн бир гүлүн ачпадың сен –
классташтар ичинде эң биринчи,
өлүм деген өнөкөт баштадың сен.

Гитарасын сыздатып, орусча ырдап,
бура сүйлөп турчу эле – таппай калдык:
жыйырма үчүндө көз жумуп кете берген,
Жайыл досту үйлөнтө албай калдык.

Көзүн карап агасы-жеңесинин,
Атасы жок өстү эле Илеш кургур –
Аял алып эми эле тыныганда,
Аны да оору капыстан алып тынды.

Турган сайын ажалдын берип жемин,
биз турмуштун түшүндүк бири кемин –
көз алдыма тартылат али менин,
көпөлөктөй учканы Маликенин.

Биздин балдар чогулуп бүт баарыбыз,
бир жагына жыйылсак таразанын –
тоо ураган сыяктуу кулап кеткен,
Тообай жалгыз басчу эле калган жагын.

Тообай жалгыз жатпасын азилдешип,
тирүү кездей турайын дегенби же,
көп узабай артынан Карим кетип,
көп сыздадык айтып не, айтпай эмне?..

Элестетип Гүлжамал, Гүлнараны,
кара жанды кай бирде кыйнап келем –
эркек адам эч качан ыйлабайт дейт,
мен силерге досторум ыйлап келем.

Кай жактарга кеттиңер, классташтар,
кара жер бу өлүмгө тойбойт бекен –
Ыманбектин качкансып сабагынан,
качып келе берсеңер болбойт бекен?

Силер жашап жөнөкөй, классташтар,
кайттыңар да капылет каза жетип –
тирүүлөргө чоң сабак таштадыңар,
таза келген дүйнөдөн таза кетип.

Биз Чаткалдын ак жүрөк балдары элек,
таш кезесе ким бирөө, аш кезеген –
арабыздан чыкпады ууру-кески,
арабызда жок биздин баш кесерлер...

...Классташтар, кызыл кеч, агыш таңда,
кыял суудай кайдадыр агылганда –
мен силерди сагынам,
ай төрөлүп,
бир кездеги бизге окшоп жаңырганда...

*Май, 2003-жыл*





## ТАГДЫР, БИЗДИН ГҮЛГҮН КЫЗДЫ КАЙЫРГЫН

Бүт ойлонуп Чаткал орто мектебин,
Бүгүн кайра мен бардыгын эстедим.
Элесимде чегеленет сүрөттөй,
«Эстелик» деп ыр жаздырган дептериң.
Шок болсом да бүтөр жылы мектепти,
Сени көрүп уяң тартып кеткемин.

Тентек элем оңой келбес ийге мен,
Эмнегедир сенден гана ийменем.
Анан кантем ак бантикчен ардагым,
Мурда-кийин мен эч кимди сүйбөгөм.
Маанисине түшүнбөгөм ышкынын,
Махабаттын эмне экенин билбегем.

Билбесем да эмне экенин сүйүүнүн,
Бир кыялдын кармап жүрдүм түйүнүн.
Сен жылмайып койгон күнү сүйүнүп,
Сен бултуюп калган күнү күйүндүм.
Түн бир оокум болгучакты акмалап,
Бир ак ниет «кароолу» элем үйүңдүн.

Ал аңгыча жыл айланып, күн өтүп,
Биз да кеттик онунчуну түгөтүп.
Атыңды мен аттестаттай кастарлап,
Жүрөгүмө жүрсөм жылдыз түнөтүп –
Сен бир күнү эрге тийип кетипсиң,
Өрткө салып, төрт амалым түгөтүп.

Мен аңдоосуз калганыма алданып,
Жарык дүйнө жашоону бүт каргадым.
Өзүмдү-өзүм өтүмсүз деп тилдедим,
Өрткө-сууга бой урарды билбедим.
Эчен түндү элес менен жылыттым,
Эс-акылым жыйдым акыр... Унуттум...

Кийин-соңу калган кезде бет келип,
- Кандай, туңгуч махабатым?,- деп келип,
Учурашсам, азил-чыны аралаш,
Анда дагы калбай сөзгө кептелип:
Бир кезекте кеткен өңдүү сүйдүрүп,
Ар кайсыдан азил айтып күлдүрүп,
- Классташым, жашсың да али мага, - деп,
Тамашаңа кетер элең күйдүрүп...

...Жалал-Абадга жакында бир жетти кеп,
Сени капыс кайтыш болуп кетти деп.
Эл ичинде жалгыз калып мен эми,
Ээн чөлдө тургансыймын эңгиреп...

Жаш кезекте жетпедим деп кайгырып,
Жаратканга болгон окшойм жазыктуу –
Эми чындап калбадымбы айрылып,
Эми чындап болуптурмун азаптуу.

Көкүрөгүм алай-дүлөй күндүзү,
Чагылгандар жаркылдашат түнкүсүн –
Көмсө жерге көмүшкөндүр тулкусун,
Кантип гана көмүштү экен күлкүсүн?!.





Көркү эле го кең Чаткалдын, айылдын,
Тагдыр эгер эбин тапсаң кайыргын –
Жүрө берсин көркөө бөлөп эл ичин,
Мен жеталбай калганыма кайылмын!..
Тагдыр биздин күлгүн кызды кайыргын!..

*9-ноябрь, 2002-жыл*

* * *

Кош бөлмө. Далис. Пешайван.
Терезе чубак төгүлгөн –
Баары аман.
Аман эски там.
Кемпир-чал гана көрүнбөйт.


Сыдыра тиктеп үй ичин,
Дубалдан жытын искедим.
Капыстан кирип келчүдөй,
Кайсалап... Куттүм... Издедим...

Кастарлуу түрдө турчу эле,
Көрүнбөйт селде, жайнамаз.
Камчысы калган илинүү,
Кадааны коём кармалап.

Ал мезгил эбак өтүптүр,
Ачышат ичим тызылдап.
Көк сандык бурчтан кетиптир,
Энемдин жүгү бузулган...

... Топ терек. Булак. Дөңдөгү
эски там. Шибер. Көбүргөн –
бардыгы аман.
Болгону
кемпир-чал журттан бөлүнгөн...





# Түрмөктөр

## ЖЫЛАН

*«...өмүрүң өткөнчө сойлоп жүрөсүң,*
*топурак-күлдү азык кыласың».*
*(Библия. «Эски осуяттан»)*

Сага чындап көөнү түшүп Жараткан,
Кир кол менен кармагыстай жараткан.
Болгон-бүткөн көрктү берип дүйнөдө,
Куйругуңан төбөңө асыл жалаткан.

Өң-турпатың айтор анык келишкен,
Өңдөнөсүң канаты жок периште.
Бир өкүнүч – болбойт сылап сыйпоого,
Мүмкүн эмес жана эрдиңден өбүшкө.

Кыяматтык ыза-кегиң камалган,
Көздөрүңдүн сезсе кимдер ызгаарын –
Сулуулуктун жылма экенин билет ал,
Билет жана коодуктун муздагын.

Сен зымырап чуркай алсаң кулундай,
Же уча алсаң каркырадай желелеп –
Моюнга шап оролмоксуң чылбырдай,
Как жүрөккө сайылмаксың жебедей.

Ошондуктан кушу түшүп Жараткан,
Куйругуңан төбөңө асыл жалаткан.
Учу эки ача тил ыйгарып, уу берип,
Бирок канат, шыйрак бербей жараткан.

Бу жардыкка макул болбой сен өзүң,
Бут кегиңди түйүнчөктөй түйөсүң.
...Эбин тапсаң, бут бербеген айбы үчүн,
Дал Кудайдын өзүн чаккан жүрөсүң...





**2**

Сахнада эмес,
Балерина – жыландар,
Шибер кечип ай талаада бийлешет.
Кыймыл менен арбап алар цыгандай,
Кыймыл менен не бир укмуш сүйлөшөт.

Так алдыңан кесип өтөт,
кесирлүү,
шаардын жаш кыздарындай азгырып.
Качандыр бир көргөн таттуу түшүңдөй,
Бир көрүнүп кетет кайра жазгырып.

Айтор жылан калса кокус учурап,
Бир кызыктай ой-сезимге батасың –
Кармап алып указкадай учунан,
Сайып көргүң келет дүйнө картасын.

Ачыйт жаның...
Жок дегенде бир жолу,
Баспайт жылан, сойлоп жүрөт жыл-айлап.
Ичиркентет жыпжылаңач турпаты,
Балаң чуркап бараткансып жыңайлак.

Эрдиги ушу – боортоктоп жүрсө да,
Тайбайт жылан жыландардын салтынан.
Душманына чыгат дайым бетме-бет,
Андып келип бычак урбай артынан...

## 3

Булбул өңдүү дил жибитер үнү жок,
Канаты жок бүркүт өңдүү сызарга.
Арыстандай ай чарпышар сүрү жок,
Бар болгону бир макулук – жылан ал.

Бирок жылан жылып жүрүп жер менен,
Арбап алат дешет кушту канаттуу.
Эмне деген күч бул ойго келбеген,
Кандай гана, өжөр, кашкөй адат бу.

Көрсө, төмөн ала качпай тура алсаң,
Зор кудурет болот тура көз деген.
Көк желкенди теше тиктеп жылан да,
Арбаса эле, арбайт ушу көз менен.

Ошондуктан жылан көнүп акылга,
Колдо деле турар болсо кебелбей –
Кармап алып сеанс жүрүп жатканда,
Чумак менен тиктештирет элем мен!

...Булбул өңдүү тили жок таң атырар,
Канаты жок бүркүт болуп сызарга.
Бирок, «Адам жолукпаса,
ажыдаар
болуп кетсем...» деп тилеген жылан ал.





## 4

*(Баллада)*

Жылан билбей кейишти эч,
Жашаган дейт бейиште.
Бар балакет акыры,
Чыккан имиш жемиштен.

Жасап жемиш,
жегенге
Кудай тыюу салыптыр.
Анан сыры эмнеде,
Жылан билип алыптыр.

Билип сырды жашыруун,
Ева энени азгырат.
Анын көрүп корккону н,
Шылдың кылып каткырат:

«Ева, Ева, эби жок,
тартынасың неликтен?
Ева, Ева, эси жок,
Ал же, жей бер жемиштен.

Ева, Ева, Жараткан
Көзү кыйбай беришке,
сени алдаптыр...
Карасаң,
кандай сонун жемиштер,

Кандай сонун жемиштер!
Оттой жанат чачырап.
Муну жесе ким эгер,
Көзү умачтай ачылат!»

Көндүрө албай Еваны,
Эчен күндөр өтүптүр.
Кара тили жыландын,
Чарт айрылып кетиптир.

Акыр бир күн Ева эне,
Жемиштен жеп таңданат.
Сонун экен жегин деп,
Адамга да алып барат.

Алмадан жеп экөөнүн,
Ачылыптыр көздөрү.
Аалам эмне, жер эмне,
Аңдай баштайт өздөрү.

Каары келип Кудайдын,
Кас душманын каргаптыр.
Жылан байкуш жылгандан,
Башка аргасы калбаптыр...

...Бар балакет ошентип,
Башталганча жемиштен.
Жылан жыргап, капарсыз,
Жашаган дейт бейиште.





**5**

Дирижерлор таштап жансыз чыбыкты,
Эл алдына жылан кармап чыгышса –
Арасынан миң сан үндүн сыбызгып,
Чыккан муңдуу ышкырыкты угушмак.

...Дирижёрлор жылан кармап чыгышпайт,
Демек тирүү музыканы угушпайт...

**6**

Сен бейиштин тартибине баш ийбей,
Жаратkандын өзү менен касташып –
Далилдедиң эмне экенин баш ийбөө,
Эң алгачкы күрөш-бунтту баштадың.

Ошол күнөөң үчүн жөн-жай жүрбөгөн,
Жазаң үчүн Жаратканга багынбас –
Каргыш алдың ойго-түшкө кирбеген,
Миллион жыл ойлосо адам табылбас.

Азыктанып кум, топурак, күл менен,
Түбөлүккө сойлоп жашап калуудан –
Өмүр бою жаткан жакшы түрмөдө,
Түп-түз эле кеткен оңой атууга!

Кайыл болуп жылан ушул азапка,
Алып бердиң адамга акыл – терезе.
Ошондуктан карыз сага Адамзат,
Өзүңө биз кыяматтык берése!..

## КҮЗГҮ МААНАЙ

1

Береке төгүлгөн күз,
Сары аңыз, сары талаа
азгырып,
аңыз бойлоп
кайдадыр кетип барам.

Жүрөктө чертилгенсийт,
Күүлөрү коңур күздүн.
Жүзүндө кусалык бар,
Жүзүмдөй мөлтүр кыздын.

Жомоктоп жылуу жакты,
Жол тартат илегилек,
Жоодур көз сулуу кыздар,
Жаратат жылуу илеп.

...Береке төгүлгөн күз,
Сары аңыз, сары талаа
азгырып,
аңыз бойлоп.
кайдадыр кетип барам...

2

Жээгинде Чаткал дайранын,
Жээктей чуркап күз жүрөт.
Жапжашыл токой ичине,
Сары түс аста сүртүлөт.





Жылтылдак толкун ичинен,
Жылт этет учкун үшүгөн.
Жылаңач калат дарактар,
Жылаңач күздүн күчүнөн.

Титирей түшүп агымда,
Жалбырак сүзөт кайыктай.
Келгиндер тынбай агууда,
Коштошом кантип камыкпай?

Коюлтуп күздүн боёгун,
Кусалуу обон созулат.
Булуттун жазып оромун,
Буулуккан шамал кошулат.

...Жээгинде Чаткал дайранын,
жээктей чуркап сары күз –
жапжашыл токой ичине,
жабылып барат сары түс...

3

Күүгө салып коңур күздүн кайрыгын,
Ырга айлантып тууган жердин айдыңын,
Агат Чаткал албуут, өжөр күч менен,
Күндүз күндүн, түндө жутуп ай нурун.

Буулугуусун төгүп өтсө булуттар,
Кырлар ылдый кышта чуркайт берилеп.
Жанга шерик күз кайрыгын тыңшасаң,
Жашообуздун жаңырыгы сезилет.

Акыркы ирет дир-дир этип алат да,
Жалбырактар боюн таштайт бийиктен.
Дарактарды жулкулдатып алат да,
Долу шамал ыйлап ийет күйүккөн.

Илең-салаң ат бастырган жолоочу,
Имерилбей кесип өтөт талааны.
Үзүл-кесил үн таштап өтүшкөн,
Өчүп барат турналардын карааны.

Алп тоолорду каптап көгүш мунарык,
Алыс-алыс тарайт күздүн кайрыгы.
Агат Чаткал албуут, өжөр күч менен,
Ата-Журттун ырга айлантып айдыңын.

## 4

*Карбалас БАКИРОВго*

Кусалуу бүгүн күзгү түн,
Түнөрөт тоолор, талаалар.
Бурганак болот шекилдүү,
Булуттай көчөт санаалар.

Айтчы дос, неге өнүң суз?
Тарттыңбы ойдун азабын?
Санаага салып эми күз,
Саргартып бара жатабы?

Азгырма, азоо күндөрдүн,
Алам деп жүрүп өлчөмүн.
Кай жерден калды жаңылып,
Кетирдик качан мерчемин?





Кылычтай курчуп шартылдап,
Ырсыз күн болуп керексиз.
Чагылган болуп жаркылдап,
Чагылмак эмес белек биз!

...Кусалуу бүгүн күзгү түн,
Түнөрөт тоолор, талаалар.
Бурганак болот жакында,
Булуттай көчөт санаалар...

## 5

Күн, түнү күз кайрыгын кайрый берип,
Күрпүлдөк дайра нени жомоктоду?
Күйүгүп күүсүн түгөл төгүп-төкпөй,
Күзгү жаан эмнени айтып шолоктоду?

Эриндей ыйлай жаздап туруп калган,
Эмнеге жалбырактар дирилдешет?
Жүзүмө тамган тамчы коштошуунун,
Жашындай неге жүрөк титиретет?

Айтчы дос, кыска түндөр демейдеги,
Узарып кетет мынча күздө неге?
Көп ойлор көкүрөктү өйүй берет,
Болобу мындай учур сенде деле?

Айтсаң дос, жан сырыңды сени да күз,
Кыйнайбы мен өңдөнтүп ойго салып?
Буулугуп бушайман жей бересиңби,
Упузун күз түнүндө ойгоо калып?

...Күйүгүп күүсүн түгөл төгүп-төкпөй,
Күзгү жаан шолоктоду эмнеге эле?
Көп ойлор көкүрөктү өйүп турат,
Болобу, дос, ушундай сенде деле?..

## 6

Күзгү түн. Шамал аймалап,
Күзгүсүн – дайра ай карап.
Күңүрт түз, талаа, белестер,
Күүгүмгө чөгөт жай гана.

Байыркы кошуун жаккан от,
Бүгүн да күйүп жылтылдап.
Манастын чоролорундай,
Баратат тоолор кылкылдап.

«Турмушуң – эшек араба»,
Жол улай бермей кылдырап.
Удургуйт миң ой – санаада,
Жарышат мээде миң кыял.

Жармы чын, жармы калп дүйнө,
Кай жакка жылат түбөлүк?
Кылт этет капыс бир ууру ой:
«Ноктолуу башта – бир өлүм...».

Ошентсе деле күнүмдүк,
Азгырып кетет – пендебиз.
Өлүмдү көрүп турсак да,
Өлбөстөй жашай беребиз.





...Күзгү түн. Үнсүз түнжурап,
Сабылып турат бу дүйнө.
Бейиттер үнсүз уйкуда,
Мүрзөлөр чөгөт күүгүмдө...

## 7

Күз сени түгөл уурдап түгөттүбү,
Келгиндер ташый берип жылуу жакка?
Коштошуу кыйын болуп сени менен,
Буулугуп турам азыр ушул тапта.

Кандайдыр кыш ызгаарын жүрөк сезет,
А демек коштошууга келди кезек.
Сенде мен бир бугумду төгүп алдым,
Сенде мен өзүмө-өзүм бердим эсеп.

Кылчайдым сенде жашап арт жагыма,
Күндөргө көз жибердим алдымдагы.
Өзүмдү ороп алдым өрт-жалынга,
Коңур күз сенден кубат алдым дагы.

Кош эми, жел кайыктай кайып кеттиң,
Күз эмес жалын болуп жанып кеттиң.
Сен мени бошотуп да, чыйралтып да,
Сен мени көп ойлорго салып кеттиң...

## САРЫ ӨЗӨН ЧҮЙГӨ БИР АРЗУУ

### 1

Мен кыргыздын ар кыштагын –Ата-Журт,
Ар бир укум жерин билем Мекен деп.
Ошентсе да Чүйгө айрыкча тартылып,
Чүйгө айрыкча имерилип кетем мен.

Сары өзөн Чүй!
Талааларың жайылган,
Кучагындай сексендеги энемдин.
Кыйырына жетпей көздөр тайыган,
Сенде гана бир ушундай кенендик.

Эгерде мен болуп учкуч-космонавт,
Жазып-тайып чалып чыксам космосту –
Кайтарымда Байконурга конбостон,
Сары өзөн Чүй, дал өзүңө конмокмун!

Сары өзөн Чүй,
Элдин пейили бузулду,
Бөксөрдүң деп айткым келбейт арыз-муң.
Бар билгеним – татып жүрөм тузуңду.
Бул өмүрдө демек сага карызмын…

…Кыргызымдын ар кыштагын – Ата-Журт,
Ар бир укум жерин билем Мекен деп.
Ошентсе да Чүйгө айрыкча тартылып,
Чүйгө айрыкча имерилет экем мен…





### 2

Жер титирейт,
Токтоп кайра башталып…
Кайран кең Чүй кирдеп кетип бечара –
Кан Манастын Аккуласы баштанып,
Бир силкинип алып жатты бекен а?

Жер титирейт…
Кайра-кайра титирейт…
Деги эмненин болду экен бу аяны?
Канткен менен бүгүн кең Чүй тынчы жок,
Канткен менен бүгүн кең Чүй аялуу.

Жер титирейт…
Балким Чүйдү жаттарга,
ээлетти деп бизге болуп кападар –
Бейитинен тура калып жатпасын,
Бүткүл жерди солкулдатып аталар…

### 3

Сары өзөн Чүй!
Түштүн далай талашка,
Олжо болгон сулуу кыздай чыркырап.
Туман эмес – ураан көчүп «Манастап»,
Жамгыр эмес – жаады октор зыркырап.

Андай кезде атпай кыргыз чеп болуп,
Тоо өндөнүп туруп берди козголбой.
Тосту душман жолун зоодон бек болуп,
Дүйшөнкулуң фашисттерди тоскондой.

Азыр деле ошол зордук тыйылбай,
Демиткен көп: «Неге бербейт экенсиң!»
Сен аларга болсоң сатык буюмдай.
Кыргыз үчүн ыйык Ата Мекенсиң!

Ошентсе да алар топук кылышпай,
Мыйзам менен өзүн коюп калкалай –
Кагаз менен шылый чаап кылычтай,
Кагаз менен тепсеп келет танкадай…

…Олжо болгон сулуу кыздай чыркырап,
Кайран өрөөн дагы түштүң талашка.
Санаа тартам миң тамырым зыркырап:
«Сары өзөн Чүй, кыргызыңдан адашпа!..»

4

## ТҮШ

…Далы ортомо канжар сайып,
сабына
дөбөт байлап кетишиптир түшүмдө.
Билбейм – кандай күнгө барып кабылам,
Бу не деген аян болду – түшүнбөйм?..

Жаш кезекте:
«Балам жаман түш көрсөң,
Эч кимге айтпай, суугa айтып жүр» дечү энем.
А мен билбей суугa кантип түш айтат,
Кайра энемдин өзүнө айта берчү элем.

Түшүм жалаң жакшылыкка жоруган,
Улук кемпир өлгөн…
Аргам жогунан –





Сарсанаага салган ушул түшүмдү,
Сары өзөн Чүй, өзүңө айтып отурам.

Ыйман-сырым айтып турам жашырбай,
Ылым санап, Сары өзөн Чүй, өзүңө –
Аалам толуп чыкты кызыл-жашылга,
Асан-Үсөн ойноп турат көзүмдө…

5

## ЧҮЙЛҮК КЫЗГА МАСИЛЕТ

Чүйдө бүгүн туман.
Туман.
Боз туман
жана жамгыр шыбыргактуу, кусалуу.
Каалайсыңбы, кадыркеч кыз, мен сага,
Айтып берем дагы Чаткал тууралуу.

Сага кантип түшүндүрсөм экен мен,
Жомок сындуу бир келишкен аймак ал.
Анан аны жара тилип экиге,
Ажыдаардай сойлоп өткөн дайра бар.

Ал дайранын шоокумунан жана да,
жаңырыктан капчыгайлар жараткан –
кыргыздардын дүбүрттөрү угулат,
кылымдарды бойлой чаап бараткан.

Булактардын булут түнөп көзүнө,
Ошол булут арасынан чыгат күн.
Менин дүйнөм кала берген ал жерде,
Жытын ууп кеткен бойдон шыбактын.

Кадыркечим, билесиңби сен деги,
Көк шиберге жатып алып чалкаңан –
Мезгил доошун тыңшоо эмне экенин,
Өмүр үнсүз агып бара жатканда...

Чүйдүн кызы!
Көзүм түшсө көркүңө,
Тууган жерим элесиме тартылат –
Бизде суулар көздөрүңдөй мөлтүрөк,
А дөбөлөр мамагыңдай татына.

...Чүйдө бүгүн туман.
Мага сезилет
жамгыр эмес – куса төгүп жаткандай.
Чүйдүн кызы, ушу сага масилет,
Каалайсыңбы, апкетейин Чаткалга!

6

## АЙДАГЫ КЫЗ

О, шордуу ит!
Айды тиктеп улуган,
Ким түшүнүп, сезмек сенин кайгыңды?
Өлгөн ээңди унутпадың куруган,
Билбейм мунуң акылыңбы, айбыңбы?

Сен улусаң жарып Чүйдүн асманын,
Добушуңдан угулгансыйт бүгүнкү:
Бүткүл Чүйдүн иттеринин арманы,
Бүткүл Чүйдүн иттеринин күйүтү.

О, шордуу ит!
Ай бетинен чагылган,





сулуу кыздын көрүп алып ырайын
алданбагын. Ай сыяктуу муздак ал,
Өлүм сындуу билбейт ал да ырайым.

О, шордуу ит!
Сен канчалык какшанба,
Айдагы кыз тура берет жазганбай.
Анткени, ал кыз жанын алып ээңдин,
Жылдыз кылып тагып алган асманга.

Сен улуй бер, а бир күнү ошол кыз,
көпөлөктөй көктөн түшө калат да –
алып кетет сенин дагы жаныңды,
бүт жандуулар жанын берген тарапка.

Бирок сендей макулукту бейкүнөө,
Келет ал кыз көп күттүрүп, сагынтып.
Сен андыктан асман жарып улуй бер,
Серенадай бүткүл Чүйдү жаңыртып...

...О, шордуу ит!
Айды тиктеп улуган,
Бир дагы жан түшүнбөдү кайгыңа.
Сенин ээңди жоктогон жок куруган,
Эч ким сенче Аламүдүн айлынан...

7

Бүгүн кечке кечип жүрдүм күздү мен,
Күүсүн тыңшап керээз өңдүү айтылган.
Сары өзөн Чүй,
булут болуп үстүңөн,
Дагы бир күз келгин куштай кайтууда.

Карегиме жаш айланып,
тымызын,
мен күз менен жүрдүм үнсүз коштошуп.
Бул жашоодон биз да бир күн сызылып
калаарыбыз – ич сыздатат…
Болгону
аңгыраган боштук калып санаамда,
алда неге жүрөк турат тызылдап.
Сары өзөн Чүй, булут болуп үстүңөн,
Биз көчөлү, сен эсен бол ылайым!

## ТОРЖОРГО,

*же баскан жолго кылчаюу*

### 1

Кызгалдактуу талаалар бүт «өрттөнүп»,
гүлдөр чуркап түшөт окшоп жолдорго
жаз мемирейт…
А мен эстеп өткөндү,
жетеленем алыс-алыс ойлорго:
Аман болсо ушу быйыл жаз менен,
Тогуз асый болмок экен Торжорго…

Эх, Торжорго, адал бүткөн Торжорго,
Сен экөөбүз нени гана көрбөдүк?
Кээде батсак, кээде «батпай» чоң жолго,
Сен жаштыкка, мен аракка тердедик.
Сатып алган буюм калып жол-жолдо,
Сапарлаштар канча терип келбеди?..





Ак-Таш менен Жаңы-Базар ортосун,
үч саатта арытышса башка аттар –
сен күчүңө, мен аракка дуулдап,
бир саатта кээде өттүк таскактап,
кээде үймө-үй арак уулап экөөбүз,
ошол жолдо үч күн жүрдүк шашпастан.

Асый чыкма Торжоргону түзүк деп,
алда кимден аңыз уксам мактаган –
каадалуу бир саяпкердей мен дагы,
күдүңдөгөн, үйүндө тынч жатпаган,
Кадырбектин жоргосундай суутуп,
Качканактын күлүгүндөй таптагам.*[1]

Анан бир күн арак ымдап тымызын,
(Аракечтин ат бакканы курусун),
узун түндө жабууланбай, от жебей,
кайран Торат казык кажып турусуң,
көзүң чылпак, жүнүң тетир айланып,
боор оорутат үтүрөйүп турушуң.

Атты көрүп кабыргасы сызылган,
өзүмдү-өзүм тилдеп, ичим тызылдап,
бирок канча кайра баштан баштасам,
кайра ошончо суутунан бузулган,
кайран Торат бара-бара «машыгып»,
болуп кетти эт таштабас, бузулбас.

Жорго экөөбүз айтор тынчып жатпадык,
жан адамга сырыбызды айтпадык,
күлкүчү бир күлүң көздөр азгырып,
күн сайын да, күн алыс да каттадык:
ким бирөөнүн "басып кирдик өлкөсүн",
ким бирөөнүн «чегарасын» аттадык.

1 Качканак, Кадырбек - Чаткалдагы белгилүү саяпкерлер

«Аракка улам баратасың арбалып,
алда кайда калчу болдуң кармалып,
ачуу сууга жүрө бербей алданып,
аяк-башың жыйсаң боло карманып»,-
деп ушинтип ажылдабай, чыр кылбай,
аяр айткан аялыма арданып:

- Ишенесиң айткандарга ушактап,
көз жашың да даяр турат бышактап,
сенден көрө Торат эстүү, түшүнөт,
ар балээни сурай бербейт ырастап, -
деп таарынып жатып алган күн болду,
Торжоргонун токулгасын кучактап.

Мезгил – комуз,
черте берип үч кылын,
мен өмүрдүн өткөрүпмүн үч жылын,
ошол өмүр, ошол үч жыл ичинде,
жок эч нерсем бүтүргөн бир иш кылып,
бирок жылуу элес келет ал кезден,
Торжорголуу жылдарыма ич жылып.

Ал үч жылда ар ыкмада «сынаган»,
кээде үстүндө үйдөгүдөй сулаган,
белдүү, бекем жылкы болду Торжорго,
ээсинин бүт «эрдигине» чыдаган.
Бара-бара сат дегендер көбөйүп,
Бара-бара арбый берди сураган...

...Кайран үч жыл. Кайран өмүр. Торжорго...
кайыпсыңар, кайтпайсыңар болжолдо,
мен силерди балапандай бапестеп,
оропалып чууда – булут ойлорго,
ар жаз сайын эстей берем,
күн тийип,
гүлдөр чуркап келатканда жолдорго...





2

Болсоң аман, бооруң бүтүн, эсен жан,
колго келип, кете берет эчен мал,
бирок, аттиң, биздейлерде даалдак,
кембагалдык деген бүтпөс кесел бар.
Торжоргону саттым мен да бир күнү,
бир жетишпес кемчиликти чече албай.

Кайран Торат билбесе да, өзүндө
бир өзгөрүү болгондугун баамдап,
айланасын тикте-еп туруп саамга,
анан капыс асман жара азанап,
кылчак-кылчак карап үйү тарапты,
жат жетекке көнбөй кетип баратты...

Торжоргонун үнүн туурап айлана,
кулагымда миң жаңырып кайра да,
бет-кат болуп досун саткан немедей,
бирок түзүк табалбастан айла да –
Торжоргонун көзүн тиктей албастан,
мен ошондо качып тургам далдада...

3

Торжорго жок, жол да жок – жорго минер,
үйгө батпай, шаарда, сыртка батпай:
мен ойлорду жоргодой таң ашырам,
мен ойлорду сылаймын сууган аттай...

...Бир чындыкка амалсыз көнөмүн мен,
жорго деле жорго экен доору менен –
доору кетсе коошпой калат тура,
тарагансып чачыңды колуң менен.

Мээнет экен улгаюу адашпаган,
мересине ким жүрөк канатпаган,
мезгил келди, кантесиң, Торжорго эмес,
«Мерседесте» дууласаң жарашпаган.

...Кайып жылдар, элестейт ажыраган
кайран өмүр...
Кайран ат – чачыраган...
Катар эле келаткан эмес белек,
Качан түшүп калдыңар канжыгадан?!.

4

Ким туралат каршы мезгил күчүнө,
күндөр жылып каркырадай тизиле –
билинбестен убакытка уурдалып,
биздин өмүр жылып барат күзүнө.

Бирок кыял колго турбас нерсе экен,
качып кетип торжорголуу жылдарга –
каяктандыр кагып турат коңгуроо,
кулак сал деп качанкы бир ырларга.

Өткөн-кеткен ойлор келип кишиге,
кайран Торат кээде кирсе түшүмө –
кадимкидей кубат алып калам мен,
Камбар-Ата жөн салды деп ишиме!..

5

...Торжорго жок, ойлорду өнүп турган,
Торжоргодой жетелеп суулугунан:
така чак деп от учат – көрүп турам,
шыңгыр этет үзөңгү – угуп турам...
...Караңгыда калдайып өзүм жалгыз,
калаадагы үйүмдөн чыгып турам...

*15-март – 13-апрель, 2003-жыл, Жалал-Абад.*





# Чек билбеген ыр чабыт

**• *Анна АХМАТОВАдан***

## ЖАБЫГУУ

Жан талыкшыйт түшкөн ысык жарыктан,
Көз карашы анын нурдай жебедей.
Болгону бир селт деп алдым: капыстан,
Мен эркине көнүп бербегей элем.
Башымды ийдим – айтып жатат бирдеме...
Жүзүмдөн кан чегинди ушул ирмемде.
Өмүрүмдү коштоп өтүп махабат,
Таш ордуна турса мейли мүрзөмдө.

*1913*

### 2

Сүйбөйсүңбү, карагың да келбейби?
Каргыш тийгир, кандай жансың азаптуу!
Бүгүн билдим учуш колдон келбесин,
Бала кезден болсом дагы канаттуу.
Көздөрүмдөн ташып туман коогалуу,
Толуп чыкты буюмдарга жүзүңдө.
Болгону ана, бир кыпкызыл жоогазын,
Бир жоогазын куйүп турат бүчүңдө.

*1913*

### 3

Кантсе болот зиректикти жөнөкөй,
Басып келип сен жагымдуу күлүп түз.
Жарым назик, жарым жалкоо өбүшүү,
Менен аста колдорубуз бирикти –
Анан сырдуу байыркы бир дидарлар,
Мага кадап тургансыган көздөрдөн.





Дымый түшүп кыйкырыкты он жылдык,
Түндөрүмдү жана уйкусуз өткөргөн.
Сыйдырдым да карапайым бир сөзгө,
Айттым сага – мунун эми бекер деп.
Сен кеттиң да менин дүйнөм капыстан,
Боло түштү ээн дагы, жарык да.

*1913*

* * *

Байланган эмес жүрөккө жүрөк,
Кааласаң мейли – кете бер.
Бакытка дайым жанаша жүрөт,
Ким эркин болсо жолго эгер.

Ыйлабаймын мен, өкүнбөйм дагы,
Ачылбайм бирок ажарым.
Өппөчү мени, чарчаган жанды,
Өпкөнү келет ажалым.

Кыш менен бирге узаткан элем,
Күндөрдү көңүл кейиген.
Айтчы сен неге, айтчы сен неге,
Жакшысың менин теңимен?

*1911. Жаз.*

## ТАЖИЯ

Көрүстөнгө жүрөм жай издеп,
Кай жер күнөс, билсең айтсаңчы.
Талаа суук, деңиз жээгинде,
Муңга чөгөт боору таштардын.

Жымжырттыкка көнүп калган ал,
Анан сүйөт жерди күн чубак.
Кабырына мен бир жай салам,
Көпкө-көпкө турат ал чыдап.

Кош айнеги болот жана да,
Ортосунан эшик ачылат.
Ичкериде күңүрт шам чырак,
Жүрөк сымал күйөт чачырап.

Билесиңби, айтты ал шекилди,
Жөөлүп жатып бейиш кыйрынан.
Бирок монах койду жекирип:
«Сендейлерге ал жак буйрубайт».

Анда купкуу боло түшүп ал,
Шыбырады: «Кетем сен менен!»
Мына экөбүз эми эркин жан,
Бутта гана толкун термелет.

*1911. 22-сентябрь. Царское село*





## АКЫРКЫ КЕЗДЕШҮҮНҮН ЫРЫ

Көөдөн эмес, көөнүм муздап баратат,
Бирок жеңил кадам таштап келемин.
Кийген бойдон чыгыптырмын карасам,
Оң колума сол колумдун мээлейин.

Тепкичтер бир көп өңдөнүп туюлду,
А мен билем – болгону үчөө экенин.
Клендордон күзгү шыбыш уюлгуп,
Сураныштат: «Кел, өмүрдөн кечели!

Алданып мен эки жүздүү тагдырга,
Туйдум эми жашоо деле бекерин».
Жооп айттым: «О, садагаң кетейин!
Мен да алдандым, мен да өмүрдөн
кечемин…»

Эң акыркы кездешүүнүн ыры бул,
Бир кылчайып койдум күңүрт үйүңө.
Жатар үйгө гана саргыч төгүп нур,
Жалгыз чырак көңүлсүз, пас күйүүдө.

*1911-жыл. 29-сентябрь. Царское село*

* * *

Биз баарыбыз пиянкечпиз каңгыган,
Кандай гана көңүлсүз күн өтүүдө.
Дубалдагы гүл, чымчыктар каалгыган,
Бойдон сиңип булуттарга кетүүдө.

Сен капкара мүштөгүңдү булатып...
Бир кызыктай түтүн ойду бийледи.
Дагы ичкерээк көрүнсүн деп сымбатым,
Мен атайы тар юбкамы кийгемин.

Терезелер биротоло мыкталуу:
Билбейм сыртта кырообу да, нөшөрбү?
Куу мышыктын баштан ашкан сактыгы,
Көздөрүнө окшоп турат көздөрүң.

О, жүрөгүм кандай гана жабыкты!
Балким өлүм күтсө ушундай болот го?
Көз алдыман кечиргендер азыркы,
Болсо болот жалгыз гана тозокто.

*1912-жыл 19-декабрь. Вагон.*





* * *

...Тепкичтен чырак жагып,
Утурлап чыкпады эч ким.
Ай алсыз төккөн жарык,
Ушул тынч үйгө кирдим.

Жылмайып курбум мага,
Жарыкта үлүңдөгөн
Шыбырайт: «Сандрильона,
Бир кызык үнүң неге?..»

Меште от күйөт алсыз,
Бастатып шоокумду бу.
Ах! Бирөө эстеп калды,
Менин ак чокоюмду.

Үч гүлмык берди анан,
Көздөрүн жерден албай.
О сырдуу көз караштар,
Силерди катам кайда?

Жүрөгүм өйүйт бирок,
Өтүп бул кыска мөөнөт –
Менин ак чокоюмду ал,
Ар кимге өлчөп көрөт.

## КҮҮГҮМДӨ

Бак ичинде сыздап музыка,
Алда кандай сырдуу муңканат.
Мискейдеги чабак музунан,
Таза, жагым деңиз жыттанат.

Айтып мага: «Жарың болом мен!»
Көйнөгүмдөн сылай калганы.
Кучактоого кандай окшобойт,
Бул колдордун кармалаганы.

Карайт минтип кызга чабендес,
Сылайт минтип кушту, мышыкты.
Анын көзү бейгам – болгону,
Кирпигинде күлкү кызыктай.

А муңайым добуш басылбай,
Музыка аста салат шарпасын:
«Алгачкы ирет сүйгөнүң менен
Калдың жалгыз – Теңир жалгасын».

*1913. Март.*





* * *

Экөөбүз бир чөйчөктөн ичпейбиз суу,
Татпайбыз жана андан таттуу шарап.
Таң эрте өбүшпөйбүз, а кечкурун
Турбайбыз терезеден сыртты карап.
Жашайсың сен күн менен, мен ай менен,
Ортодо сүйүү жашайт жалгыз гана.

Бар менин ишенимдүү, сылык курбум,
Сенин бар шайыр мүнөз жарың алган.
Бирок мен билем көзүң неге сырдуу,
Билесиң сен да неге мен жабыгам.
Жүрөбүз кыска, тез-тез жолугушуп,
Ушундай абал бизде тагдыр салган.

Болгону ырларымда ырдайт үнүң,
А сенин ырыңда бар менин демим.
О мындай алоого эч чыдай албайт,
Унутуу, коркуулардын керимсели.
Эх, мага билсең гана кандай сүйкүм,
Экенин кургак, кызгылт эриндериң!

*1913-жыл. Күз.*

* * *

Босогодо курбумду узатып,
Турам чөгүп кызгылт иңирге.
Кошуна үйдөн сыздап жылаажын,
Шыңгырагы аста сиңүүдө.

Таштап кетти! Бул сөз жарабайт.
Катмынбы мен, тутам гүлбү же?
А көздөрүм заардуу кадалат.
Түнөрүңкү тарткан күзгүгө.

* * *

Чын назданууу чаташпайт эч нерсеге,
Ал – табигый, баёо болот жана да.
Сен жашырып тартпа убара бекерге,
Мага ийниңи, төшүңү мех жакаңа.
Анан тунгуч сүйүүңдү айтып кейип кур,
Жылдызыңды жерге салба, муңайба.
О мен кандай билем дейсиң сенин бул,
Топук билбес көздөрүңдү сугалак!

*1913-жыл. Декабрь. Царское село*





* * *

Шамал жана аяздан соң жаныма,
Жагып турат оттун жылуу илеби.
Ушу сапар мен сактанбай калдым да,
Жүрөгүмдү уурдатып жибердим.

Жаңы жылдын узарып шаң, аземи,
Нымдуу бойдон турат гүлдүн саптары.
Көөдөнүмдөн калды угулбай а менин,
Ийнеликтин тынбай канат каккaны.

Ах! Жүзүмдөн бүт кылмышым байкалып
Турат – аны көздөрүнөн тааныдым.
Бербеселе уурдаганын кайтарып,
Деген коркуу өйүйт эми жанымды.

*1914, январь*

* * *

Сураган жокмун сүйүүңдү сенин,
Сактаймын аны бир бекем жерге...
Ишенгин жана кызганып сени,
Каттарды жазбайм келинчегиңе.

Коёмун бирок момундай талап:
Ырымды ага окуткун дайым.
Сүрөттөрүмдү да жүрсүн ал карап,
Болсун бул эрдик, кенендик жагың.

Эси жок андай жандарга өйдө,
Дил төккөн ынак аңгемелерден.
Алгачкы назик күндөрдөн көрө,
Толугу менен жеңгенин сезген.

Качандыр ушул бактыңды кыска,
Колуктуң экөөң бүткөн соң жашап.
Кандайдыр жаның жабыгып сыздап,
Баарынан тажап, көңүлүң калса –

Салтанат курган түнүмө менин
Келбегин. Такыр тааныбайм сени.
Сага мен кандай бермекмин жардам?
Билесиң бактан дарылай албайм.

*Июль. 1914. Слепнево*





## • *Лев ОЗЕРОВдон*

* * *

Дүйнө ушундай эселек да, кагелес,
Мына биз да жолугуштук кайрадан.
Сиз жыйырма төрт жашта экенсиз дагы эле,
А мен кайра жыйырма беште жайнаган.

Сүйүү жөнүн али айтыша элекпиз,
Күндү узатып горизонтко алпарып.
Сиз да мага али карай элексиз,
Ары катаал, ары бир аз апкаарып.

Баары кайра башталууда, мен али
Билбейм: кандай ойлор түнөп көңүлгө.
Кантип мени күтөмүн деп сөз берип,
Кантип мени күткөнүңүз жөнүндө.

Кандай гана чарчагансыз күтүүдөн,
Чарчоону анан кайра бойдон кубалап.
Мунун баарын үн-сөзү жок түшүнтүп,
Жыл арыткан чачтарыңыз кубарат.

Дүйнө ушундай эселек да, кагелес,
Мен наяти билгим келет кайрадан.
Сиз жыйырма торттөсүзбү дагы эле,
А мен жыйырма бештеминби жайнаган?

* * *

Сен экөөбүз катталбадык никеге,
Достор дагы куттук айтып турган жок.
Ушакка өч катындар да демейде,
Эмнегедир сени уу-дуу кылган жок.

Бокал шыңгыр кагышпады үстөлдө,
Бомбалоо...Түн... Жарык өчкөн...
От кайда?
Жалаң гана кайгы төрөп бул күндөр,
Чууга толуп чыккан ыплас вокзалдар.

Биздин жаман аскердик жер төлөнү,
Титиретип алыстагы жарылуу.
Ушул жерде айттым жакшы көрөрүм,
Эң бир ыйык ойлорумду жабылуу.

Шакек салбай сен колуңа ынагым,
Куруң белге тагып алдың шакектей.
Мен айтым да – сен кадиксиз ынадың,
Эмнени айттым экен деги а кечте?..

* * *

Сени ойлогум келип турат. Сени ойлойм.
Сени ойлогум келбей турат. Сени ойлойм.
Башкаларды ойлосом дейм. Сени ойлойм.
Түк эч кимди ойлобойм дейм. Сени ойлойм.





## • Михаил ДУДИНден

* * *

*Л. А.*

Билесиңби, келди сенин айтканың,
Качандыр бир катар басып баратып.
Жашыл арал тосуп алган, жапжаңы,
Из түшө элек чөптөр жытын таратып.

Беделерден, чырмооктон, туландан,
Учуп чыгып алтын түспөл аарылар.
Таза, кенен, мөлтүр болчу саябак,
Көгүш деңиз жай көөлгүп арыда.

Билесиңби, келди сенин айтканың,
Бүт бардыгы өтөт-кетет. Чынында
башка чөптөр чыгышыптыр жапжаңы,
башка аарылар учуп жүрөт ызылдап.

Суунун муңдуу шоокумуна аралаш,
Алар гүлдөн-гүлгө конуп ырдашат.
Нымдуу кумга бата түшүп катарлаш,
Кудум эле биздикиндей из жатат...

* * *

*И. Т.*

Тагдырымда менин катаал, тынчы жок,
Сен жароокер, биротоло калдың да –
Келдим мына поезд минип, ой коштоп,
Поездди да сүйүп калдым андыктан.

Ок ышкырбай тынчый калган ирмемде,
Акты шамал, канча жолду өтөдүк.
Жерди дагы сүйдүм сени сүйгөндөй,
Сени үстүнө жүргөн үчүн көтөрүп.

Үмүт берип, коштоп жүрдүң сен дайым,
Катарымда кошо какап түтүнгө.
Балким сени сүйдүм окшойт мен дагы,
Мени чексиз сүйгөндүгүң үчүн сен!





**• *Николай РУБЦОВдон***

## КОШТОШУУ ЫРЫ

Биротоло кетемин бул кыштактан,
Калат түндө кыйчылдаган эшиктер.
Калат дайра бетин калың муз каптап,
Калат баткак короолордо, эшикте.

Келет да энем, кирет бейтынч уйкуга…
А сен ушул жайда бозгулт айдыңы.
Бешик тиктеп өткөрөсүң бул түнду,
Менин таштап кеткениме кайгырып.

Эмне үчүн сен, сормо саздын жанында,
Кирпиктериң сырдуу ирмеп олтуруп.
Куштай аяр азыктанттың экен а,
Кочушуңа кызылгатты толтуруп.

Уксаң, шамал улуп-уңшуйт сарайда,
Уксаң, кызым күлүп жатат түшүркөп.
Аны менен ойноп балким асманда,
Алып-учуп барат пери түшүрбөй.

Чөкпө жаным! Ар жаз сайын чыкпай жүр,
Пристандан кемелерди утурлап.
Кел, жакшысы, коштошордо ичели,
Арнап биздин кыска ысык учурга.

Сен экөөбүз бөлөк-бөлөк куштарбыз,
Бир жээктен күтмөк элек эмнени?
Мүмкүн ушул бойдон такыр кайрылбайм,
Мүмкүн кайра жер айланып келем бир.

Сен билбейсиң, таман жолдо түнкүсүн,
Кимдир бирөө ээрчип келе жаткандай,
Сестүү заар шобурт уга берем мен,
Болгонсуймун түштө жөөлүп ар кандай.

Бирок бир күн кызылгатты эстейм мен,
Эстейм жана махабатты ыраакки.
Анан куурчак салып ийем силерге,
Акыры бир сырдуу жомок сыяктуу.

Себеби ушул, ойноп кызым куурчакты,
Жалгыздыктын тартпасын эч зардесин.
-Апа, апаке! Карасаң бу куурчакты,
Көзүн ирмейт, ыйлаганын кантесиң...

## ЖАЛБЫРАКТАР УЧУШАТ

Жалбырактар учушат
теректерден –
Дүйнө өзүнүн жолунда мыйзам-ченем...
Сен аяба, барикти, аяба эч,
Ая менин сүйүүмдү аздектеген.

Мейли калсын дарактар бүт тонолуп,
Ызылдасын бурганак мейли урушпа.
Кимдир бирөө айыптуу болобу же,
Жалбырактар дарактан дуу учушса?





# Самидиндин санаты

## 1. ЖИГИТТЕРГЕ [1]

Айтпасам бирөө билеби,
Агаңын ушул тилеги.
Дебесем бирөө билеби,
Дервиштей агаң тилеги.

Асылын сөздүн жыйнагам,
Айтам деп жүргөм кыйладан.
Керемет сөздү жыйнагам,
Кезегин күткөм кыйладан.

Огу чыгып сөзүмөн,
От чагылат көзүмөн.
Чачырап жалын сөзүмөн,
Чагылган учат көзүмөн...

...Уландар улук атыңар,
Уландык атка татыңар.
Жигиттер улук атыңар,
Жигиттик атка татыңар.

Берметтей болсун жарыңар,
Бекем болсун жаныңар.
Алмончок болсун жарыңар,
Аман болсун жаныңар.

Кыдырдын тийип батасы,
Кыздардын болгун атасы.
Бабаңын тийип батасы,
Балдардын болгун атасы.

Алпештеп бала сүйүңөр,
Ак сарай болсун үйүңөр.
Кастарлап бала сүйүңөр,
Кан сарай болсун үйүңөр.



[1] Абдыкайым Ашимбаевдин аткаруусунда атайын дисккe чыккан



Жараткан өзү колдосун,
Жат душманың болбосун.
Алла таала колдосун,
Аңдыган душман болбосун.

Кожойкыдыр колдосун,
Коркуткан доон болбосун.
Байгамбарлар колдосун,
Бар ишиң кудай оңдосун.

Жакшылык түшсүн келмеден,
Жамандык көрбө пендеден.
Ырыскы түшсүн келмеден,
Ыдык көрбө пендеден.

Кыздарың оюң актасын,
Кырсыктан кудай сактасын.
Балдарың оюң актасын,
Балакеттен сактасын.

Олуялар колдосун,
Ооруган жериң болбосун.
Кеменгерлер колдосун,
Кеселдүү жериң болбосун.

Дарак чыксын ташыңа,
Дарт тийбесин башыңа.
Көбүргөн чыксын ташыңа,
Көз тийбесин башыңа.

Катуу болсун мээнетиң,
Таттуу болсун дөөлөтүң.
Адал болсун мээнетиң,
Артык болсун дөөлөтүң.

## 1. ЖИГИТТЕРГЕ [1]

Айтпасам бирөө билеби,
Агаңын ушул тилеги.
Дебесем бирөө билеби,
Дервиштей агаң тилеги.

Асылын сөздүн жыйнагам,
Айтам деп жүргөм кыйладан.
Керемет сөздү жыйнагам,
Кезегин күткөм кыйладан.

Огу чыгып сөзүмөн,
От чагылат көзүмөн.
Чачырап жалын сөзүмөн,
Чагылган учат көзүмөн...

...Уландар улук атыңар,
Уландык атка татыңар.
Жигиттер улук атыңар,
Жигиттик атка татыңар.

Берметтей болсун жарыңар,
Бекем болсун жаныңар.
Алмончок болсун жарыңар,
Аман болсун жаныңар.

Кыдырдын тийип батасы,
Кыздардын болгун атасы.
Бабаңын тийип батасы,
Балдардын болгун атасы.

Алпештеп бала сүйүңөр,
Ак сарай болсун үйүңөр.
Кастарлап бала сүйүңөр,
Кан сарай болсун үйүңөр.

[1] Абдыкайым Ашимбаевдин аткаруусунда атайын дискке чыккан





Жараткан өзү колдосун,
Жат душманың болбосун.
Алла таала колдосун,
Аңдыган душман болбосун.

Кожойкыдыр колдосун,
Коркуткан дооң болбосун.
Байгамбарлар колдосун,
Бар ишиң кудай оңдосун.

Жакшылык түшсүн келмеден,
Жамандык көрбө пендеден.
Ырыскы түшсүн келмеден,
Ыдык көрбө пендеден.

Кыздарың оюң актасын,
Кырсыктан кудай сактасын.
Балдарың оюң актасын,
Балакеттен сактасын.

Олуялар колдосун,
Ооруган жериң болбосун.
Кемеңгерлер колдосун,
Кеселдүү жериң болбосун.

Дарак чыксын ташыңа,
Дарт тийбесин башыңа.
Көбүргөн чыксын ташыңа,
Көз тийбесин башыңа.

Катуу болсун мээнетиң,
Таттуу болсун дөөлөтүң.
Адал болсун мээнетиң,
Артык болсун дөөлөтүң.

Англис болсун ашинаң,
«Ауди» болсун машинаң.
Немис болсун ашинаң,
«Мерседес» болсун машинаң.

Арабдан болсун ашинаң,
Ар түрдүү болсун машинаң.
Түрктөн болсун ашинаң,
Түрдүү болсун машинаң.

Достордун жүргүн камында,
Долларың болсун жанында.
Элиңдин жүргүн камында,
Евроң болсун жанында.

Машинаң болсун дегеним,
Мартабаң өссүн дегеним.
Акчаң болсун дегеним,
Аброюң өссүн дегеним.

«Адам болуш аста-аста,
Акмак болуш бир паста».
Акчанын түшпөй артынан,
Абийриңди бек сакта.

Машине деген курусун,
Машинелүү болдум деп,
Манчыркасаң иничек,
Маскара болуп турусуң.

Акча деген курусун,
Акчалуу болдум эми деп,
Алабарман кеп урсаң,
Акмак болуп турусуң…





Дагы айтарым төгүлүп,
Даана болгун бөлүнүп.
Кааларым ушул төгүлүп,
Катардан тургун бөлүнүп.

Ай бөлөсүн жолуңу,
Акаев кыссын колуңу.
Нур бөлөсүн жолуңу,
Нурсултан кыссын колуңу.

Кадырың төмөн болбосун,
Каримов болсун жолдошуң.
Ниетиң төмөн болбосун,
Ниязов болсун жолдошуң.

Буудайың өссүн бутактап,
Бушту жүргүн кучактап.
Пейилиң өссүн бутактап,
Путинди жүргүн кучактап…

Калкыңа көрүп камылга,
Кандар жүрсүн жанында.
Элиңе көрүп камылга
Депутат жүрсүн жанында.

Кыйланын көргүн сыйыны,
Кыргыздын болгун кыйыны!
Эчендин көргүн сыйыны,
Элиңдин болгун кыйыны!..

Кандарды жанда дегеним,
Кадырың болсун дегеним.
Депутат жанда дегеним,
Дөөлөтүң болсун дегеним.

Бирок,
бийлигиң колдун киридир,
Бийлик деп кетип нечендер –
Бечара болуп жүрүдүр.
Мансабың колдун киридир,
Манчыркап кетип нечендер –
Маңкасы чыгып жүрүдүр.

Балант болсун мартабаң,
Мартабаң балант болгондо –
Букара көөнүн таштабаң.
Эгиз болсун мартабаң --
Мартабаң эгиз болгондо,
Элиңдин көөнүн таштабаң.

Алтының жердин темири,
Алтының мейли болбосо –
Акылың болсун кеңири.
Тыйының жердин темири,
Тыйының мейли болбосо –
Туюмуң болсун кеңири.

Кайкалай берет билбеген –
Кара кылды как жарып,
Калыс болот эл деген.
Көпкүлөң болот билбеген –
Көптүн көзү көрөгөч,
Көрүп турат эл деген.

Бакыт ошол тоголок,
Бапес кылып башынан –
Барктабасаң жоголот.
Дөөлөт деген тоголок,
Дөөлөтүң күтө албасаң --
Дөңгөлөнүп жоголот...





Ошондуктан, жигиттер,
Ордуңду туура тандагын.
Оюңду жыйып башынан,
Оокат-ашың камдагын.
Ооматың кетсе бир күнү,
Оозуңду ачып калбагын...

...Дагы айтарым дагы бар,
Даана жүр, балдар, баарыңар.
Туура жолдон адашсаң,
Тузакка түшмөй жагы бар.

Жамандан жапа тийбесин,
Жалаага калып бир күнү,
Жаман тамдын ичинде,
Жалындап ичиң күйбөсүн.

Тентектен жапа тийбесин,
Тескери кетип бир күнү,
Темир тордун ичинде,
Телмирип ичиң күйбөсүн.

Желпине берсең миң күнү,
Желиң чыгат бир күнү.
Опурулсаң миң күнү,
Отуң чыгат бир күнү.

Чалкалай берсең миң күнү,
Чалп этесиң бир күнү.
Кайкалай берсең миң күнү,
Карс сынасың бир күнү.

Кесирлүү бирөө сөкпөсүн,
Келжеңдетип бир күнү,
Милийса сүйрөп кетпесин.
Тентек бирөө сөкпөсүн,

Темдеңдетип бир күнү,
Тергөөчү сүйрөп кетпесин.

Жетти акыры буга деп,
Жек-жаатың күлбөсүн –
Желкеңен сүйрөп милийса,
Жер тамга камап жүрбөсүн.

Болмок эле болду деп,
Боордошуң күлбөсүн –
Поктоп тилдеп милийса,
Подвалга камап жүрбөсүн.

Тозоктун тартып буйругун,
Толгонбосун куйругуң.
Жоболоң тартып буйругуң,
Жоорубасын куйругуң.

Ачык айтып өтөмүн,
Ачылбасын көтөнүң.
Көрүнөө айтып өтөмүн,
Көрүнбөсүн көтөнүң.

Ошондуктан ашынам,
Ооматты карма башынан,
Дагы айтарым ашынам,
Дөөлөттү карма башынан.

Кынык алба аракка,
Кынык алсаң аракка –
Кылган ишиң жарака.
Имерилбе аракка,
Имерилсең аракка –
Ишиңен кетет жарака.





Айткан менен болбостон,
Аракка сен да барарсың.
Акылың жетип аз-аздан,
Акыр бир күн чанарсың.
Акылың түбү жетпесе,
Акмак болуп каларсың.

Түшүнсөң бир күн чанарсың,
Түшүнбөсөң акыры,
Тирүүнүн болуп өлүгү,
Тилеп ичип каларсың.

Сезинсең бир күн чанарсың,
Сезинбесең акыры,
Суук тумшук көрүнүп,
Сурап ичип каларсың.

Арактын көп балаасы,
Арактын көп жалаасы,
Алдырбагын аракка,
Адамзаада баласы…

Эми, нашаа деген оору бар,
Нашакордун шору бар.
«Мазгиңди» толук түгөтүп,
Маңкурт кылар оору ал.

Артыңан бүтпөс доо кылат,
Атаңы сага жоо кылат.
Ээрчиген бүтпөс доо кылат,
Энеңи сага жоо кылат.

Үй ичиңди сатасың,
Үй-бүлөңөн качасың.
Туш келгенин сатасың,
Тууганыңан качасың.

## ӨЛКӨНҮ ЖЫГЫП АЛБАЙЛЫ![2]

Бешинчи жылы кышында,
Шайлоого элим туш болду.
Шайтандап кетип аягы,
Шай оодарган иш болду.
Февралдын соңунда,
Шайлоого элим туш болду.
Шайлооң менен куруп кал,
Шай кетирген иш болду.

Акыйкат издеп адамдар,
Ак үйгө чейин киришти.
Акаевдик режим,
Ак чечпесин билишти,
Үшкүрүнүп адамдар.
Үмүт кылып жүрүштү,
Үй-бүлөлүк режим,
Үндөбөсүн билишти.

Бир күнү анан адамдар,
Пикирин кандан бурушту.
Пикет кылып турушту.
Ниетин кандан бурушту,
Минутага жылбастан,
Митинге кылып турушту.

Ооматы кеткен чоңубуз,
Ошону дагы көргөн жок.
Не деп жатат булар деп,
Непадам бир келген жок.
Иштен кетиш жагынын,
Шек-шыбаасын берген жок.

[2] Абдыкайым Ашимбаевдин аткаруусунда атайын дискке чыккан





Акырында адамдар,
Акаевге жетишти,
Ак үйгө кирип кетишти.
Бир күнү анан адамдар,
Бишкекке чейин жетишти.
Баш үйгө кирип кетишти.

Узун сөздүн кыскасы,
Беш аркар жылдыз тоголду,
Президент качып жоголду.
Алты аркар жылдыз тоголду,
Ажо качып жоголду.
Күн кыядан тоголду,
Губернаторлор жоголду.

Баш көргөндү көз көрбөй,
Башталды анан өзгөрмөй:
Кокуй иштер көбөйдү,
Кой деген пенде кез келбей.

Дүкөндөрүн Бишкектин,
Талап кетмей башталды.
Кой-ай деген кишини.
Сабап кетмей башталды.
Томуктай буюм калтырбай,
Тоноп кетмей башталды.
Тапкан пулун чөнтөккө,
Солоп кетмей башталды.
Атасынан калгансып,
Артып кетмей башталды.
Алсызынан күчтүүсү,
Тартып кетмей башталды.
Таш ыргытып баарысын,
Талкаламай башталды.

Машинасын бирөөнүн,
Балталамай башталды.
Жалгыз-жарым болбостон,
Көптөп иймей башталды.
Аягында баарысын,
Өрттөп иймей башталды.

Бишкек минтип аткан соң,
Биягы карап турабы?
Каргашаны жер-жерде,
Кадимкидей улады.

Борбору антип аткан соң,
Айылы карап турабы?
Чыпчыргасын коротпой,
Чыр-чатакты улады.

Ошентип,
Акмактык кадам ташталды,
Аким урмай башталды.
Бузуку кадам ташталды,
Прокурор урмай башталды.
Кызык кадам ташталды,
КГБ урмай башталды.
Мисалдар кызык ташталды,
Милийса урмай башталды.
Тыңсынганын акимдин,
Байлап алмай башталды.
Прокуророн баш кылып,
Айдап алмай башталды.
Ар жылгадан бир аким,
Шайлап алмай башталды.
Башкы сотту баш кылып,
Байлап алмай башталды.





Бизге чечип берсин деп.
Айдап алмай баштады.
Жөн жүр деген адамды,
Жөөлөп урмай башталды.
Тек тур деген адамды,
Тепкилемей башталды.
Балекет кадам ташталды,
Банк тономой башталды.
Маанисиз кадам ташталды,
Машина урмай башталды.
Жактырбаган жерине,
Барып алмай башталды.
Аялдарды алдыга,
Салып алмай башталды.
Асымайын шашпастан,
Атып алмай башталды.
Бир-эки айлап кетпестен.
Жатып алмай башталды.

Экөө-үчөө бириксе,
Өкмөт шайлап алышат.
Алтымышы бириксе,
Аким шайлап салышат.
Жаатташып бөлүнөт,
Жат киши көрсө сөгүнөт.
Өзүмкү деп бөлүнөт,
Өзгөнү көрсө сөгүнөт.

Биздикин коюп бергин деп,
Билермандар жүрүшөт.
Губернаторду жадатып,
Ажого чейин киришет.
Кой деп койсо таарынат,
Тескери тонун жамынат.

Көтөрөмүн элди деп,
Көтөрүлүшкө камынат.
Жоболоңду салышат,
Жолго жатып алышат.
Калбааны катуу салышат,
Кан жолду жаап алышат.
Жосунсуз ишти кылышат,
Жолоочуну урушат.
Сабырсыз ишти кылышат,
Сапарчыны урушат...

Биягы минтип жатканда,
Бишкектен жана ыр чыкты.
Бирөөнүн менчик жерлерин,
Басып алмай чыр чыкты.

Талаасына бирөөнүн,
Там салам деп жатышат.
Так ушерди бербесең,
Чаң салам деп жатышат.
Үлүшүнө бирөөнүн,
Үй салам деп жатышат.
Ушул жерди бербесең,
Чыр салам деп жатышат.
Чек арасын белгилеп,
Ченеп алып жатышат.
Энеси туул бергенсип,
Ээлеп алып жатышат.
Айдап койгон эгинин,
Тепсеп алып жатышат.
Жалгыз жарым болбостон,
Көптөп алып жатышат.
Айдоосуна бирөөнүн,
Аш бышырып жатышат.





Талаасына бирөөнүн,
Таш түшүрүп жатышат.
Секин-секин жылдырып,
Цемент куюп жатышат.
Пайдубалын бышыктап,
Белент куюп жатышат.
Өкмөт, берген жерлерге,
Барбайбыз деп жатышат.
Ушул жерден башкасын,
Албайбыз деп жатышат...

Алабарман иштерге,
Абалтан элим чек коёт.
Ачыгын айтсам мындайды,
Акмакчылык деп коёт.
Балакеттүү иштерге,
Байыртан элим чек коёт.
Балээси көп мындайды,
Баскынчылык деп коёт.
Көңүлгө жат иштерге,
Көпчүлүк элим чек коёт.
Көрүнөө кордук мындайды,
Көтөнзордук деп коёт.

Ошондуктан калайык,
Обу жок ишти коёлу.
Оолуга бербей жөнү жок,
Орду менен бололу.
Ар кимге керек үй деген,
Бирок, чоюп кете бергидей,
Чозмо эмес да Чүй деген.
Керек дечи үй деген,
Керип кете бергидей,
Керме эмес да Чүй деген.

Ошондуктан туугандар,
Оштон келген опосуз.
Ого жерди берели.
Жалалабаддык жардыга,
Жана жерди берели.
Таластан келген жалаң төш,
Таап жерди берели.
Баткенден келген батрак,
Байкап жерди берели.
Көлдөн келген кембагал,
Буга жерди берели.
Теңир толук кедейге,
Тегиз жерди берели.
Теги-түбүн изилдеп,
Зарылдарга берели.
Кароосу жок кайгырган,
Карыптарга берели.
Маани-жайы жакшы эмес,
Майыптарга берели...

Үч жерден жер алганды,
Үч катыны барларды.
Төрт жерден жер алганды,
Төрт катыны барларды.
Бары-жогун бышыктап,
Балама деп барганды.
Кылымдык кылып өзүнө,
Кызыма деп барганды.
Эстен чыккыс кылайлы,
Элден алыс кубайлы.
Жолобогудай кылайлы,
Журттан алыс кубайлы.





Анткени, Эки Кемин эли бар,
Эсептешээр жери бар.
Сары Өзөн Чүйдүн эли бар,
Санаша турган жери бар.
Сапырылбай кур эле,
Сабыр кылыш жөнү бар.

Алардын өрчүп мал-жаны,
Өсүп-өнсө балдары.
Чогуу жашап калышпайт,
Чоңоюш керек тамдары.
Керилип жата алышпайт,
Кеңейиш керек чарбагы.

Аларга да жер керек,
Аларга да эл керек.
Алабарман иш кылбай,
Алдын алыш эң керек.

Ошондуктан туугандар,
Ойлонсок акыл сыр чыгат.
Түрткүлөшүп отурсак,
Түбүндө барып чыр чыгат.

Жамааттшсак туугандар,
Жакшылык, акыл сыр чыгат.
Жааттшсак эмитен,
Жана дагы чыр чыгат...

Эми, ашыкча айтып нетейин,
Аялдарга өтөйүн.
Кайталай берип нетейин,
Катындарга өтөйүн.

Кыжылдашмай күндөрдө,
Кыйын болду аялдар,
Курал кылып колдонгон,
Буюм болду аялдар.
Ушундай кыйың кезекте,
Убал болду аялдар.
Саясатка сасыткы,
Курал болду аялдар.

Топтоп жыйнап алышат,
Топ алдына салышат.
Тополоңдуу жерлерге.
Токтотпостон барышат.
Бетке кармап алышат,
Бектерге тике салышат.
Алдыга кармап алышат,
Акимдерге салышат.

Көпчүлүк деген көпчүлүк,
Тегиз болбойт турбайбы.
Жакшысы менен жаманы,
Эгиз болот турбайбы...

Аялдардын ичинен,
Эпчилдери көбөйдү.
Баягыда минткен деп,
Кекчилдери көбөйдү.
Бет апчымай жагына,
Белен катын көбөйдү.
Эринин тилин албаган,
Эрен катын көбөйдү.
Жакаламай жагына,
Жакын катын көбөйдү.
Жаагы такыр тынбаган,





«Акын» катын көбөйдү.
Ченин билбей кеп айткан,
«Чечен» катын көбөйдү.
Элге жагар кеби жок,
Эчен катын көбөйдү.
Оозуна алы жетпеген,
«Оратор» катын көбөйдү.
Кудай бетин салбасын,
«Куратор» катын көбөйдү.
Долулугун долларга,
Саткан катын көбөйдү.
Догурунчу жер тапса,
Жаткан катын көбөйдү.
Дүрбөлөң укса дүрбөгөн,
«Дүжүр» катын көбөйдү.
Күч колдонуш жагына,
«Күзүр» катын көбөйдү.

Ажаанданып турушат,
Ал жеткенин урушат.
Жаалданып турушат,
Жакаңы айрып урушат.
Катарлашып турушат,
Кармаганын урушат.

Бейпай салып албаса,
Беш тырмагы кычышат,
Бетиңи апчып тытышат.
Чатак салып албаса,
Чачынын түбү кычышат,
Чапаның айрып тытышат.

Жай адамдар канетсин,
Жакындабай калышты.

Байбиче деп барпаңдап,
Бакылдабай калышты.
Алты катын көрүнсө,
Аярданып калышты.
Арты кандай болот деп,
Даярданып калышты.
Жети катын бар жерге,
Жеке барбай калышты.
Жеңеке деп энтеңдеп,
Жете барбай калышты...

Эми, эжелер муну коюшса,
Элире бербей жөнү жок,
Эби менен болушса.
Аялдар муну коюшса,
Ажаандыгын токтотуп,
Адеби менен болушса...

Ынтымакка келишсек,
Ырыскыны бөлүшсөк.
Ынкылаптын жемишин,
Ырааты менен көрүшсөк.
Таалимдүү ишке келишсек,
Тартипке бир аз көнүксөк.
Тайраңдай бербей кур эле,
Талабы менен өнүксөк.

Кырга малды оттотсок,
Кыйкырмайды токтотсок.
Жонго малды оттотсок,
Жол тосмойду токтотсок.
Мисалдарды оңдотсок,
Митингдерди токтотсок.
Пикирлерди оңдотсок,
Пикеттерди токтотсок...





Эрегиштен эр өлгөн,
Эр Алманбет шер өлгөн.
Кагылыштан кан өлгөн,
Кан Манасың дагы өлгөн.
Абалкысын койгондо,
Алымбектей датка өлгөн.
Мусулманкул бек өлгөн,
Нүзүп бийиң деги өлгөн.
Арабстанга айдалып,
Абдылдадай бек өлгөн.
Тууугандардын колунан,
Туура отуз бир жашында,
Мадаминбек эр өлгөн.
...Ушунун баары тууугандар,
Ички чырдын – курманы.
Душман чыга беришкен,
Тууганына тууганы.

Ынтымакка келалбай,
Ыдык көрдүк көптөрдөн.
Бөлүнгөн сайын бөрү жеп,
Бөйрөгүң журтум бөксөргөн...

Андыктан элим биз дагы,
Алды-артыбызды карайлы.
Манчыркай берип жөнү жок,
Манасты жутуп албайлы.
Чындыкты айтсам калайык,
Чыныгы жолду тандайлы.
Чыр кылып жүрүп акыры,
Чубакты жутуп албайлы.
Туугандар ишти аңдайлы,
Туура жолду тандайлы.
Тытыша берип акыры,

Туну жыгып албайлы!
Өзгөлөрдөн калбайлы,
Өнүгөр жолду таңдайлы.
Өчөгүшүп отуруп.
Өлкөнү жыгып албайлы!

*Май-июнь, 2005-жыл.*

## КЕРЕМЕТ КЫРГЫЗ ЖАЙЛООСУ [3]

Ай аскадан кылайып,
Ак булут тоодон булайып.
Ажайып кыргыз жайлоосун,
Ар кандай айтсак ылайык.

Күн аскадан кылайып,
Күмүш түс булут булайып.
Керемет кыргыз жайлоосун,
Кандай да айтсак ылайык.

Жайлоонун көркү тоо болот,
Жайлоону айтар алдынан,
Тоолорду айтсак оң болот.
Кыргыздын жаны тоо болот,
Тоого бышкан адамдын,
Дени-карды соо болот.
Болбурабай тың болот,
Ден соолугу чың болот.

...Биздин тоолор уланып,
Толукталып, куралып.
Гималайга жеткенче,
Кете берет суналып.

[3] Төкмө акын Абдыкайым Ашимбаев аткарган





Куралып кыры-кырынан,
Кыярбай өтүп кылымдан.
Чыгышынан бул тоолор,
Монголду баса жыгылган.

Чокуга чоку улаган,
Чоң-Алай болуп чубаган.
Батышынан бул тоолор,
Памирди баса кулаган.

Чокуга музу кетпеген,
Пенденин буту жетпеген.
Түштүгүнөн бул тоолор,
Чоң Кытайды чектеген.

Ак бороон мизин майтарып,
Ак калпактай кайкайып.
Түндүгүнөн бул тоолор,
Казакты жатат кайтарып.

...Эми жайлообузга келели,
Жакшылап айтып берели.
Берметтей кыргыз жайлоосун,
Бир баштан айтып көрөлү.

Баштасак кепти Таластан,
Башы чыкпай талаштан.
Далайлар келип чабышып,
Акыры тентип адашкан.

Кара-Буура, Беш-Таштан,
Өтмөккө чейин уланып,
Суусамыр менен аштašкан.
Карагайлы, Боктурбас,

Кыргыздан бөлөк олтурбас.
Ой-Кайың менен Эчкили,
Чокусу Манас Атанын,
Ушунун баары Таласта,
Билсин деп айтып жатамын.

Бер жагында Чаткал бар,
Талас менен Ташкендин,
Ортосунда жаткан бар.
Беш-Арал менен Баркырак,
Боз-Бугу чоку жалтырап.
Жоо-Жүрөк, Торпок-Чычтынын,
Жомогу дале айтылат.
Атактуу Кара-Жаңырык,
Азыр да турат жаңырып.
Арпа-Төктү, Аблетим,
Ат-Жайлоо менен Күлдүр-Таш,
Миң-булак, Сандык ,Чандалаш,
Кара-Кысмак, Чаар-Таш,
Атактуу мындай жайлоолор,
Чаткалда жатат аралаш.

Андан бери Аксы дейт,
Аксыда жайлоо жакшы дейт.
Баш жагы болсо Кара-Суу,
Аягы Кара-Тоо болот.
Кожожаш мерген камалган,
Афлатун бийик зоо болот.
Көк-Таш менен Ак-Башат,
Ангрен менен ашташат.
Иштамберди, Итагар,
Падыша-Ата, Чанач бар.
Болгон тоону Бозбу дейт,
Карагай өскөн жагынан,





Кашка-Суу жайлоо озду дейт.
Сары-Челек менен Арым бар,
Айтылбаганы дагын бар.

Кеп салып эми көрөлү,
Керемет Кетмен-Төбөнү.
Узун-Акмат, Чычкан бар,
Көңүлүң көккө учкан бар.
Сары-Камыш менен Толукту,
Көргөндүн көөнү оолукту.
Караган-Жайык, Саргата,
Жайлаган кыргыз жайлата.
Кишен-Суу менен Тер-Жайлак,
Мал баккан кыргыз эл жайлап.
Нарындын берки өйүзү,
Камбар-Ата, Үч-Терек,
Көргөнгө далай күч керек.
Жабык-Терек, Көк-Ирим,
Түндүк жагы Кайыңды,
Бардыгын кыргыз жердеген,
Боз үйлөр көркөп айылды.

Базар-Коргон жеринде,
Атактуу Ноокен элинде,
Ажайып эчен жайлоо бар.
Көңүл буруп карасак,
Кемтик жок кыргыз жеринде.
Күмүш-Суу менен Отуз-Арт,
Жазы-Кечүү, Күрөбөс.
Ушундай жерди жайлаган,
Кыргыздын малы жүдөбөс.
Бабаш-Ата, Арстанбап,
Каба-Сай менен Чарбак бар,
Айтылбай калган ар жак бар.

Сары-Бел менен Алаш бар,
Шаркыратма, Сере-Суу,
Шайдан-Сай менен Бабаш бар.
Биздин жер деп ар жылы,
Токтогул менен талаш бар.
Сары-Бээ менен Майлуу-Суу,
Мал менен жанга жайлуу суу.

Андан бери келели,
Сузакты айтып берели:
Серүүн-Дөбө, Кызыл-Суу,
Алмалуу-Булак, Үрүмбаш,
Аягы болот тутумдаш.
Ашуунун атын Көгарт дейт.
Тогуз-Торону чектеген.
Көгарттын музу көгөрүп,
Июнга чейин кетпеген.
Андан ылдый эңкейсең,
Калмак-Кырчын, Сыны дейт,
Орток менен Кара-Алма,
Жаңгакка толгон чыны дейт.
Айтып өтсөм ачыгын,
Аңгемеси түгөнбөйт,
Чаңгет менен Ачынын.
Чымбайынан туз чыкса,
Таш көмүр чыгат Маркайдан.
Жердин баарын жемирип,
Чукуп чыгат капкайдан.
Ошолордун айынан,
Жайыттар тарыйт мал жайган.

Өзгөндүн эки алабы,
Жазы дайра, Тар болот,
Ар жылгадан кошулган,





Агын суулар бар болот.
Зергер менен Доңуз-Тоо,
Жанаша аккан пар болот.
Айтпай кетсек болобу,
Атактуу Кара-Шорону.
Кеңейтип жаткан жер ошол,
Керемет Тогуз-Торону.
Ийри-Суу менен Жалпак-Таш,
Алайга жатат алкакташ.
Кабылан-Көл, Кызыл-Суу,
Катта-Талдык, Папан бар.
Катар санап баратам,
Кай жеринде катам бар?

Айтпай кетсек жарайбы,
Алайкуу менен Алайды.
Кара-Кулжа, Тар дайра,
Аркы жээкке өткөрбөй,
Азапка салган далайды.
Кулун-Көл менен Кара-Кыр,
Ат-Башыга жакындап –
Күн жүрүш жагын карасаң,
Кытайды жатат такымдап.
Сөөк менен Торугарт,
Билгенге анын жолу март.
Жол билбеген адашып,
Заматта жини соолугат...
Аскасы булут оронгон,
Ар күнү соккон бороондон,
Алай-дүлөй көп болуп,
«Алай» деп калган ошондон.
А бирок мындай жайлоо жок,
Жапжашыл түскө боёлгон.
Көдөө деген чөбү бар,

Биз билбеген көбү бар.
Ак кар кетпес төрү бар,
Ак калпак кыргыз эли бар.
Аттын белин талыткан,
Атактуу Талдык бели бар.
Керемет жер – Алайдын,
Кай жеринде кеми бар?

Баткен менен Чоң-Алай,
Баяны болот бир далай.
Бир гана тоо ортодон,
Тосуп жатат кыркалай.
Өйдө тартсаң – Чоң-Алай,
Ылдый тартсаң – Фергана.
Аралап билген баарысын,
Атактуу кыргыз эл гана.
Зарыктырат жеткирбей,
Зардали деген жер гана.

Ааламда жок керемет,
Апшир-Сайга келе кет.
Алп асканын боорунан,
Тешкендей бирөө чегелеп –
Бир тегирмен суу агат.
Мындай шаркыратманы,
Чыгарбаса дубалап –
Өзүнөн-өзү мындай суу,
Кандай болуп куралат?
Ыйык жер дешип келгендер,
Ырымдашып суу алат.

Баткендин да бир сыймыгы,
Исфайрам менен Сох болот.
Чөлгө уланып этеги,





Жайкысын күйгөн чок болот.
Ар жылгадан кулаган,
Агын суулар жок болот.
Жайлоолор бар атактуу,
Кара-Тоо менен Сай деген,
Жигит пири аталган,
Бер жакта калат Шаймерден.
Шаймерден азыр анклавт,
Өзбектерге жай берген.
Жайыкта жүрчү өзбектер,
Келгенин билбейм кай жерден.
Ортодо калган оролуп,
Тоолор менен торолуп.
Ачылар бир күн а дагы,
Анклавы жоголуп.

Лейлек менен Кулунду,
Кыргыздын батыш чеги ошол.
Чоң-Алай менен Ангрен,
Чогулуп бүткөн чеги ошол.
Тажик менен өзбекке,
Талаш болгон жер ошол.
Кете берип кыргыздар,
Кемейип жаткан жер ошол.
Колдогусун алдырган,
Кыргыздын накта кеми ошол.
Кодулап турса колдобой,
Кимге жагат деги ошол?
Сүрүнөн кетип Сүлүктү,
Көңүлгө салат бүлүктү.
Ойлонуш керек туугандар,
Кемий берсек жакшыбы,
Же бүтүн болгон түзүкпү?..

...Көк-Ирим менен Молдо-Тоо,
Аркы беттен ороду.
Фергана менен Ак-Шыйрак,
Берки беттен тороду.
Ушунун баары коргондоп,
Курчаган Тогуз-Торону.
Кекилик-Бел, Көк-Ирим,
Нарынга агып ашыгат.
Аскалы менен Чоң-Киндик,
Алардан калбай шашылат.
Ала-Буга, Макмал бар,
Алтынды күрөп казган бар.
«Алтын чөйчөк аймак» деп,
Мактап жүрөт жазгандар.

Тегиз айтып берели,
Теңир-Тоого келели.
Кылкылдаган Улуу тоо,
Теңиримдин белеги.
Айылы деле жайлоодой,
Атайлап жасап койгондой.
Жаңы уйкуга киргенсийт,
Жашыл дүйнө ойгонбой.
Кыштагы деле жайыттай,
Киргил жок асман чайыттай.
Ай ааламды кыдырып,
Асманда сүзөт кайыктай.
Созо бербей айталык,
Соң-Көлдүн өзү канчалык.
Кан-Теңири тургансыйт,
Калың журтту кайтарып.
Атактуу Жеңиш калкайып,
Чатыр-Көлү чалкайып.
Кадимден бери келаткан,





Касиет турат байкалып.
Арпа менен Каркыра,
Ар жылы көркү артыла –
Сөөк менен Бедел бар,
Аты начар ургандар,
Жете албай кайтат артына.
Долон менен Ак-Шыйрак,
Ашуусун айтып берели.
Ушунун баары кыргызга,
Алланын берген белеги.

Айтпай кантип өтмөкчү,
Ала-Бел менен Өтмөктү.
Күн чыгышка бет алсаң,
Төө-Ашууга жетмекчи.
Оң тарапка бурулсаң,
Жумгал делип, этеги,
Кочкор болуп кетмекчи.

Ортосунда ошонун,
Жатар бекен Суусамыр.
Жазсак кагаз бетине,
Батар бекен Суусамыр.
Тегиздеп бирөө койгондой,
Жери жакшы Суусамыр,
Аркар, кулжа жай кылган,
Төрү жакшы Суусамыр.
Бетеге, тулаң аралаш,
Чөбү жакшы Суусамыр.
Айран, кымыз, каттама,
Көбү жакшы Суусамыр.
Ак тасмадай созулган,
Жолу жакшы Суусамыр.
Каттаганга Бишкекке,

Оңу жакшы Суусамыр.
Ооруганды оңолткон,
Эми жакшы Суусамыр.
Канча малды батырган,
Кеңи жакшы Суусамыр.
Биздин жер деп мактансак,
Деми жакшы Суусамыр.

Көк-Ойрок, Эки-Кеминди,
Көрбөсөң билгин кемиңди.
Үй күчүк болбой үйрөнүп,
Билгениң жакшы жериңди.
Барктай алсаң жериңди,
Бага аласың элиңди.

Жердин баарын байкадык,
Эми, Ысык-Көлгө кайталык,
Көлдүн өзүн жөн койсок,
Карагай эле канчалык.
Жарылган-Жүрөк, Жети-Өгүз,
Тоң менен Түптү айталык.
Барскоон менен Тосору,
Бардык жерден озору.
Керемет жерди дагы бир,
Тору-Айгыр жайлоо дээр экен.
Арча менен карагай,
Аралаш бүткөн жер экен.
Карап турсаң толкуйсуң,
Кадимкидей жан эрип.
Касиеттүү Ысык-Көл –
Кыргызга бүткөн таберик.

Ала-Тоонун сай-сайын,
Кайсы бирин айтайын.





Ала кеткен жерлерин,
Агайын өзүң байкагын.

Улуу тоолор топтомун,
Улам бирден жоктодум.
Унутуп кетсем улап кой,
Ушуну менен токтодум.

*10-ноябрь, 2010-жыл, Жалал-Абад.*

## ЖАМАЛЫҢ – АЙДЫН ЖАРЫГЫ [4]

Карлыгач канат каштарың,
Карлыгач канат кашыңдан,
Кагылып кете таштадым.
Карагым өзү билер деп,
Казалымды баштадым.

Айырма канат каштарың,
Айырма канат кашыңдан,
Айланып кете таштадым.
Акыры өзү билер деп,
Ашыктык ырым баштадым.

Арстанбап башы карагай,
Арзысам жакшы карабай,
Азапка салдың аябай.
Кара-Алма башы карагай,
Кааласам жакшы карабай,
Кайгыга салдың аябай.

[4] Абдыкайым Ашимбаевдин аткаруусунда атайын дискке чыккан

Жашаган жериң Жаллабат,
Жалжалым сендей сулуулар,
Жашоого чанда жаралат.
Өскөн бир жериң Жаллабат,
Өзгөчөм сендей сулуулар,
Өмүргө чанда жаралат.

Күлгөндө күлкүң – жылажын,
Күйдүрбөй айтсаң болбойбу,
Күйүттүн кантем ылажын.
Сүйлөсөң үнүң – жылажын,
Сүрдөнтпөй айтсаң болбойбу,
Сүйүүнүн кантем ылажын.

Өзөнгө чыккан тулаңым,
Өспүрүм кезден жолукпай,
Өкүнттүн кандай кыламын?
Боз адыр чыккан тулаңым,
Боз улан кезден жолукпай,
Боздоттуң кандай кыламын?

Азабын тартып сүйүүнүн,
Артыңдан ырдап жүрүмүн –
Армандуу жандын биримин.
Муң-зары кыйнап сүйүүнүн,
Муңканып ырдап жүрүмүн –
Муңайган жандын биримин.

Агала булут каптаса,
Ай чачырап тийе албайт.
Апыртпай айтсам ачыгын,
Алганың менче сүйө албайт.





Көгала булут каптаса,
Күн чачырап тийе албайт.
Күчөтпөй айтсам ачыгын,
Күйөөң да менче сүйө албайт.

Арманымды ашкере,
Айтып алсам кантесиң?
Алганыңдан мен сени,
Тартып алсам кантесиң?

Күйүтүмдү күчөтүп,
Айтып алсам кантесиң?
Күйөөңдөн мен сени,
Тартып алсам кантесиң?

Карагат көздүү жамалым,
Калбады такыр амалым.
Тал чыбыктай жамалың,
Так түгөндү амалым.

Элик мүчө сымбатың,
Евродой кымбатым.
Долонодой сымбатың,
Доллардай менин кымбатым.

Астыртан тиктейм эрдиңди,
Айтпадың же бир белгиңди,
Азабым тартсын дедиңби?
Көмүскө тиктейм эрдиңди,
Көрсөтпөдүң белгиңди,
Көйгөйүм тартсын дедиңби?

Мезгилиң – учкан жагалмай,
Мерчемиң жүрөм таба албай.
Мезгилди бекер өткөрүп,
Мээнетиң тартып каламбы-ай.

Убакыт – учкан жагалмай,
Убайым тарттым жага албай.
Учурду бекер өткөрүп,
Убара тартып каламбы-ай.

Жамалың – айдын жарыгы,
Жарыгың мага тийгизбей,
Жарадар кылдың жанымы.
Күлгөнүң – күндүн жарыгы,
Күлкүңдү күндө угузбай,
Күйүткө салдың жанымы.

Терезең ачып карарсың,
Телмирген мендей акынды,
Теңтуш кылып аларсың.
Айнегиң ачып карарсың,
Арзыган мендей акынды,
Асылкеч кылып аларсың.

Түйшөлгөн ырды көп айттым,
Түйшөлгөндүн себебин,
Түшүнөр өзү деп айттым.
Арзыган ырды көп айттым,
Арзыгандын себебин,
Акыры билер деп айттым.

Жетишер эми чектейин,
Жетем деп жүрүп мен сага,
Жеңижок болуп кетпейин.





Кой эми, ырды чектейин,
Кошуп жүрүп өзүңдү,
Коргоол болуп кетпейин.
Баяным эми чектейин,
Баяндай берип өзүңдү,
Барпы болуп кетпейин…

Ат-Жайлоо башы – Күмүш-Төр,
Акыры бир күн билер деп,
Акын агаң үмүткөр…
Сар жайлоо башы – Күмүш-Төр,
Санаасына алар деп,
Самидин акең үмүткөр…

*10-декабрь, 2005-жыл, Жалал-Абад*

## ЖОРГОНУН ЖАЙЫ УШУНДАЙ [5]

*1-акын:*

Абалтан келе жаткан сөз:
Ат – адамдын канаты.
Атты жакшы сыйламак,
Ата-бабам адаты.
Ат жөнүндө башталат,
Акындардын санаты.

«Атың барда – жер тааны,
Атаң барда – эл тааны» –
Ана ушундай айтылат,
Абалкы кыргыз макалы.
Анда эмесе жылкынын,
Асылдарын айталы.

[5] *Төкмө акындар Рахматулла Козукеев менен Абдыкайым Ашимбаев аткарышкан*

Аттын түрү көп болот,
Айта берсек бардыгын,
Ат көтөргүс кеп болот.
Жылкынын түрү көп болот.
Нары жагын узартсак,
Нар көтөргүс кеп болот.

Андыктан, иним, шашпайлы,
Аттын баарын кеп кылбай,
Асылынан баштайлы.
Жортокторун таштайлы,
Жоргосунан баштайлы.

Жетигин айтсам жоргонун,
Жетер бекен болжолуң?
Асылын айтсам жоргонун,
Акыным кантет болжолуң?
Кадырын айтсам жоргонун,
Кантер экен болжолуң?..

*2-акын:*

Ал, ырас, кыргыз «Ат деген,
Аттан кийин жат» деген.
Атың колдон чыккан соң,
Аңкайып калыш бат деген.

Эзелтен кыргыз ат деген,
Ат жок болсо жат деген.
Ээсинен аты кеткен соң,
Эңгиреп калыш бат деген.

Айтыла берет болжолум,
Асылын айтың жоргонун.
Жете берет болжолум,





Жетигин айтың жоргонун.
Кантмек эле болжолум,
Кадырын айтың жоргонун.

Алла Таалам колдогон,
Ажайып чыккан жоргодон.
Камбар Ата колдогон,
Кайыптар чыккан жоргодон.
Кыдыр Ата колдогон,
Кыйындар чыккан жоргодон.

Жоргого келсек келели,
Жорго сөздү терели.
Жоргонун кандай түрү бар,
Жол-жолун айтып берели.
Кандай болот устатым,
Чапма жорго дегени?

*1-акын:*

Баятан бери иним сен,
Жоргону жакшы мактадың.
Айтып өттүң калтырбай,
Асыл, жакшы жактарын.
Бирок,
Чапманы билбей жатканың,
Чалагайым жактарың.
Түшүнүп алып жакшылап,
Анан кийин мактагын.
«Рысак» дешет орустар,
Жоргого жакын таскагын.
Бирок таскак эмес бул жүрүш,
Ошого жакын – байкагын.

Кыргыздын чапма жоргосу,
Ылдамдыгы таскактай.
Алып барат жаныбар,
Алты сааттык жерге да,
Аш бышымда байкатпай.

Чапманын үстү тынч болот.
Чапма жорго мингендин,
Көңүлү өсүп куш болот.
Чапма жорго жаныбар,
Чанда адамга туш болот...

*2-акын:*

Төрт эли тилиң кер эми,
Төгүп айтып бер эми.
Кандай болот устатым,
Төкмө жорго дегени?
Төрт туягы тыбырап,
Төнүп кете береби?
А болбосо кадимки,
Аттардын бири элеби?

*1-акын:*

Төкмө жорго дегени,
Жоргонун болот берени.
Минсең боюң балкытып,
Талыкшытат денени.
Учка чыккан жорголор,
Ушулар – билгин сен эми.
Төкмө жорго, Суу жорго,
Элине болгон туу жорго.
Аңгемеси түгөнбөй,
Аш-тойлордо дуу жорго.
Ар кимиси талашып,
Аягы кээде чуу жорго...





*2-акын:*

Уруп кете береби,
Урма жорго дегени?
Устатым эми түшүнтүп,
Ушуну айтып бер эми.

*1-акын:*

Убагында эстеттиң,
Урма жорго дагы бар.
Суу жоргодон кем эмес,
Ылдамдыгы жаныбар.
Бирок үстү тынч эмес,
Жанчып салма жагы бар.
Ичек-бооруң эзилтип,
Кыйнаганы дагы бар.
Алыскы жолго ошентип,
Жарай бербейт жаныбар...
...А бирок аш-тойлордо,
Жорго салды болгондо –
Жууп кетет бардыгын,
Намыска жарап койгондо...

*2-акын:*

Устатым түшөм ойлорго,
Кандай болот Кой жорго?
Өзүңүз айткан жанакы,
Аш, маараке, тойлордо,
Айыл-айыл бөлүнүп,
Намыс талаш болгондо –
Эмне үчүн топко кошулуп,
Жарышка түшпөйт Жол жорго?

*1-акын:*

Иничек, түшсөң ойлорго,
Аш, маараке, тойлордо –
Эмне үчүн топко кошулуп,
Салынбайт деп Кой жорго,
Каякта деп Жол жорго?
Анткенинин себеби,
Алардын арыш-ченеми –
Чектелүү болот, буларды,
Биле жүргүн сен эми.
Кой жорго менен Жол жорго,
Жарабайт андай намыска –
Алардын болгон өнөрү,
Жол арбытып алышта.
Тынч болот үстү мингенге,
Алыскы жолго жүргөнгө –
Ошондон калган билгенге:
«Жолдош болбо,- деген сөз,
Жолдо жорго мингенге»...

*2-акын:*

Жоргонун түрүн айттыңыз,
Сапатын санап калтырбай.
Карап дагы көрөлү,
Кай жагы калды айтылбай.
Баятан берки кебиңе,
Устатым көңүл бурулду.
Кантип тааныйт болду экен,
Жорго чыгар кулунду?

*1-акын:*

Адегенде кулундун,
Ата-энесин иликтейт.
Аларда жорго бар болсо,





Анда-эле ишиң түзүк дейт.
Андан кийин кулундун,
Карап көргүн мүчөсүн.
Сынай билип аз-аздап,
Сынчылыгың күчөсүн:
Күлүктөн башы чоңураак,
Мүнөзү болот шогураак.
Тирүү болот көздөрү,
Сергек болот өздөрү.
Шамдай болот кулагы,
Тептегерек туягы.
Талтаң-тултаң басканы,
Уйкучу болот жатканы.
Көкүрөгү кең болот,
Соорусу бир аз кем болот.
Таноолору чоң болот,
Туягы таштай сом болот.
Жал куйругу сыйдараак.
Алдыңкы буту кыскараак.
Жарык болот маңдайы –
Эми иничек билдиңби,
Көп кулундун ичинен,
Жорго чыгат кандайы?

*2-акын:*

Эми, устатым, жоргону,
Таптаганын айтсаңыз.
Ар кандай ишке ырастап,
Баптаганын айтсаңыз.
«Жорго салды» – жарышка,
Талапкерин айтсаңыз.
Аттын сырын жат билген,
Саяпкерин айтсаңыз.

*1-акын:*

Жорго чыгар жылкыга,
Кулун кезден көз салат.
Чыңап боюн, денесин,
Эркин эмет энесин.
Кулунунда байланбайт,
Желени көздөй айдалбайт.
Чакан жерге салдырып,
Тай кезинен үйрөтөт.
Бара-бара узартып,
Жорголугун күүлөтөт.
Аңызга салмай жагы бар,
Айдоого салган дагы бар.
Анткен сайын оңолуп,
Жаңылбай калат жаныбар.
Жайлоого айдап жайында,
Кармап алат маалында.
Саяпкер адам ар качан,
Жоргонун болот камында.
Убагында суугарып,
Убагында жем берет.
Таң ашырып, суутуп,
Жоргосуна дем берет.
Арпа, сулу жем алат,
Ай жарыкта тер алат.
Таптаганын келтирсең,
Анык мыкты жорголор,
Ар кандай жерден келе алат,
Ар-намыс алып бере алат.
Суутунан айнытсаң,
Мерчеминен кем алат.
Баланчасын кылбайт деп,
Баккан ээси жеме алат...





...Жакшы жорго сыланып,
Мүнүшкөрдүн кушундай.
Кушту кантип салмакчы,
Колго кармап учурбай?
Бага билсең бепестеп,
Байлоодон атың жулкунат.
Ар кандай намыс иштерге,
Жарачуудай умтулат.
Бирок,
Күлүк болот – күчүндө,
Тулпар болот – тушунда.
Салыш керек жоргону,
Кыябы келген учурда.
Кыскартып айтсак иничек,
Жоргонун жайы ушундай...

## АРЫК МЕНЕН СЕМИЗДИН АЙТЫШЫ

*Арык:*

- Ассалоому-алейкум,
Амансыңбы Семизим.
Арка-мойну деги жок,
Алды-арты бирдей тегизим.

Алакандан тайгылып,
Алдыңа түшсө ачкычың.
Ачкычын эптеп ала албай,
Аласын жырткан байкушум.

Шырп этип ыргып колунан,
Шыпырылса ачкычың,
Шып эңкейип алалбай,
Шымын жырткан байкушум.

Жашырбай айтсам ачыгын,
Жарым кой жесең тойбойсуң.
Жашоодо бүт оокатты,
Жалмап ийет окшойсуң.

Жут келаткан өңдөнүп,
Жутунганың койбойсуң.
Жуп оокаттын бардыгын,
Жутуп ийет окшойсуң.

Анте берсең оңбойсуң,
Асти жакшы болбойсуң.
Ашказаның айрылып,
Анан өлөт окшойсуң.

Жумуруң кетсе айрылып,
Журтуң калар кайгырып.
Карының кетсе айрылып,
Калкың калар кайгырып...

Кана эмесе, семизим,
Кайтарчы жооп угайын.
Демигип кетсең кокустан,
Суу ууртатып турайын...

*Семиз:*

- Алейки салам, Арыгым,
Айтышам деп кеп айтып,
Угайын деп келдиңби,
Арыктардын «тарыхын».

Айтыштан мурун аңдап кой,
Айтканымды байкап кой.
Белиңен курчап жип менен,
Бир учун мага байлап кой.





Кырсык деп болбойт каяктан,
Жел жүрсө айнек тарaптан –
Камгактай учуп баратсаң,
Кармайбыз сени каяктан.

Бариктей учуп баратсаң,
Барабыз сага каяктан.
Жалбырак болуп баратсаң,
Жетебиз сага каяктан.

Беймарал сүйлөп коёсуң,
Билбейт да киши арын-а,
Бекинсең киши табалбайт,
Белкүрөктүн сабына.

Бакылдап сүйлөп коёсуң,
Байкабайт киши арын-а,
Жашынсаң киши таба албайт,
Швабранын сабына.

Адамдар карайт таң калып,
Айрыкча ушу бөлөк деп.
Албай жүрөт кудайым,
Анатомияга керек деп.

Көргөндөр карайт таң калып,
Кишиден ушу бөлөк деп.
Көрбөй жүрөт кудайым,
Көргөзмө курал керек деп.

Жутканы жукпай тайыды,
Мунун, жумурда окшойт айыбы?
Ичкени жукпай тайыды,
Ичегиде бейм айыбы?..

Айтор, ашаганың аш болбой,
Ашыкча мээнет жүктөлдү.
Же, ашказан-карын деги жок,
Жалаң түз ичеги бүткөнбү?..

*Арык:*

Айтканымды, аңдасаң,
Арыктар ишсиз туралбайт.
Кыймылдап, чуркап турбасаң,
Булчуңдар деле чыңалбайт.
Ашка жүк жата бербесең,
Ашык май бекер куралбайт.

Семиздер айтсаң тил албайт,
Семирди неден билалбайт.
Мойсой берип көргөнүн,
Мойнун эптеп буралбайт.

Тоюп небак бүтсө да,
Топук кылып туралбайт.
Карды небак тойсо да,
Канат кылып туралбайт.

Кокус калса жыгылып,
Колу-бутун жыя албайт –
Ташбакадай тарбаңдап,
Тартмайынча туралбайт.

Шашпа десең тил албайт,
Шатыга эптеп чыга албайт.
Жайыкта атка мине албайт,
Мингизип койсоң жүрө албайт.





Бапестеп өзүн жүрө албайт,
Батинке боосун түйө албайт.
Шырдак салып бербесең,
Шымын деле кийе албайт.

Айтор, семиздик бул бир – кесел да,
Эптеп жылат дебесең,
Эби жок бир бечел да:
Каниет кылып көнө албайт,
Кардынын алдын көрө албайт.
Кичине жеп көнө албайт,
Киндиктен ылдый көрө албайт.

Буту жетпейт – колуна,
Колу жетпейт – жонуна.
Семизиң менен куруп кет,
Мунун, жүрбөдү иши оңуна!..

*Семиз:*

Сен кылбагын келеке,
Семиздик деген – береке.
Байкабай айтпа келеке,
Барчылык деген – береке.

Сахабалар колдосун,
Салабат – куйган коргошун.
Байгамбарлар колдосун,
Барчылык – куйган коргошун.

Эми, ким көрүптүр сендейди,
Катының оокат бербейби?
Же карының элден башкача,
Жутканың турбас көңдөйбү?

Буттарың бутпу – куурайбы,
Булчуң да мынча куурайбы?
Жүрөгүн элдин түшүрбөй,
Жөнү менен кылбайбы.
Жалаң сөөк калганда,
Жаналгыч болот турбайбы!

Колдоруң колбу – куурайбы,
Кол дагы мынча куурайбы?
Элдин үшүн кетирбей,
Эби менен кылбайбы.
Куту кетсе ушинтип,
Куучуйуп калат турбайбы!

Беймарал оокат кылбаган,
Бекитип, катып, уурдаган –
Береке жукпай сендейлер,
Барчылык кезде куураган.

Токпейил оокат кылбаган,
Ташынып, катып, уурдаган –
Топук жукпай сендейлер,
Токчулук кезде кууураган.

Тушумда мага кеп айттың,
Туралбайт жатса деп айттың.
Жылдырып мага кеп айттың,
Жыгылса турбайт деп айттың.

Тартмайынча туралбай,
Ташбака болсо мендейлер.
Арак ичип жыгылса,
Анык кызык сендейлер:
Башыңан алса бут калат,



Бутуңан алса баш калат,
Кол-буттан алса экөөлөп,
Көчүгүң жерге такалат...
Атаны,
Коолап кеткен кысталак!
Үч кишилеп барбаса,
Үч жериңен албаса –
Көтөрүш сени машакат...

Адамдын баарын таңдантып,
Анык «концерт» болосуң.
Аны менен ишиң жок,
Мага күлүп коёсуң...

*Арык:*

Алда кандай киши деп,
Адамдар астырт карашат.
Алкымы баатыр сендейди,
Ашпалбан десек жарашат.

Оокатка тап, ишке жок,
Олдо курган, көлтөңүм!
Жалгыз жалмайт окшойсуң,
Жарым ашын өлкөнүн...

Кыябың карап олтурсам,
Кыйлада сендей жок экен.
Кышылдай бербей жөн жерден,
Кыймылдуу болуш оң экен.

Чаманды карап олтурсам,
Чаркабың эпсиз чоң экен.
Чалкайып кете бербестен,
Чакан болгон оң экен...

*Семиз:*

Мен дагы карап олтурсам,
Мисалы сендей жок экен.
Ийне жуткан өңдөнбөй,
Ирдүүрөөк болгон оң экен.

Адамдай болуш керек деп,
Алгылар айткан кеп экен.
Сынчуудай болбой, кысталак,
Сындуураак болгон эп экен.

Ошондуктан Арыгым,
Сен азыраак семиргин,
Мен азыраак арыктап –
Экөөбүз бир жүрөлү,
Элге жаккан калыпта.

*Арык:*

Арыктасаң, арыкта,
Мен азыраак толоюн.
Сага күлкү болбостон,
Салабаттуу болоюн.

*8-апрель, 2007-жыл.*
*Жалал-Абад*



## ЖАМАКЕ ЖАРЧЫ[6] МЕНЕН ТОКТОГУЛДУН ЖАЛАЛ-АБАДДЫН ПАРКЫНДАГЫ АЙТЫШЫ

Жалал-Абаддан жаңы чыккан Жамаке жарчы шаар аралап жүрүп, Барпы театры жайгашкан жердеги паркка кирди. Ал жердеги абалды көрүп, зээни кейип, парктын бет маңдайындагы Токтогулдун эстелигине кайрылып айтып турган жери:

Ээн жерде ташы жок,
Эстелик турат башы жок.
Мобу жерде ташы жок,
Монумент турат башы жок.

Эч кими айтпай тим болду,
Токо, эстелигиңер ким болду?
Баарысы айтпай тим болду,
Башы жогуңар ким болду?

Мармарды бирөө ойгонбу,
Маанисин буруп мыскылдап.
Парк башыга койгонбу.
Жеткире бирөө ойгонбу,
Жетер бир күн мээси деп,
Ж(ы)К(ы)Х(ы)га койгонбу?
Шаанилеп бирөө койгонбу,
Шакаба кылып акырын,
Шаар башыга койгонбу?

Анын бери жагында,
Бар экен илегилеги.

6 Жамаке жарчы – адабий кейипкер

Барып көрдүм анын да,
Башы жок турат бирөөбү.
Мааниси мунун не болду,
Бу паркта башы жоктор жүрөбү.

Токо, оңдобойбу-оңдойбу,
Ойлобойбу-ойлойбу?
Оңдобосо кысталак,
Осол жорук кылбастан,
Ошону омкоруп салса болбойбу?

Токо,
Тегерегин баштаптыр,
Эми текши баарын оңдойбу?
Текши ремонт болбосо,
Тескери маани кылбастан,
Ушуну тегиздеп эле койбойбу?..

*Бу кеп Токомо катуу тийди. Бир чети бир аз ызаланып, бир чети чындыкка тан берип айтып турганы:*

Жамаке, ырдап турасың,
Жалал-Абадды жаңы көргөнсүп.
Жерге кирип Төштүкчө,
Жакында чыгып келгенсип.
Эстелик жайын сурасаң,
Аны Токоң айталат:
Келтирип уста балкалап,
Кезинде турган чалкалап.
Сомолоп уста балкалап,
Союзда турган чалкалап.



Жалтылдап турган ташы да,
Жакада болчу башы да.
Омкорулбай ташы да,
Ордунда болчу башы да.

Бир кезде койкойгон болчу кушу да,
Өзүң көрүп турасың,
Коромжу турмуш ушу да.
Жакшына болчу кушу да,
Бар нерсени кор кылып,
Жамаке, барктабасаң ушу да...

Эркин заман келгени,
Эч ким болбой караган,
Бу паркты, ээнбаштар талаган.
Азаттык заман келгени,
Адам болбой караган,
Ар ким келип талаган.

Балдар келбей ойногон,
Баңгилер калды жойлогон.
Адам болбой ойлогон,
Алкаштар жатты сойлогон.

Эч ким турбай калкалап,
Ээнбаштар жүрүштү,
Эстеликтерди талкалап.
Турбаган соң калкалап,
Теребелди ушинтип,
Тентектер кеткен талкалап.

Быйыл, ойлошкон окшойт бир ишти,
Төрт-беш күн кетпей бул жерден
Топтолуп чоңдор жүрүштү.

Ошондон кийин мынакей
Оңдогонго киришти.

Эми, жол болгон жери жол болор,
Оңдолгон жери оңдолор.
Чыкчырылбай жөнү жок,
Чыдай турсак оң болор.

Башка нерсе салынар,
Башы жок таштар алынар.
Балдарын жүрөр жетелеп,
Балпайып мында карылар.

Жаңы иштин келди убагы,
Жакшы жышаан бу дагы.
Жаңырып калар жакында
Жамаке күтө туралы...

*«Жалалабат жарчысы» гезити,*
*2004-жыл*





# *Замандаштар жазышат*

**• *Атантай АКБАРОВ***

## ЧООЧУН БАКЫТ

*(Акын Самидин Стамбековго)*

Жолдон бакыт таап алдым,
Кимдир бирөө түшүргөн.
Кайран бакыт канчаны алдап,
Канча өмүрдү бүтүргөн.

Кимдин бакты болду экен бу,
Турам жаным жай албай.
Чоочун бакыт түшүнбөгөн,
Мага чоочун аялдай.

Ошол кезде дарак өңдүү,
Шамал күүгөн баригин.
Эске түштүң кайран жигит,
Кайран акын Самидин.

Кыз уулуңду эсиме алдым,
Кымыздай суу кошпогон.
Алимаңды эске салдым,
Айдай сени коштогон.

Отко салса күйбө, Саке,
Сууга салса чөкпөгүн.
Өлгөн менен биз өлүмдүн,
Толтурбайбыз бөксөсүн...

Жолдон бакыт таап алдым,
Кимдир бирөө түшүргөн.
Кайран бакыт канчаны алдап,
Канча өмүрдү бүтүргөн...

*«Кудайдын ыры». Бишкек. 1999. 31-бет*





**• *Бектуруш САЛГАМАНИ***

## ЖЫЛЫНА ЭКИ ИРЕТ ГҮЛДӨЧҮ АЛМАЛАР

Кечээ эле жердин түбүнө,
энеңди берсең бүгүн эх,
дагы бир кайгы томсортуп,
каратпай турат жүзүңө.

Жай бүтүп, келген күздө бу
жылына эки гүлдөчү
чоң атаң тиккен алмалар,
алыптыр буурул түргө өтүп...

Калтырбай тирүү эч нерсе
бир сапка тизген кез келсе
убакыт өзү, Самидин,
опокшош экен мергенге.

Түн түшпөй агыш таң атпас,
үңкүйбөй достум, кабакты ач.
Эр болуп туулган жигитке,
жер карап туруш жарашпас.

Караймын күздө аппак бу,
гүл ачып турган алмаңды.
Бош койбой ар бир кадамды,
өлүмгө каршы таштайлы.

Эки ирет гүлдөп мейли алма,
эки ирет келсин, жаз, жай да.
Өлбөсүн адам эки ирет,
Жазбасын аны маңдайга.

*«Роман гезит». Бишкек 2006. 64-бет.*

• *Табылды Кадыркулов*

## САМИДИН СТАМБЕКОВго

Жаңы-Базар, Айгыр-Жалдын төрүндөй,
Жарашыктуу, жаман жагы көрүнбөй.
Жайы-кышы калыбынан жазбаган,
Жан дүйнөсү Ак-Көл, Көк-Көл көлүндөй.

Кайда жашап, кайда иштеп жүрсө да,
Кай бирөөлөр кабамын деп үрсө да –
Калем сабын таштаган жок, азгырып,
Канчалары алаксытып сүйсө да...

Шыктандырып аны «Чаткал оттору»,
Шыдыр кетпей жакын он жыл токтоду.
Шыбагасын мына эми алып жеп,
Шырдакбектин жоргосуна окшоду.

Мен сыяктуу окуп жүрсө ырларын,
Мекен, элге деген арзуу сырларын –
Мезгил коштоп баратканын байкамак,
Самикемдин акындык жол ыргагын.

Ырдын иргеп акыйкатын, дадилин,
Акындардын азаматы Самидин.
Бул оюмдун чындыгы бар канчалык,
Бубак чачтуу кылым айтат да кийин!

*Аблетим – Жалал-Абад, 10.02.2004.*





*Аким Акжолов*

## ПОЭЗИЯГА ЧАТКАЛ ДАРЫЯСЫНДАЙ КҮР-ШАР ЭТИП КИРГЕН АКЫН

Жээгинде Чаткал дайранын,
Жээктей чуркап күз жүрөт.
Жапжашыл токой ичине,
Сары түс аста сүртүлөт.

Жылтылдак толкун ичинен,
Жылт этет учкун үшүгөн.
Жылаңач калат дарактар,
Жылаңач күздүн күчүнөн.

Бул ыр Самидин Стамбековдуку. Ырдын тээ терең түпкүрүндө не деген сүрөт, ойлордун кеңдиги жатат. Бардык түрмөгүнөн эле акын чаткалдык экени сезилип турат. Чаткалда чаткалдыктар көп. Бирок Чаткалдын сулуулугун ар ким өзүнчө кабылдайт, аңдайт, түшүнөт.

Күүгө салып коңур күздүн кайрыгын,
Ырга айлантып туулган жердин айдыңын.
Агат Чаткал албуут, өжөр күч менен,
Күндүз күндүн, түндө жутуп ай нурун.

Акын Чаткал суусун да, Чаткалдын ичин да дал ушундай көрөт. Бул анын Чаткалга сүйкөгөн боёгу. Ошол боёк менен акын Чаткалдын облигин тартып жатат. Башкаларга окшобогон облик.

Самидин Стамбеков деген ысым кыргыз поэзиясына 80-жылдары келди, келгенде да ошол

Чаткал дарыясындай туптунук, күр-шар болуп өзгөчө келди. Ошол жылдары кыргыздын поэзия жанрына өзүнүн күр-шар үнү, добушу бар Карбалас Бакиров, Атантай Акбаров, Кемел Белеков, Жедигер Саалаев, Турабай Жороев сыяктуу акындар келишип, кыргыз поэзиясынын өнүгүү тенденциясында таасир гана бербестен, анын устунун дагы бир бийиктикке көтөрүп коюшту. Поэзия – бул өзгөчө дүйнө, өзгөчө көз караш. Ошондуктан ар бир акындын өзгөчө тагдыры бар. Анткени ар бир акын поэзияда көңүлгө тынчтык бербеген абийирге түгөнбөгөн от жагып, дүйнөнүн коздугун ар кимиси өзүнчө көрүп, сулуулукту өзгөртүп турат. Акындын философтордон айырмасы ушул.

Акын Самидин Стамбековдун жакында жарык көргөн «Алыстан жазылган каттар» (Жалал-Абат, 2002) деген ырлар жыйнагын окуп олтуруп, 1918-жылы 27-февралда Москвадагы политехникалык институттун музей залында орус сынчысы П. С. Когандын демилгеси менен өткөн «Акындардын королу» деген дискуссиялык поэзия кечесин эстедим. Кече өтүп жатканда акындар, адабиятчылар «акындардын королун» тандап, ал баа жашырын, түз, жалпы добуш менен берилген. Ошондо акындардын королдугун Игорь Северянин деген акын алып, экинчи орунга Владимир Маяковский, үчүнчү орунга акын Константин Бальмонт ээ болгон.

Анын сыңарындай, эгерде Кыргызстанда «Акындардын королу» деген ачык конкурс өткөрүлсө, менин жеке пикиримде, бул байгеге акын катары Самидин Стамбеков татыктуу түрдө ат салышмак. Анткени С. Стамбековдун акындык





абийири, дүйнөнү таанып-билүүсү, аны акындык көз менен көрө билүүсү өзгөчө орунда турат. Акын кайсыл гана теманы албасын, ал эч убакта кыйналбай, кысталбай, көз алдындагы коздукту башкаларга окшотпой, Самидин акындын гана көзү менен айтып бермек.

Бардыгы тааныш: угулган,
Шоокуму суунун, аткана.
Качандыр баркташ курулган,
Какжырайт эски чарпая.

Өчүрүп баскан изимди,
Көчүргөн мезгил шыбагын.
Ушул үй менин өз үйүм,
Билип ал, муну, чырагым.

Жол түшүп уулум, мына эми,
Жолуктук, чынбы, жомокпу...
Чоң атаң салган бул үйгө,
Экөөбүз чоочун конокпуз...

*(«Эски үйдө уулума айтылган баян»)*

Караңызчы, акындын оюу, туулган жерге болгон кусалыгы кең-кесири, эч бир кынтыксыз, эч бир кыйналбай айтылып, эч кимге окшобогон ойлору, салыштыруулары даана билинип турат. Акын Самидин Стамбековдун адабияттагы дүйнөлүк, орус классиктеринин китептерин көп окугандыгы көрүнүп турат. Көркөм дүйнөнү акындык көз менен кабылдоо жана аны терең ой, терең сыр менен салыштырып айтып берүүнү – бул акындыктын мастерствосу деп коёбуз. Ошол эле Игорь Северянин, Марина Цветаева, Федор

Тютчев, Анна Ахматова, Николай Рубцов сыяктуу акындар Россиянын кеңдигин жана коздугун кандай ырдашса, акын Самидин Стамбеков да кыргыз жерин дал ушундай ырдап, баяндап берүүгө аракеттенгендиги көрүнүп турат. Ф. Тютчев жазыптыр:

Душа поет и рвется в поле,
Я всех чужих зову на «ты»
Какой простор! Какая воля!
Какие песни и цветы.

Анын сыңарындай «Алыстан жазылган каттарда» мен өзгөчө белгилеп кете турган экиүч жагдай бар. Китептин «Түрмөктөр» бөлүмүндө жыланга жана күзгө арналган циклдер бар. Мен ушул эки циклди акындын көркөм ойлоосунун өзгөчө белгиси деп баалар элем. Анткени ал жылан макулугу жөнүндөгү ойлор Шайлообек Дүйшеев жана Самсак Станалиевдин айрым ырларында гана кездешпесе, Самидин ырдагандай, сезип туйгандай жыландар жөнүндө ырлар бизде жокко эсе.

Сага чындап көөнү түшүп Жараткан!
Кир кол менен кармагыстай жаратман.
Болгон бүткөн көркту берип дүйнөдө,
Куйругуңан төбөңө асыл жалаткан.

*(Жараткан – кудай, теңир жөнүндө айтып жатат).*





Өң-турпатың айтор анык келишкен,
Өңдөнөсүң канаты жок периште.
Бир өкүнүч – болбойт сылап сыйпоого,
Мүмкүн эмес эриниңден өбүшкө.

*(99-бет)*

Сахнада эмес – балерина жыландар,
Шибер кечип ай талаада бийлешет.
Кыймыл менен арбап алар цыгандай,
Кыймыл менен не бир укмуш сүйлөшөт.

*(100-бет)*

* * *

Дирижёрлор таштап жансыз чыбыкты,
Эл алдында жылан кармап чыгышса –
Арасынан миң сан үндүн сыбызгып,
Чыккан муңдуу ышкырыкты угушмак.

...Дирижёрлор жылан кармап чыгышпайт,
Демек тирүү музыканы угушпайт!

Муну чыныгы поэзия деп койсо болот. Тээ 1935-жылдарда Кыргыз поэзиясына эки алп акын келген. Бири – Алыкул, экинчиси – Жусуп. Азыркыга чейин адабиятчылар Алыкулдун поэзиясы, анын таасири жөнүндө айтып жүрүшөт, бирок акындыктын ой толгоолору, сезими, ички сезим-туйгусу ар башкача жаралат. Бул анын дүйнөнү таанып билүүсүнө (познаваемость) жана көркөм чагылтуусуна (отражение) байланыштуу болот. Бул жагынан алганда Алыкулдун күзүнө, Самидиндин күзү таптакыр окшошпойт.

Саргыч өрөөн.
Сары күз.
Сары талаа.
Самсалаган булуттар сапар тартып,
бара жатат. Сокмо жол жалгыз гана
сулап жатат ашууга боюн артып.

*(125-бет)*

Менимче комментарийдин кереги жок. Дүйнөнүн сулуулугун таанып билүү жана аны көркөм чагылдыруу – бул баарыдан мурда талантка байланыштуу болот. Анткени алгачкы ыр жазгандар көбүнчө дүйнөнү фактографиялык тил менен беришкенин ким танат? Акын Самидиндин поэзиясында граждандыктын бийик нравасы, комуздун күүсүндөй жумшак, жагымдуу акындык тили бар. Ал эч качан кыйналганын байкатпайт. Тескерисинче, ар бир ыры эркин оргуштап, боёктун өзгөчө түрүн мурда эле таап алгандай көрүнөт. Мына ошондуктан С. Стамбековдун кудай берген таланты анын ким экенин көрсөтүп койду. Болбосо поэзия – бул акындын тигил же бул обьектиге жасаган мамилесинин, көз карашынын жыйындысы, рухий күч менен жасаган дух. Мына ошондуктан акын «Алыстан жазылган каттарын» - беш түрмөккө бөлүп, ар бир түрмөктө буга чейин айтылбаган, көрүлбөгөн көрүнүштөрдү, ойлорду чыныгы акындык көз жана тил менен өзгөчө айтып берип жатпайбы. Токтогул, Жеңижок, Нурмолдо, Барпы сыяктуу акындардын айрым убактарда тандап алган темасы бир болгону менен, аны трактовкалап берүүдө, дүйнө менен адамдын биримдигин синтездөөдө ар түрдүү ойлор менен барышкандай эле, поэзияда –





Самидин Стамбековдун башкаларга окшобогон чыйыры, жолу бар.

Болгону ырларымда ырдайт үнүң,
А сенин ырыңда бар менин демим.
О, мындай ойлорго эч чыдай албайт,
Унутуу, коркуулардын керимсели.
Эх, мага билсең гана кандай сүйкүм,
Экениң кургак, кызгылт эриндериң. –

Бул ыр орустун улуу акындарынын бири Анна Ахматованыкы, Самидин Стамбековдун котормосунда. Ал которгон Анна Ахматованын, Лев Озеровдун, Михаил Дудиндин, Николай Рубцовдун ырлары ушунчалык чебер чыккандыктан, аны орустун поэзиясы эмес, накта эле кыргыз поэзиясы деп элестетсе болот. Мына ушундан эле Самидин Стамбековдун түйшүк күткөн поэзия дүйнөсүнө өзүнүн башкаларга окшобогон үнү, көзү менен келгендиги көрүнөт. Деги поэзиянын эшигин дал ушундай таланттар ачса, албетте, кубанасың. Анда эмесе, акын Самидин Стамбековду поэзиянын үйүнө киришиңиз менен деп гана айта туралы. Алдыда дагы бийик, бийик ашуулар, жаңы поэзия үйлөрү турат.

*«Эркин тоо» 25-октябрь, 2002-жыл,*
*№ 79 – 80.*





# Адабият айдынындагы сөз

***Байдылда:***

## «КЫРГЫЗ ДЕП КЕЛГЕМ ДҮЙНӨГӨ, КЫРГЫЗ ДЕП ӨТӨМ ДҮЙНӨДӨН»

*- Байдыке, кептин ырасы, сиздин ырларыңыздан эки ооз жат билбеген кыргызды биздин элден табуу кыйын, андыктан кыргыз окурмандарына сиздин чыгармачылык жолуңуздан жаңылык ачып берүү оңой эмес. Ошондуктан мен адегенде өз ата-энеңиз, киндик кан тамган жериңиз, уруу-ңуз, ага-ини, урук-туугандарыңыз жөнүндө кеп салып берсеңиз деп өтүнмөкчүмүн?*

- Куп болот. Бирок мен, өзүм акын болгон соң, адегенде ыр менен баштап жиберейинчи.

*- Мейлиңиз. Кайра жакшы болбойбу анда...*

- Менден ушу маселени көп сурашат. Айрыкча эл аралап жүргөндө карыялар, байбичелер: «Балам, сөзүң тың, өзүң чыйрак экенсиң, кай элдин кулуну болосуң?» – дегендей суроо берип калышат. Анда мен:

Мен жеринен болом Таластын,
Баласы болом Манастын.
Бозосу болом таруунун,
Жээни болом саруунун.
Бышыгы болом быштынын,
Кулуну болом кушчунун.
Анан,
асманда жанган жылдызмын,
Айланып келип
паспортумда - кыргызмын! –

деп жооп берем. Бул сенин сурооңо деле жооп болду го дейм, кандай дейсиң?

*- Эң жакшы жооп болгонунда талаш жок де-*





*ңизчи, бирок мен кадимки кыргыздарча эле жети атаңызды санатып, ата-энеңиз, ага-тууганда-рыңыз жөнүндө өз оозуңуздан уксамбы дедим эле.*

- Анда мен ушу билишимче айтып берейин. Кээ бирөөлөр чоң атасын жакшы билбей туруп эле, сайраса тээ жыйырма-отузга жеткирип жиберет экен, жети атасы биякта эле калат. Талканбай, Шишбаш, Быржыбай, Конокбай дей берсе эле жети ата болбойт да, чындыкты айтыш керек да. Мага да атам бир кезде үйрөттү эле. Көбү эсимден чыгып кетиптир, өзүм да алтымышка келип калдым да. Эмесе угуп тур:

Менин атам – Сарногой, анын атасы – Бөлөкбай, Бөлөкбайдын атасы – Качканак, Качканактын атасы – Иттуйбас, Иттуйбастын атасы – Үчкемпир, Үчкемпирдин атасы – Чөпчайнар, Чөпчайнардын атасы – Карадөө.

- Жети болдубу?

*- Болду.*

- Эмесе ошол, андан аркысын айтпадымбы жакшы билбейт экемин.

*- Жетет ушу жагы. Эми өз ата-энеңиз жөнүндө, бир туугандарыңыз тууралуу кеңири айтып берсеңиз?*

- Менин чоң атам Бөлөкбайдын эки аялы болгон экен, байбиче, токолу да. Байбичесинен менин атам Сарногой, жалгыз эркек болот. А кыздары бир топ экен, алардын баарын айтып отурбайын. Кичи аялынан болсо төрт уул, эки кыз көрүптүр. Эми ушунун баары бир атанын балдары да – бу жагы ушундай.

Эми өз атама келсек, ал киши көп аял алыптыр. Алганда эми көпкөнүнөн эмес, илгери кыз баланы анча баалачу эмес экен да, уулдуу боломбу

деп алган экен. Ошентип уулдуу болсом деп ак эткенден, так этип жүрүп 56 жашка карарда менин энемди алыптыр. Менин энем мурдагы Кетмен-Төбө, азыркы Токтогулдагы колпочтордун кызы экен. Алар да бир кезде Таластан ооп барышыптыр, түбү саруу болот. Анан ошо кетмен-төбөлүк кыздан мен туулат экем. Баягы жетине албай сүйүнгөн атам мага ат койдурам деп, тээ Казандан келген бир татар молдону алдырыптыр. Ал кезде аларды татар дебей эле ногой дешчү да.

А баса, атам төрөлгөндө да атын бир татар молдо койгон экен.

*- Бир «сары ногой» келген го дейм?*

- И-и, татар сары да. Айтор ошентип атама азан чакырганда Айтмамбет деген ат коюлат да, анан ошол ат койгон татар молдо чоң атамын үйүнө көп келип, алыш-бериш кылып, катташып жүрөт. Атам да сары болуп туулуптур, анан жашынан эле тиги татар молдону ээрчип жүрүптүр, илимин үйрөнөм деп. Анан баягы Айтмамбет аты калып калып эле, элдин баары сары ногойдой молдо бол сен дагы дешип жүрүп, Сарногой болуп кетиптир. Менин Сарногоев болуп калганым да ошондон.

*- Молдо киши болгон ээ атаңыз?*

- Ооба. Молдо киши эле атам. Анан ошентип менин атымды да татар молдого койдурат. Менин атым Байдылда эмес, Убайдулла.

*- Убайдулла?*

- И-и, Убайдулла.

*- Демек, сиз Байдылда Сарногоев эмес, Убайдулла Айтмамбетов экенсиз да?*

- Ошондой, бирок мен кыргызча Байдылда болуп кетпедимби. Анан менден кийин энем бир



бала төрөгөн экен, бирок ал чарчап калыптыр. Кийин атам өлгөндөн кийин энем башка кишиге турмушка чыгып. Андан эки эркек, эки кыз бар. Эми энебиз бир болгондон кийин алар деле менин бир туугандарым да. Катташып калабыз ара-чолодо.

*- Эми биротоло өзүңүздүн бала-чакаңызды да айта кетсеңиз?*

- Өзүмдүн үч эркек, эки кызым бар. Улуу уулум Баястан университетти 4-курсунан эле «бүтүрүп» таштаган. Анан аскерге барып, кайра келип, эми дагы улантам дегенсип жүрөт. Андан кийинки Гүлсана деген кызым Москвадан окууну бүтүп келди, кинорежиссер, азыр Т. Океев менен бирдикте, ошол кишинин карамагында иштеп атат. Бир топ фильмдерге катышып, тиги-бу кылып жүрөт иши кылса. Кийин бир, ата, сизди өзүнчө кино кылып чыгарам деп калат. Андан кийинки Карлыгач деген кызым университеттин экономфак дегенин бүткөн. Азыр иштеп «Миң түркүн» деген чоң дүкөн бар го, ошондо товаровед. Турмушка чыккан, Дилбара деген неберем бар, жүрбөйбү жаңкы китебимде да.

*- И-и, жүрөт, окудук аныңызды.*

- А-а, андан кийинки Бактыяр деген уулум да ошол университеттин чет тилдер факультетин бүткөн. Англис тилин, орустун, кыргыздын тилин баарын эле бирдей билет. Ал дагы жаңы Италиядан келген киночуларга кошулуп, «Чыңгызханды» тартканга аралашып жүрдү эле, эми бүттүк деп, башка жакка өтөм деп жатыры. Эң кичүүм Бакай деген уулум. Ал Бакайым онунчу классты бүткөн, анан былтыртан бери «эс алып» үйдө. Иши кылып азыр окуусу деле, иши деле

бир болуп калбадыбы, ылайыгы келсе бир жерге иштейби, же мындай бир окууга киреби, айтор азыркы балдар өзүн-өзү билет турбайбы. Ушул, беш бала менен ушинтип жашап турган кезибиз го.

*- А, жакшы, Байдыке, ушуну кут кылсын.*

- Бу, сен бала, менин жети атамдан бери сурап, бала-чакамды койбой сурап, кемпиримди неге сурабайсың?

*- Сурагыча болбой эле, жеңебизди жакшы көрөт окшойсуз, шашып кетип атпайсызбы. И-и, айтыңызчы.*

- Айтсам, кемпирим Зинаида Сарногоевна деген болот. Кыз-келиндер институтун бүткөн. Ал жердеги бульварда үч-төрт «тааныш» терегим бар эле, дале турат бечаралар. Бир аз арыганы болбосо кадимкидей эле. Кез-кез көрүп коём. Өзү биолог, көп жыл Топурак таануу институтунда иштеп, азыр үйдө. Ушу.

*- Ырахмат, Байдыке. Эми кайра башынан түшөлү, анткени эл арасында сиздин шаарга алгач келгениңиз, окууга киргениңиз ар түрдүү айтылат. Жазуучулар Союзу, Аалы Токомбаев жеке камкордукка алган, атайы Таластан алдырган дегендей кептерди угабыз. Мунун канчасы төгүн, канчасы чын экенин өзүңүз түшүндүрүп бербейсизби?*

- Ал мындай болгон. Атам жашымда өлүп, андан мурдарак энем өлүп, мен Сейнеп деген эжемин колунда калгам. Ал киши атамдын мурунку аялынан болчу, мага ошол киши ата ордуна ата, эне ордуна эне болгон. Эптеп чоңойтту мени. Ал кишинин күйөөсү да аскерге кетип, дайынсыз жок болду. Ошентип эжем экөөбүз бир топ жыл жашадык, тартыштыктын айынан окуй да албай калдым. Анын үстүнө үйүбүз да





элден обочо жерде болуп, айылга бириккен эмеспиз. Атам ыраматылык өзүмдүн туулуп-өскөн жериме эле отурам деп, кыштоосунан көчпөй койгон экен. Азыр алтын чыгып атпайбы, Кулун-Эмбес деген жер эле. Ошентип анан согуш бүткөндөн кийин бир күнү эжем: «Эми, иним, бул жерде айланчыктай турган эмнең бар эле? Сени сөзүңдөн байкайм, кээде ырдап да каласың, комуз кыңгырата коймоң бар, айтор сенден бир нерсе чыкчудай. Биерде алып жүрүп бекер басынтпай, анча-мынча акча таап берип, Фрунзеге жөнөтөйүн. Мен болсо эл катары бир күнүмдү көрөрмүн»,- деп калды.

*- Эстүү киши экен да жарыктык.*

- И-и, «Ошол чоң шаарларда да мээримдүү, боорукер адамдар бардыр, жардамы тийер»,- деди. Мен макул болдум. Ошентип экөөбүз районго келдик. Анда Буденый району болчу. Анан эжем райкомдун секретарына киргизди. Ал жерден менин сөзүмдү угушту, тиги-муну сурашты, анын ортосунда соо турбаган Байдыкең анча-мынча ыр ырдап жиберди. Айтор райондук аткаруу комитети, райОНОсу болуп, дагы бир топтору чогулуп Жазуучулар Союзуна кат жазып беришти.

*- Канча жаштардасыз ошондо?*

- Он беш, он алтылардамын го. Ошентип анан, «Аман болсоң сенден бирдеме чыкчуудай, бар эми бет алдыңан жалгасын»,- деп узатышты. Анан Фрунзеге келдим, азыркы Бишкек да. Жазуучулар Союзунун төрагасы Аалы Токомбаевди таап, баягы кагазды көрсөттүм. Аны шыр эле тапканым, бул жердеги №5 орто мектепте биздин айылдан Кадыркул деген жигит окуучу. Ошону таап, «Сен эми шаардык болуп

калдың, мага Жазуучулар Союзун таап бер»,- деп бекем кармап алгам да. Ошентип бардык. Барсак, Токомбаев аксакал отурган экен, Кадыркул коридордо калды, мен кирип бардым. Чо-оң, мага окшогон сары киши экен, киргенимде эле ордунан тура калды. Ошондо менин балалык ой жүгүртүүмдү карабайсыңбы, «О-о, менде бир топ нерсе жаткан турбайбы» деп койдум ичимен, «Ушу, менин эки ийнимде конгон бир нерсем бар го, болбосо Токомбаев ордунан турбайт эле да». Этиканы билбеген, түркөй, кокту-колоттон келген бала экемин да көрсө.

А бирок абдан жакшы кабыл алып, кеп салышып калдык. Анан сурады, Кайдан келдиң, уулум? – деди. Анда мен: «Таланттын аркасы менен Таластан келип калдым»,-деп жиберипмин. Эми талантымды бу кишиге угузбасам, ал киши кайдан билет менин талантымдын бар-жок экенин. Анын үстүнө таластыктар кичине көкүрөк-көөдөнүн көтөрө сүйлөгөн калк эмеспи. Мен да таластыкмын да, ошентип жиберипмин. Анда ал киши, «Кана, анда ырларыңдан анча-мынча айтып койчу» деди. «Уялбай эле айт» – деди.

Уялбаса мына, деп, баягы согуштун кыйынчылыгын, жалгыз бой келин-кыздардын муң-зарын, тели-теңтуштарымдын аларга тийишкендерин, адан, будан койгулаштырып, кураган ырларым болор эле ошону баштадым.

- *Эсиңизде барбы азыр ошолор?*

- Жок, эсимде калбай деле калды. Анча-мынча калгандары бул жерде айтышка болбой турган ырлар да. Алар башка «стиль» менен кетет да, ал жагы түшүнүктүү да. Мен ошон үчүн айталбай, кысталып атпаймынбы азыр.



Ошентип баштадым. Баштасам, бир аз угуп турду да Токомбаев: «Кокуй, айланайын токтот мунуңду» – деди. Токтоттум. Күлүп атат кайран киши. Андан кийин: «Болуптур, жакшы эми, азырынча бара тур, ырларыңдын уйкаштыгы жакшы экен, анан адамды шып тартып ала турган жагы түзүк экен»,- деп узатты.

Кийин дагы бардым. Жетимчиликти айттым. А киши да жетим болгонун, үркүндө тиги Кытайга чейин барганын, көрбөгөнү көр болгонун айтып, аманчылык болсо мунун баары өтөт, эми сен окусаң түзүк болот эле деди. Бирок кеч болуп калды (Мен тиги март айында келгем да). Анан: «Талас обкомунун биринчи катчысы Молдогазы Токобаев деген киши өзү ыр жазат, «Кайгылуу Какей» деген драмасы бар. Ошол кишиге кат жазып берейин, барып иштеп тур»,- деди. Менин эси-дартым Фрунзеде калыш да. Болбой койдум. «Мен Таластан кайра келем деп келген эмесмин. Мени эмне кылсаңыз да өзүңүз бир нерсе кылыңыз»,- дедим. Айласы кетти, акыры сурады: «Деги канчанчы классты бүткөнсүң?

- Бешинчи.

- Бешинчиге болбойт. Он беш-он алтыга келип калыпсың, алардын агайына окшоп. Андан көрө сен жакшылап аракет кылбайсыңбы, окуганга. Мен жогорку класстарына сүйлөшүп көрөйүн,- деди.

- Макул,- дедим. Ошентип окуп калдым. 48-жылы келдим эле, элүү, элүү биринчи окуу жылында бүттүм анан онунчу классты.

- *Ырды жазып жүрөсүз?*

- Жазбай анан. Ырларым гезит-журналдарга чыгып, бар эле эрмегим Жазуучулар Союзу. Бош

эле болсом ошоякка барам. Жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө алышты. Жаңылбасам март айы болуш керек эле. Анда да эчтеме ойдо жок футбол тээп атканбыз, чаңга аралашып, бир мугалим эжей кыйкырып:

- Эй, Сарногоев, сен мынабу тобуңду токтот, Жазуучулар Союзуна чакырып жатат. Бар,- деди.

- Барсам Токомбаев, Баялинов, Темиркул аксакал, Кубанычбек аксакал, дагы бир топтору бар экен. Сыртта менден улуурак дагы эки жигит туруптур. Анан Баялинов айтты: Сени биз (Баса, ал кезде Баялинов Аалы Токомбаевдин ордуна төрага болуп калган) Жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө алганы жатабыз, адегенде кандидат болосуң, анан жакшы жүрүп, жакшы жазсаң мүчөлүккө өтөсүң» – деди. Ал кезде менин баягы кокту-колоттон келгендеги кебетем жок, мурунку келген балдардын катарына кошулуп, орусча сүйлөп, чач койдуруп алгам капкачан эле. Ырларым күтүрөп чыгат. Өзүм мектепте «Жаш тилек», «Жаш калем» деген эки дубал гезит бар эле, экөөндө тең редактормун. Кийин ошол гезитке чыкчу балдардан да бир топ таланттар чыгышты. Баялиновдун айтканын угуп, макул дедим да, кудуңдап сүйүнүп чыктым. Менден кийин бая сыртта турган балдардын бири кирди. Ал көрсө, азыркы таланттуу жазуучубуз Шүкүрбек Бейшеналиев экен. Ал да кирип кандидаттык кагазын алып чыкты.

- *Кандидатыңыздар кызык экен, партияга өткөндөй турбайбы...*

- И, ошондой, анан экөөбүз ошол жерден кол кармашып, куттукташып калдык. Шүкүрбек анда институтта окуп жүргөн (Университет боло элек





учур да) кези экен. Анан мектепти бүтүрдүм. Бүтүрөр замат чакыртып алышып, Жазуучулар Союзу Москвага Горький атындагы адабият институтуна жиберишти. Ал жерде согушка катышып келген талантуу акыныбыз СоорONбай Жусуев экөөбүз бирге окудук.

- *Сиздер студент болдуңуздарбы, же угуучу болуп эки жылдык курска бардыңыздарбы?*

- Студент болуп беш жыл окудук, Соoронбай экөөбүз. Адалды жесек бир жеп, арамды жесек бир жеп дегендей түрдүү улуттагы балдар менен чогуу болдук, ал менден улуу. Улуу да болсо теңтуштай болуп жакшы жүрдүк.

- *Байдыке, сиздин айтылуу «Мидинге катыңыздан» кийин ортоңуздарда жылуу мамиле, сый болгону баарыбызга маалым. Мына үйүңүздө кучакташып түшкөн чоң сүрөтүңүздөр да илинүү турат. Эми мага ушу Мидинге, Райкан аксакалга кандайча кошулганыңыз, кантип адеп таанышканыңыз жөнүндө айтып берсеңиз?*

- Бул эми өзүнчө кеп кыла турган тема эле, ошентсе да мейли эми учкай айтып берейин. Мен көп жылдардан бери эле Райкан жөнүндө да, Мидин жөнүндө да эскерүүлөрдү жазып, айрым үзүндүлөрүн гезит-журналдарга чыгарып келатам. Мидиндин 70 жылдыгында ошол юбилейлик комиссиянын төрагасы болуп, Жумгалга дейре барып келгемин. Музейине катышып, ушул сен көрсөтүп жаткан сүрөттү ал жерден да көрдүм, аны чо-оң кылып портрет кылышкан жумгалдык туугандар. Мидикемдин көзү тирүү кезинде да абдан таттуу жүргөнбүз. Ракем менен дагы, бирок ал киши кийин сопу болуп, «ак суудан» ичпей, кымызга ооп кеткен.

Бирок мен а киши менен да «ак сууну» ичишип калдым, баш жагында. Аларга жолукканым да өзүнчө кызык. Бая айтпадымбы Таластан келип эле Аалы Токомбаевге жолуктум деп. Ошондон көп өтпөй көчөдөн эки кишиге жолугуп калдым, экөө тең капкара, биринен бири өтөт, «ак сууга» күйүп кеткенби, же өздөрү ошондойбу, айтор, билбейм. Жолукканда эле бир тармал чачырагы, ошондо эле чачына ак кирип калган экен, «Эй, бала, токто! Акчаң барбы?»,- деди. Көрсө, ал Мидин экен. Анан эми мурда көрбөгөн киши, өңдөрү болсо тигиндей карасур болуп турса, коркосуң да. Жаңы келгем, булар шаардын кисебирлери экен деп ойлодум мен. Уккам да кисебир деген болот деп. Чочуркап турсам, «Ай, бала, Мидин дегенди билесиңби?» деди. Шашып кетип: «Атаңыздын аты ким?»,- депмин. «Алыбаев Мидин. Ырларын окудуң беле»,- деди да, бир топ ырларын шатыратып айтып жиберди. Анан ишендим да, «Укчу элем сизди»,- дедим. Анда: «Мынабу байкеңи билесиңби?»,- деп кайра сурайт шеригин көрсөтүп. «Жок, көргөн эмес экемин»,- деп мен турам. «Бул – сенин таластыгың. Акең болот, Райкан Шүкүрбеков ушу. «Жапалак Жатпасовду» окудуң беле?»,- деп эле шыпылдап атат. «Окуган эмесмин, уккамын» дедим. Чынында уккамын, бирок көргөн эмесмин, комедия турбайбы анысы. Анан мен айттым. «Мен сиздерди түшүндүм, жолукканыбыз жакшы байкелер, мен сиздерге окшогондордон тарбия, таалим алсам деп жүрөм. Бирок сиздер мени кайдан билесиздер?»,- дедим.

- Ошентсем, «О-ой, сени келгениңде эле билгенбиз»,- деди жанагы Мидин. «Аалы Токомбаевге киргениңди, кайра чыкканыңды,





артыңа көтөрүп жүргөн жупкаңа чейин көргөнбүз каптагы, чаарала кап беле?»,- дейт. Кабым ошондой чаарала болчу чын эле. Жанагы эжем арпа менен буудай унду аралаштырып жасап берген жупка да ал, согуш жаңы эле бүткөн, интернатка койсом Кадыркулдун балдары жеп коёбу деп кызганып көтөрүп жүргөм да ала капты таштабай. Аны көрүшүптүр. Аңгыча, «Акчаң барбы?» – деп калды дагы Мидикем. Анан эле шарт сууруп чыктым, баягы эжем үч-төрт эчкисин сатып, Таластан даярдап берген акча болчу. А кезде эмне, интернатта тамагы белен, кийимди берет, акчаны эмнеге жок кылмак элем, жүргөн түгөлү менен эле. Сууруп чыгып эле баарын карматтым, абдан кубанышты. Анан тиги дүкөнгө барып бирдеме апкеле койбойсуңбу дешти. «Байке, мен билбейт экемин, бул жагын билбейм чыны»,- деп кыйылдым. Антсем:

- Тээтиги дүкөндү көрдүңбү? – деди.

- Көрдүм. (Тиги Дзержин гүлбагындагы айтылуу көк дүкөн, кийин бузулуп кетпедиби).

- Көрсөң, ошого барсаң арак бар, баасы баланча болот. Тез алып келе кал,- дешти.

- Болуптур, - деп жөнөп калсам, дагы токтотушту. «Эми, сен көйнөкчөн жүргөн экенсиң, бу бойдон болбойт, оротуп, мобу сеткага салып кел»,- дешип чөнтөгүнөн бир тор баштык алып чыгышты. Карасам ал тор баштыгы да өздөрүнөн өткөн капкара баштык экен, мурунку өңү башка түстө эле шекилденет, өмүрү жуулбаптыр да. Тияк-биягынын баары үзүлгөн, үзүлгөн жерлеринен баарын кайра улаштырып, түйүшүптүр, айтор, билбейм ал канчанчы кылымдагы сетка.

Ошентип дүкөнгө бардым. Барып, айткан «ак

суусун» алып, бат эле келип калдым. Келсем, тиги Райкан: «Ой, бирдеме, тиштей турган бирдеме...»,- деп эле байпастап калды. Закуске деп аткан турбайбы, көрсө, анысын кайдан билдим? Аңгыча Мидин: «Кой, эми Раке, баланы кайра убара кылбайлы, баягыдай эле калпак жыттай коёбуз»,- деп калды. Экөөнүн башында тең калдайган саман калпагы бар, баса. Анан ошентип тургуча эле: «Мейли, куй анда» деп, жанаа бири сетка алып чыкса, эми бири жанынан стакан алып чыга калганы. Райкан айтат: «Э-эй, үкөм, арак табылат, бу стакандын табылышы кыйын, ошондуктан муну биз кадимкидей алып жүрөбүз»,- дейт. «О-ой, булар шумдуктай камбыл кишилер турбайбы»,- деп ойлоп мен турам. Анан «Эми куй» дешти. Куйганда кандай куям, муну сурагандан тартындым да, айтылуу Атай Огонбаев мага жакыныраак таяке болор эле, ошолордун айылга барып калганда стаканды белинен куюп арак ичкендерин бир көзүм чалганы бар, ошентип куяттыр дедим да, стаканды белинен куюп, сунуп калдым. Сунсам эле Мидин сөгүп киргени:

- Эй, ...урайындын баласы, сен эмне белинен куясың, деги ата-бабаң киши күтүп көргөнбү?,- дейт.

- Ой, байке, көргөндө эми, мен ушинтип белинен куйганын эле көргөм да...

- Куй, толтура, мелт-калт кылып куй!,- деди ал.

- Болуптур, болуптур,- деп, калтырап-титиреп коркуп калдым, эптеп толтура куюп кайра сундум. Кайра сунсам, кайра урушат:

- Эй, сен, мындай аксакалдата сунбайсыңбы? Кандай немесиң өзү?

- Көрсө, Ракем улуу турбайбы, Мидикемден. А



кишиге сундум. Ракем алды да: «О, айланып кетейин, үкөм, мен да таластыкмын. Маймакта далай жүргөм. И-и, мен да жетим болгомун. Мына эми шаарга келип, биздин колго тийдиң, сени биз буюрса адам кылып чыгарабыз. Ушинтип эле кез-кез биздин керекке жарап турсаң болгону»,- деди. «Болуптур, болуптурдан» башка сөз оозума кирбей турам келип. Ошентти да, «Кана, эмесе, Мидин кеттик» деп туруп баягы толтура аракты шарт «перевалдан» ашырып жиберди. Ашырып жиберип эле Мидиндин башындагы саман калпакты шып ала коюп, коркурата жыттап калды. Закускеси ошол экен, көрсө. Анан дагы куйдум, дагы ошондой толтура куюп, Мидинге сунсам, ал алып жиберип Райкандын башындагы саман калпакты алып жыттап калды. «А-а, дедим ичимден, түшүндүм буларды».

Анан эки стакандан кийин түбүндө дагы калат экен шишенин, анча-мынча. Ошону куй дешти. Куйдум. Бир элидей чыгабы, чыкпайбы, стакандын түбүнө куйдум айтор. Куйсам, «Ич» дейт.

- *Коркуп кеттиңиз?*

- Ой, айланайын байке – коркуп кеттим да чын эле – мен муну түшүмдө да ичип көргөн эмесмин. Коюңуз,- дедим.

- О-ой, кокуй,- дейт Мидин, - эгер сен муну ичпесең талант боло албайсың эч качан. Сен баягүнү Токомбаевге «Таланттын аркасынан Таластан келдим» деп мактанып атпайт белең. Калп айткан турбайсыңбы. Кой, сени эртеңден калтырбай Таласка кетириш керек экен.

Айлам кетти. Анүстүнө «Кетиребиз» дегенин угуп жүрөгүм шуу дей түштү. Чымырканып туруп тартып жибердим мен дагы. Жутуп жиберсем,

көзүмөн деле, мурдуман деле кетти. Какап-чакап атам. Анда Райкан мага көңүл айтып атпайбы:

- Ой, үкөм, - үнү ушундай колдурап сүйлөгөн киши болчу, - үкөм, биз да ушинтип адегенде какап-чакап жүрүп, анан көнүп кеткенбиз. Эч нерсе эмес...

Ушинтсе, беркиси – Мидин аны улайт:

- Ушинтип какайсың, чакайсың. Анан тиги, тиги... (Райканга көзүн кысып) кыз деле адеп келин болуп келгенде бир-эки жума көнө албай ооруксунуп жүрүп... кийин колдон талашат эмеспи, э, Раке. Мына акең билет. Сен да кийин биздин колдон далай талашып ичерсиң...

- Иши кылып ит кылышты мени, экөөлөп жатышып. Кыскасы адеп жолукканыбыз ушундай. Анан ата-баладай ынак болуп кеттик, баарыбыз ысык жүрдүк. Мидикемдин Тополоң деген кызы бар эле, ага мени өкүл ата коюшкан, кийин Масквону бүтүрүп келгенден кийин. Анан бу жеңең, менин аялым, Мидикемдин өкүл кызы болчу. Айтор ошентип казан-аяк аралаш катташып, үйдө ага-инидей, сыртка чыксак, тиги-муну шалпышып жолдоштой элек. Кайран Мидикем, кайран Ракем...

*- Эмки суроо мындай, Байдыке, сиздин кесиптештериңиз, акындар, жазуучулар «сенек мезгил бизди кысып койду. Эркин жаза албай калдык» деп көп наалышат. Ушул боюнча сиздин оюңуз кандай, сездиңизби ушундай бир терс таасирди?*

- Эми ачыгын айтсам, мен андайды көп деле байкаган жокмун. Бир гана 1963-жылы «Ак калпак» деген жыйнагым чыкканда анча-мынча жеме-жука угуп калгандай болдум.

Көрсө, эмне үчүн борбор шаарыбызда сары баштар көп? Эмне үчүн кыргызча сүйлөбөйбүз? – деген сыяктуу маселелер кичине ал кездин талабына караганда курчурак коюлуп калган окшойт го анда. Айтор биртке какыс-кукус кылышты. Эми бул мени минтти эле деп кеп кыла турган деле нерсе эмес чынында.

*- Байдыке, кыргыз деп күйгөн адамдарды көп эле көрүп, аларды урматтап, сыйлап жүрөбүз. Бирок айрым ушундай эле эл сынында, көз учурунда турган аттуу-баштуу кишилерибиздин кээде майдаланып, өз уруусунун гана союлун чаап, кедеринен кеткен кездери бар. Ушу маселеге кандай карайсыз?*

- Ага мына мындай карайм:

Кара кылды как жарып,
Калысын сүйлөйт эр киши.
Учтан ашпас кыргызды,
Урууга келбейт бөлгүсү.
Сарбагыш, саяк деген сөз,
Законго жакпайт эмдики.
Азамат чыкса акылдуу,
Ал жалпы кыргыз элдики.
Калк ичин бөлгөн майдалап,
Бир гана
Караңгылыктын белгиси!

Же болбосо:

Бугудан чыккан Балбай деп,
Сарбагыш экен Шабдан деп.
Азыркы жүргөн чоңдордун,
Ата-теги кайдан деп.
Эмне үчүн биздин уруудан,
Жакшылар чыкпай калган деп, -

жүрүшпөйбү. Бул болбогон иш. Кыргыз бир түп ыргайдай, же байтүп чынардай бекем, бирдиктүү, ынтымактуу болушу керек.

*- Байдыке, жаш кезиңизди, жетимчиликтин жайын, түшүнөбүз, анын жөнү башка. Бу чоңоюп эс тартканда, окуудабы, иштеби, же жаңы тирилик курап адепки үй-бүлө күткөн кездеби, сиздин эсиңизде калган, абдан сарсанаа кылган кандай кыйынчылык болду? Муну сурап атканым, азыркы кыргыз жаштарына кандайдыр пайдасы тийер жагы болобу дейм да, кайсы кыйынчылыкты кантип чечерин билбей жүргөндөр көп эмеспи азыр деле.*

- Кыргыз «Атадан алтоо болсоң да, ар жалгыздык башта бар» дейт. Андыктан ар кимдин турмушунда ар түрдүү кыйынчылык болору турган кеп. Аны мындай чеч деп эч ким жол көрсөтө да албайт, ал ар кимдин жеке иши. Ал эми мен ушу кыйналгандан үйдөн кыйналдым да. Маскөөнү бүттүм, келдим, иштеп жүрөм, үйлөндүм. Үйүм болсо жок. Анан жаңкы «Биринчи байлык – ден соолук, экинчи байлык – ак жоолук» деген макалга «Биринчи байлык – ден соолук, экинчи байлык – квартира, анан үчүнчү байлык – ак жоолук экен» деп «оңдоо» киргизгем. Айтор абдан кыйналдым. Анан бир күнү шаардык аткаруу комитетине бардым. Эл көп, кара таан тимеле, орусу деле орусча, кыргызы деле колунан келсе, келбесе орусча арыз жазып атышат. Байкап турсам: «мен боло турган болчу болсом, Талканбайүп Шишбаш, тогуз балам бар, онунчусу аялымдын курсагында» дегендей кылып шилтегендери деле бир топ. Баласы көп болсо, жеңилирээк болот го, кыязы. Дагы баамдаганым баары кара сөз түрүндө, атайы калыпка салып жазышат экен, айтор колуңан келсе орусча жазганың өтүмдүү болот көрүнөт. Анан: «Кой, элдин баары «прозаик» турбайбы, мен акын болгон соң, ыр менен жазайын» деп, ошерден эле шилтеп салдым:

Мал айдап тоого көчкөн миң,
Баласы менмин көчкөндүн.
Баш паанек берер бекенсиз,
Байырлайм шаарга деп келдим.

Калаанын ичин жаңылап,
Катар жыл көп үй салынат.
Качантан күткөн кезегим,
Арылап барат арылап.

Үй, үй деп жүрүп агайын,
Өткөрдүм күндүн далайын.
Болбосо шаардан конуш бер,
Боз үй тигип алайын! –

деп этегине Байдылда Сарногоев деп колду коюп, дарегимди жазып салдым.

Анан эле бир он беш күнчө убакыт өткөн соң чакырып калды. Барсам, бир киши ошол аткаруу комитетинин чоңу экен, мага карап астейдил күлдү дагы, «Бу элдин баары арыз жазса, сен ыр жазыптырсың, иним» деди. «Анан кантейин, байке, поэзиянын касиети күчтүү болот деп уктум эле, пегас атка минип туруп шилтеп койгом» дедим. «А-а, жакшы айланайын, жакшы, эми биз муну өзүбүз чече албайбыз, бирок чечкидей кылып туруп Совет Министрине жиберели. Ошол жактан чечишет, ал жерде Болот Мамбетов деген бир чоң киши бар, Совет Министринин чоңу, ошол кишиге жолугасың» деди. Болуптур байке, деп кубанып чыктым. Жолду катар ойлонуп келатам: «Атаңгөрү, баягүнү мынабу Панфилов паркына эки-үч бээ байлап, желенин казыгын кагып, бир

айгыр салам. Өткөн-кеткенди кымызга кыргызча чакырып турам…» деп да жазып койбой, дагы жакшы болмок экен» деп.

Дагы бир топ күн өтүп Совет Министрине чакырышты. Анда баягы Таластан адеп келгендеги кебетем жок…

*- Шаардык болуп калгансыз…*

- И-и, шапкени кыйшык кийип, галстук болсо тизеге жетет, атаңгөрү, кыз жандап жүргөн кез да. Ошентип чакырып калышкан экен, бардым. Барсам, тээтиякта бир киши олтурат. Тура калып колдон алды. Олтурдук. Учураштык.

«И-и, Байдылда Сарногоев деген жигит сен турбайсыңбы?»,- деди. «Ооба, аксакал»,- деп койдум мен. Анан: «И, балам, сүйлөчү»,- деди. Мен сүйлөгөн сайын эле ушинтип, ушинтип… эле башын ийкеп олтурган а киши. Мен болсо, «Атаңгөрү, бир сөзүм да талаага кетпей ушу кишиге куп ынады», деп компоюп отурам. А көрсө, ошондой эмеси бар экен, а кишинин башы эч «жок» дебей эле, «макул, макул, макул» деп ийкелип турат экен. Согуштун таасириби, билбейм, анысы. Ошентип «Болуптур эми, Байдылда болсоң жакшы экен» деп, адан, будан сурап олтурду, анын ортосунда мен берки «кадимкилерден» да дыр койдуртуп жибербедимби, а жерде да… Анан болуптур эми бара бер, дагы чакыртабыз керек болсоң деп узатты. Кеттим. Бир күнү эле Жазуучулар Союзуна барсам, «Ой, Байдылда сага үй тийди» дешет. Көрсө, ошол жакка айтышкан экен. Ушинтип үйлүү болгом.

*- Ушул биз олтурган үйбү ошол?*

- Жок, ал тээтиги эски аэропорт жакта болчу, эки бөлмө эле. Муну кийин бала-чакалуу болгондон кийин албадыкпы.





*- Азыр кандай шартыңыз эми?*

- Азыр төрт бөлмө, ушу да көрүп турасың го, түзүк эле.

*- Үй жагын ушинтип чечкен экенсиз, эми иш жакка келели, Байдыке, бу сиз кандай-кандай «кызматтардын» башын кармадыңыз?*

- Мен, албетте, Горбачевго окшоп генсек болгон жокмун дечи. Маскөөдөн келгенде эле мынабу «Ала-Тоо» журналы бар эмеспи, ошого С. Жусуев редактор болду, мен вице-президенти болдум.

*- Орун басары болдуңузбу?*

- Жок, бөлүм башчысы болгом. Ошентип аерде бир топ жыл иштедик. Анан 1959-жылдан баштап Жазуучулар Союзунун поэзия бөлүмүндө кеңешчи болдум. Ал жерде 1973-жылга дейре иштедим, анан чыгармачылыкка өтүп кеттим. Ушу.

*- Жыл жаңырса 60ка чыгасыз ээ?*

- Мына эми январь келсе эле…

*- Январь келип калдыбы.*

- Келип да калды чын эле. Ошо январдын 24үндө алтымышка толот экем. Ошого кемпирим пенсиянын кагазын толтур деп мени кыйнап атпайбы. Же анысын кандай толтурганды билсемчи… Баса, дагы бир «кызматым» бар экен, Жазуучулар Союзунун президиумунун мүчөсүмүн, кээде кеңешип, чакырышып турушат.

*- Элдин баары эле кагаз кымбаттады, китеп чыкпай калат, чыкканы өтпөй калат деп эле чуу түшүп жатыры, буга сиздин оюңуз кандай? Базар шартында оокат кылуу кандай таасир этүүдө?*

- Элде көпчүлүк менен көргөн той деген кеп бар эмеспи. Бир эле бизде эмес мындай акыбал мурдагы Советтер Союзу деп аталган өлкөнүн

бүткүл аймагында болуп атпайбы. Бул эми өтөр-кетер кыйынчылык, ага ар бир эле сергек ойлогон адамдын акылы жетип туру.

Анан биз кыргыздар да нечен кылымдарды көргөн, бирде жеңген, бирде жеңилип кырылган, оорудан өлгөн, ачтан өлгөн, кайра көктөп, кайра толукталган, байыркы элдин тукумубуз го. Өтөбүз буюрса, бу кыйынчылыктан да, акырындык менен бу турмуш да оңолот.

Ал эми чыгарма жазуу, аны чыгаруу жагына келсек, мен тээ илгертен эле «Меники көбүрөк чыкса» деген киши эмесмин. Мен төөчө толготуп, төөчө туйм да чыгарманы, кой-эчкидей жамыратып жибербестен. Айтор, буюрганын чыгарып келатам, аны өзүң да жакшы билесиң. Эми деле ошол: пешенедегини жазарбыз, пешенедегини чыгарарбыз.

Мунун баары айтор өз орду менен боло берер жумуш, андан көрө мени кубандырганы - өзүбүзчө мамлекет болдук. Үрп-адатыбыз, салтыбыз, тилибиз өз колубузга тийди. Өзүбүз шайлап президент күттүк. Айтор, «Аталашсаң атам тең, баталашсаң батам тең»,- дей турган көп өлкөлөрдүн катарына кошулдук. Буга да чоң шүгүр. Кыскасы, иним, азыркы катаал шартты мен ушундай кабыл алып, аны күлкү менен жеңгим келет. Анан ыр бар, комуз бар, бир-эки кайрып-кайрып жиберчи кайсы кыргыздын капасы жазылбайт экен?..

*- Эми соңку суроо, Байдыке, капыл-тапыл шарт болуп, ыр оку деп суранып калышса, токтоосуз баштай турган ырыңыз кайсы? Ошону окуп бербейсизби?*

- Ошондой учурда менин эсиме дайыма эл түшө калат, кыргыз эли. Себеби мен ырды өзүм





үчүн, же кемпирим үчүн жазбайм да, жакшыбы-жаманбы эл үчүн деп тилек кылам да. Атактуу акын, орус элинин чоң акыны Сергей Есенин орусту, орустун ак кайыңын ырдаса, мен өзүмдүн ак калпак кыргызымды, Ала-Тоомду ырдоодон эч качан тажабайм. Жаңкы сен айткандай шартта менин шыр баштачу ырымын бири бул:

Кыргызым – бүтпөс ырымсың,
Кыярбас кызыл туумсуң.
Сан жагың чакан болсо да,
Сапатың менен улуусуң.

Досуңа тоодой бел болуп,
Тоңдурган кышта жылуусуң.
Касыңа кайра эригис,
Кадимки түндүк уюлсуң.

Энебиз ушул жердеги,
Теңесем сага эмнени.
«Манастай» эпос жараткан,
Бар бекен сендей эл деги?

Түбөлүк батпас нур болуп,
Түбөлүк бүтпөс ыр болуп.
Эскирип эски кылымдай,
Жашай бер жаңы жыл болуп!

*Аңгемелешкен:*
***Самидин СТАМБЕКОВ***
*28-декабрь, 1991-жыл,*
*«Ак бата» журналы,*
*Бишкек.*

**Түгөлбай Сыдыкбеков,**

*СССР Мамлекеттик сыйлыгынын ээси, академик.*

## «АЗЫР БЕШ УУЧ КЫРГЫЗ БИР УУЧ БОЛУШУ КЕРЕК»

*Башка го башка, бу Түгөлбай Сыдыкбековду ким билбесин, кыргыз адабиятындагы төбөсү көк тиреген туу чокулардын бири эмеспи кайран Түкөбүз. Жазган чыгармалары менен эле эмес, кеменгерлиги,түздүгү,эчкимденжалтанбастыгы, калыстыгы, дайыма журт тталамын талашып, эли үчүн эмнеге болбосун даяр тургандыгы менен да оозго алынып, алакандай кыргыздын таянар тоосу, ишенген кожосу катары кызмат кылган азганатай чыгаан адамдарыбыздан.*

*Адабиятыбызда Бакайдай урматталган ушул кишиге бир кездешсек, акыл-насаатын угуп, чер жазыша маектешсек дегенде, ак эткенден так эткенибиз менен бир топко дейре бул иштин сааты чыга бербеди. Акыры ысыгы аргасыз ыксыраткан аптаптуу жай күндөрүнүн биринде, күү-шаасынан баш адашкан калааны калтырып, тоо жакалай чыгып кеттик.*

*Көздөгөн жергебизге жетип-жетпей күндүн кую бузулуп, чай кайнамдык өткүн болуп өттү. Аңгыча сайдагы суу көтөрүлүп, нугунан ашып, короо-жайды, бак-шакты, жолдорду жайпай берди. Үй ээси барбалаңдайт:*

*-Бу, илгерки жомоктордо Алпкаракуш келгенде күн бузулуп, шамал жортот, жаан-чачын болот дешчү эле, бизде сиз келгенде суу көбөйөт да, Түкө! Бул эмнеси?*

*-А-а, эми суу көбөйсө жакшы жышаан го, суу*



*өмүр болбойбу, - дейт Түкөм каадасынан жазбай.*

*Анан бат эле кызуу кепке кирип кетиппиз, жарыктык Түкөм ушу сапар астейдил чечилди. Деле көп нерсени эскерип, көп маселенин башын камтыдык. Ошондогу кепти түгөл тасмага түшүрүп алган элек, төмөндөгү сукбат ошол сөздү кыябын бузбай кагазга түшүргөндүгүбүз болор.*

**- Түкө, биз жаңыдан «Ак бата» аттуу журнал чыгарсакпы деген ойдо жүргөн балдар элек, журналда адабиятка негизги орунду берсек дагы, зарылдыгына жараша коом турмушунун башка жагдайларына да аралаша жүрсөк деген ниетибиз бар. Ошондон улам кыргыз адабиятынын кадырман аксакалы, көч баштоочуларынын бири катары, сиздин оюңузду уксак, кеп-кеңешиңизди кабылдап, жолдомобагыт алсак деген ойдо алдыңызга келип тургандагыбыз.**

- «Ала-Тоого» жардам турбайбы, кошумча?

**- Ошондой десек да болор, бирок негизгиси жаштар журналынын милдетин аркалоо болот го.**

- Ошондо эми, негизги багытыңар жаштар болобу, же жалпы элеби?

**- Жалпы болот, бирок жаштардын орду басымдуураак болууга тийиш.**

- Жакшы ниет экен.

**- Түкө, мына кеп оролу жаштарга айланчыктап калды, адегендеги кепти сиздин чыгармачыл жаштарга мамилеңиз жөнүндөгү нукка берсек кантет? Кимдерди көбүрөөк окуйсуз, кимдер сизди үмүттөндүрөт дегендей...**

- Эми мен баягы жаш кезде, өзүм алдуу, көзүм

курч кезде жаштарын деле, карысын деле кыя өткөрбөй окучумун. Анан маал-маал өз оюмду айтып койчумун. Маселен, 63-жылы бизде жаштарга арналган бир чоң кеңешме өттү, мынабу «Чернышевка» аттуу ошол кездеги жаңы китепканада. А кезде Касымбеков, Гапаров, Кеңеш, Шабданбай, Кубатбектер, Аман Саспаевдердин кээси жаш, кээси кыйла такшалып калган кези, айтор ошол кездеги жаштардын бир кыйласы шыктуу чыгышты. Анан ошол кеңешмеде бир катар жакшы ойлор, сунуштар айтылды, жаштарга көңүл бурулду. Ошол эле учурда бир катарын катуу сындап да коюшту. Сындалгандардын ичинде жанагы куркуйган узун, «Карагай» деп коём мен аны, Жусубалиев да бар экен. А кезде мен аны таанибайм, мурун көрө элекмин, ошонун «Күн автопортретин тартып бүтө элек» деген повестин сынап жатышат. Угуп отурсам, ар жагында бирдеме бардай сезилет, мен өзүм повестти окуган эмесмин да, байкасам, баары эле жалтангандай, корккондой. Чыңгыз да көп дааган жок. Анан мен сурап калдым: «Автор ушунда барбы?». «Бар» дешти, «Кайсы?» десем, бир көзү минтип кылмыйган, дегеле эч нерсени тоготпогон, куркуйган бир бала отурган эле, ошону көрсөтө беришти. Ошонун отурганы мага жагып калды. Анан туруп, «Ушул Жусубалиевдин повестин мага берсеңер, мен окуп чыгайын, анан оюмду айтармын»,- дедим. Дедим эле баягы бөгөлүп турган эл: «Жакшы болот, Түкөм алсын» деп эле бере салышты. Эми антпесем, бир жыйынтык чыгарып, бир даарынын мындай «осудить эткендей» кылып токтом да жазгысы барбы, айтор мен алдым. Алып эшикке чыксам, азыр кимдер





экени эсимде жок, айтор ошол эле жаштардан, экөө-үчөө кошо чыгышып: «Түкө, бекер кылдыңыз, бул бала сиздин баркыңызды да билбейт, пикириңизди кабыл да албайт, бул өзү кеп укпаган, жаңыча өсүп калган, тежиктерден» дегендей кептерди айтышты.

А мен: «Эми, тежик болсо, мен деле тежик болуп өскөм, тил укпаса көрөрбүз, байкайбыз да» деп коюп, үйгө кайттым. Баса, жаңкы балага: «Сен кечикпе, көп болсо эки-үч күндө келип жолук, чакан повесть экен бат эле окуп коём» дедим.

Анан келди. Ага чейин повесттин абдан жакшы дит коюп окуп чыктым: кадимки эле чоң эне, кадимки эле боз үй, кадимки эле ой-тоо, кадимки эле эшек жүрөт. Бирок ошолорду өзүнчө бир байкоо, өзүнчө бир көрүү менен жазган, кыскасы, кыргыз адабиятында мурда жолукпаган ык бар экен, бул жаңылык да, мага анысы жакты. Анан эми чоочуй турган эчтемеси жок экен, бирин-экин ошол кездин талабы менен алганда, жанагинтип буруп, дуулдап, сынга алып коё турган деталдар бар экен. Анысын келгенден кийин ал-жайын сурап, таанышып отуруп айттым. Повестке болгон пикиримди билдирдим, талашып-тартышкан деле жок, чатак деле салган жок, жаңкыдай жаңжал чыгып кетчү жерлерин көңүлгө алды. Кыскасын айтканда, повестти чыгардык, ошону менен Жусубалиевдин эшиги ачылып калды. Анан орусча кетти.

Айтор жаштарга мамиле жакшы эле болду. Кезинде М. Гапаров, А. Саспаев, Ш. Садыбакасов жана башка толуп жаткандарды сүрөөгө алдык, пикир таратып, бата бердик. Ошондой мамилени мен такай улантып келдим. Адамдар келгенде

өзүмдүн ишимди токтотуп коюп, кары келеби, жаш келеби сөзүн угуп, шагын сындырбаска аракеттенчүмүн.

Дагы бир аңгеме айта кетейин, жаңкы үйдү салып жаткан кезибиз, 52-жылдар. Эки сетке толтура кол жазма көтөрүп эле бир шудуңдаган бучук кара бала кирип келип, кой-айы жок эле:

- Мен сизге келдим,- деди.

- А кел, эмнеге келдиң?

- Роман көтөрүп келдим, окуп, мага оюңузду айтып бериңиз.

Мен анын ушинтип кирип келгенине кызыгып калдым, өзүмдүн да апенди чалыш мүнөзүм бар эмеспи, бу ким, кандай жазган эме, билейин деп туура жаткан карагайдын үстүнө олтуруп алып сүйлөшө баштадык. Ачыгын эле айтып атат: «Бул менин жазган романдарым чыкканда, Баялинов экөөңүздөрдөн өтүп кетем». «Макул өтүп кет» - дедим. Анан сурадым:

- Бу сенин аты-жөнүң ким болот?

- Кыргызбай.

- Кандайча, казаксыңбы?

- Жок, бул Жумгалдан эле болом.

- А эмне үчүн Кыргызбай?

- Эми ачыгын айтсам, өзүмдүн атым башка, (көрсө Качкынбай Осмоналиев экен, Түкөм каткырып күлөт) Кыргызбай деген адабий атым болот. Кыргызбай деген атактуу жазуучу чыксын, бүтүн Кыргызстанды дүңгүрөтүп чыккандан кийин, мен энеме барып, «Мына ошо Кыргызбай деген атактуу жазуучу мен, сенин балаң - Качкынбаймын» деп энемди кубантамын дебатпайбы. Анда мен айтып атам: «Ой, антсең энеңе зыян кыласың, балам жоголуп кетти деп





күйүп жүрсө, бир күнү эле Кыргызбаймын деп сен барып калсаң, жүрөгү жарылып кетсе кантесиң? Андан көрө, азыртадан эле Качкынбаймын деп эле айта бер, бир кайнатым чайыңды алып, бир көйнөктүк бөзүңдү алып, такай барып, энеңди акырындык менен кубант. Ошол жакшы болот» - деп күлүп узаткам.

**- Түкө, кептен улам чыккан кеп, Чыңгыз менен кандайча таанышканыңыз жадыңызда барбы?**

- Мен Чыңгыздан алгачкы «Асма көпүрө» сыяктуу чыгармаларын окуп жүргөм, бирок өзүн таанычу эмесмин. Бир күнү, Абдымомуновдун төрага кезеги анда, 58-жылдар болуш керек жаңылбасам, мен сурап калдым: «Жаштардын ичинен ушундай бир автор чыгып жүрөт, билесиңби?» - десем, «Оо, ал келечектүү иниңиз, Түкө, таланттуу жаштардан» - деп калды. «Андай болсо, тааныша турган экенбиз» - дедим мен. Эми кептин чындыгы, бул сөздү Айтматовго Абдымомунов айттыбы, айтпадыбы билбейм, кыскасы, Айтматов мага келди. Ал кезде жаш кезеги, кагылып-согула элек кезеги, арык чырай, узун бойлуу, кадимки Чыңгыз. Кабинетте иштеп отурган элем. Үстүмө кыпкызыл болуп, ыйбаа менен кирди. Олтурду. Тааныштык, анан сүйлөшө баштадык. Сүйлөшө баштаган сайын Чыңгыздын олтурушу, сөздөрү мага жага баштады. Маселен, мага кирген жаштарга бир нерсе айтып жатсаң, макул болуп, башын ийкеп, кубаттап эле олтурушчу көпчүлүгү. Чыңгыз деле ошентип олтурду, бирок кеп арасында өзү суроо коюп, бу кандай, тиги кандай деп кызыгып олтурду. Мага мына ошонусу жакты, өзүнүн терең ой жүгүртүүсү бар экендиги, көз карашы

бар экендиги, адабиятка берилип, изилдеп жүргөндүгү кубантты. Ошону менен таанышып кеттик.

**- Кийинчерээк экөөңүздөрдүн чыгармаңыздар Лениндик сыйлыкка катар көрсөтүлүп калды деп эшитчүбүз, ошол чынбы?**

- Кыргыздар кызык калкпыз да, а кезде Мамлекеттик сыйлыкты, Лениндик сыйлыкты республикаларга берсе, эки-үч жылда араң бирди берчү. А биз болсо 61-жылы үч кишини катар көргөздүк: Ч. Айтматовдун повесттерин, «Жамийла» менен кошо, менин «Тоо арасында» романымдын орусча чыкканын жана С. Эралиевдин «Ак мөөр» поэмасын. Мен ал учурда Лениндик сыйлык боюнча комитеттин мүчөсү элем. Москвадагы биринчи эле талкууда «Ак мөөр» чыгып калды. Кыскартып айтканда, экөөбүз тең сыйлыксыз калдык. Айматовдун повестин «Чакан экен» дешти, «Эне тилинде чыкпаптыр» дешти, мага болсо өзүбүздүн ич ара ыйкы-тыйкыбыз тоскоол болду. Ошентип биринчи жолку талкууда Айтматовго кол жетпей калды, жүз элүү, жүз алтымыштай киши бар да, ошонун үчтөн экиси кол көтөрүш керек да, абдан татаал иш да, бул сыйлык бергени дагы.

Кийин 63-жылы Айтматов кайра коюлду, мен дагы эле жаңкы комиссиянын мүчөсү элем, ошол жылы Кыргызстандан Айматовду катуу сындаган, «Жамийланы» дагы, «Горы и степини» дагы бүт бойдон каралаган чоң материал түштү. Маселени териштирип, пикир айтууну комитеттен мага тапшырышты. Мен түшкөн пикирлер менен таанышып чыктым, негизги күнөө катары чыгармалардын кыргызча жазылбаганы менен эле, жанагы Жамийланын





качып кеткенин айтышыптыр, анан башка да бир катар доолор бар экен. Аларды мен жокко чыгардым, ал учурда «Саманчынын жолу» да чыгып калган эле, ал кыргызча чыгып, орусча басыла элек эле, мен ошого таяндым. Муну айтканым, ошол учурда сыйлык берерде чыгарманын адегенде өз тилинде чыкканына карашчу, ошол эле Айтматовду талкуулаган чогулушта бул эрежеге Аджубейлер, Карламовдор жана башкалар каршы чыгышты да, кийин бул эреже жоюлуп, жалаң орусчасы каралып калды. Ошентип 63-жылы «Горы и степи» колго алынып, сыйлыкты алып кетти, куттукташып калдык... Андан калганын өзүңөр жакшы билесиңер. Мына ушул окуялардан кийин кээ бир кишилер мени Айтматовго каршы чыкты деген ой кылып калышты, а мен каршы чыккан эмесмин. Айтып отурбаймынбы болгонун болгондой. Ушул.

Эми жаңкы жаштар тууралуу кепти аягына чыгарып коёлу, согуштан кийин биз мына Алыкул болуп, жана башкалар болуп, көп сырдаштык: кенедей эл элек укмуштай таланттарыбыз бар эле, баары жок болду. Эми кайра калыбыбызга келер бекенбиз, өсөр бекенбиз, толор бекенбиз, эл катарына кошулар бекенбиз деп сырдашчубуз. Эки-үчтөн болуп алып (анда эки-үчтөн, бирди-экиден сырдашпаса болчу эмес) ошону самачубуз. Мына эми, кудаага шүгүр, сан жагынан өсүп барабыз, сапат жагынан да өскөн белги бар.

**- Согуш бөксөрткөндөн кийинки кайра жаралуу учурунда кыргыз адабияты басып өткөн жол сизди канааттандырабы, мурункулардын ордун кийинкилер татыктуу улай алдыбы деген кеп да...**

- Албетте, канаттандырат, өстүк дегендей, дүйнөгө таанымал адабият болдук дегендей, жылыштар бар. Бирок ушуга чейинки жолдо чоң адашуулар болду. Ошондой адашууларыбыз азыр да бар, келатат катарыбызда. Бул – жанагы тилибизге баа бербестик, салтыбызды унутуп коюу, өзүбүздү өзүбүз кемсинтип, үрп-адатыбызды унутуп коюу. Кыргыздын тили менен, кыргыздын ой жүгүртүүсү менен чоң адабиятка жетпейбиз деген жолбун, болбогон, наадан аныктамаларыбызда чоң кемчилик бар. Бизден аз эл бар, маданияты жогору турган. Биздин тилибизден кичине тил бар, баарын өздөштүрүп алган. Биздин тилибиз чоң тил, кыргыздын тили түрк тилинин негизи, а түрк тилинде 100 миллиондон ашык эл сүйлөйт.

Соңку жыйырма жылдын ортосунда, отуз жылдын десек да болор, абдан зыяндуу иштер болду: фольклорду жамандадык, турмушту кеңири сүрөттөгөн прозаны «описательный» деп дагы жамандадык, анан роман деген жоголот, радио чыкты, теле чыкты дедик. Ушундай тескери пикирлерди жөн кишилер эмес, мансаптуу профессорлор, сынчылар айтып чыкты. Мен ошолорго такыр макул эмес болчумун, канча бир айтышып, тартышкан учурларым болду. Ошол кезде биз жогорудагыдай позицияны кармаган кишилер жүгүнгөн Европанын жыйырма беш, отуз жыл мурда басып өткөн деңгээлинде турган элек, аны түшүнбөй эле кыйкырып сала бердик. Өнүгүү деген, алга жылуу деген туура түшүнө албасаң кыйын да, мына азыр публицистиканын арааны жүрүп жатат, а бир кезде муну таптакыр чанып салган элек. Мен «Майдандын» жазылышына себепкер болгомун, кийин анын жарыкка чыгышына да кара күчүмдү аяган жокмун. Кийин, ушундай да шумдук болот экен, ботом, ошол «Майданды» мага каршы коюшпадыбы. «Майданды» биринчи психологиялык чыгарма жаралды» деп туу кылып көтөрүштү, анан мен жакты карап, «Фольклордон чыкпай атканыңар да бар» деп коюшчу. А касиет фольклордо экен, мына көрүп атасыңар го, баарыбыз ага өтүп атабыз. Көрсө, калктын дүйнөсү, калктын мурасы, калктын касиети сакталган өзүнчө бир кенч экен го фольклор.

Буларды айтканым, биздин жаштардын көбү ушундан адашып алышты. Дагы бир кемчилик бизде тил менен иштөө жаман болуп жатат, чыгармаларды окусаңар өзүбүздүн ой эмес, башкача ойлор арбыды. Алардын көбү келте тил менен, чубалжып узун жазылган. Татыксыздары көп. Ошондуктан тил менен иштеше билүү керек, сөздөрдү сараң колдонуу зарыл.

**- Түкө, эл ичинде мурда элдердин достугу жакшы эле, эми ыдырай баштадык, ырк бузулуп, улутчулдук күчөөдө дегендей маанидеги пикирлер арбын. Сиз далай чыгармаларыңызды достукка багыштаган адамсыз, бул боюнча оюңуз кандай?**

- Достук жөнүндө, ынтымак жөнүндө кеп боло турган болсо, мени эч ким улутчул дешке акысы жок. Деги улутчул кыла албай коюшту го, кыйкырып атышып деле. Анткени менин, жана өзүң айткандай, ошо достукка арнаган чыгармаларым бар, туура, чын достук үчүн ырдап келгенбиз. Эми мына ушул достукту ким бузду? Биз айтып атпайбызбы, партократтар, сенектик мезгил, алар

айыптуу, булар айыптуу деп, чындыгын айтыш керек достукту булар эмес, жанагы түпкүрдө билинбей жаткан шовинисттик тенденция бузду. Шовинисттик алысты көздөгөн кара идея бузду. Биз дардаңдай берипиз, алар ичтен жеген курттай болуп, ишти бүлдүрө берген турбайбы. Мына бир гана нерсени айтып берейин, 56-жылдардын аягы, 57-жылдардын башы, февралда Хрущев келди бизге. Биринчи жолу келиши. Ошондо бир ой айтыптыр, мен аны гезиттен окуп алып абдан таң калгам: «Силер ушунчалык берекелүү, бай турган экенсиңер, бул жердеги кишилерди башка жакка кылыч менен да чакырып ала албайсың»,- дептир да, бул өзүнчө үгүт экен да көрсө.

Анан анын экинчи бир сөзү бар, аны бул жерде эмес, тиги сессияда айтты, мен аны ошерден уккам: «Кытайлар Чыгыш Түркстандагы калкты, майда калктын баарын жоготуп атат. Кыздарын кытайлар алып, эркектерин таратып атат» деген кепти оозу-мурду кыйшайбай туруп эле ушу Жүгөрүбай айткан. (Мен аны Жүгөрүбай дейм). Көрсө, тиякты жамандап коюп, биякты... Мына микрорайонду салып эле жатабыз, жергиликтүү эл дегеле үйгө жетпей койду го. Тимеле жаап келди да булар. Биз кээде орустарды пас эл деп коёбуз, жо-ок, кокуй, булар абдан эпчил, айрыкча улутчулдук саясат жагынан абдан ийкемдүү да, бир топ орой да, карамүртөз да келишет.

Мына, кечээ жакында, элүүнчү жылдары эле «улуу агабыз» деген сөз көп айтылчу эмес. Бул кийин чыкты. Көрсө, бу да акырын-акырын жоошутуп, башынан пландаштырылган иш экен. Бир жагынан ошол саясатка ишенип да кетчүсүң, коммунизм болот дейт, бир эл болобуз дейт, бир



журт болобуз дейт. Келечекте дүйнө жүзүндө бир тил болуп калат, бөлүнүп-жарылбай деп атпайбы, чек ара жоюлат, тимеле сонун болот, кой үстүнө торгой жумурткалайт деп атпайбы.

**- А бир тил кайсы болору айтылбайт...**

- Айтылбайт. Эми байкасак, ошолор бир тилдин, мына бу орустун тилинин мартабасын көтөрүш үчүн эле жасалган аракет экен. Ушундай жаман акыбал болуп кетти да, анан мынабу түрк элдеринин, кыргыз, казак, кара калпак, уйгур, башкыр, татар өңдүү элдердин тилин бөлүп-бөлүп салды. Бөлгөндө да «мурун эзилген, кул болгон, азыр өз тил, өз республикасы болду» деп туруп бөлбөдүбү, ошентип биз бирдиктүү алфавиттен, жалпыбызга түшүнүктүү жазмабыздан айрылдык. Мына өзүбүздүн республика, өзүбүздүн тил деп гана олтуруп калдык. Анан байыркы тегибиз бир, түрк элдеринин түбү бир дегендер дароо эле пантүркчү, дароо эле панисламчы боло баштабадыбы. Мына ушундай өксүктөр болду да. «Кимди ким көрдү, Байгараны там басты» болду да...

Булар ушуну менен эле калбайт дечи, тарых акыры ылгап, өзүнүн чындыгын аныктайт дечи, ошентсе да ага-буга көз сала жүрсөк дейм да. Мына, кара топуракка өнчү өсүмдүк сары топуракка чыкпайт, ойдун өсүмдүгү тоого, тоонун өсүмдүгү ойго чыкпайт, ар бир өсүмдүктүн өзүнүн өсө турган кыртышы болот. Жаратылыш да бул. Коомдук түзүлүш, калктын кулк-мүнөзү, өсүп-өнүгүшү деле ушундай, ушуга канатташ, баарысы бир. Жер балдары баарыбыз тутумдашпыз да. Эми жанагы ыпыр-сыпыр жаткан жерге алабата чыгат, жарыктык кең Россиянын жери ушундай

алабаталуу экен да. Кең Россиянын жеринде баарыбыз алабаталуу экенбиз...

**- Түкө, мына ачык айтып, баарын жаап-жашырбай даана жаза баштагандан бери сындын арааны ачылды. Соңку мезгилде эл мындан жадай баштагансып да калды, сиздин оюңузча кандай, өткөндүн катасын туура таап, жаңылышпас жолго түшө алдыкпы?**

- Коомдук түзүлүшкө, коомдук ишке, системага, саясатка болгон мамилелерде деле, башка маселелердегидей эле, жеңилдик кылып, бышкырып, бирөөнү сындаса, «Атаңдын көрү, талкалаш керек экен» дебестен, бирөөнү мактаса, «Кокуй, сонун экен» дебестен, кишинин өзүнүн ою, ишеними, так мамилеси болушу керек. Мага десең, жалгыз кал, мага десең, ыза бол, башкалар сени ызаласын, сени кордосун, жектесин, бирок өзүңдүн көзүң жетип турган чындыгыңдан тайбагын. Мына ошондо келечегиңе дагы, эртеңкиңе дагы, ишиңдин оң, жүзүңдүн жарык болушуна дагы шарт болот. Азыркы кезде биз Октябрь революциясын, социализмди, Ленинди, Марксты баш кылып, баарын көрдөн алып жерге чаап атабыз, акмак деп атабыз, дөөпөрөс деп атабыз, жинди деп атабыз, мансапкор деп атабыз, Ошол эле кечээ күнү жүгүнүп жүргөн улуу адамдарыбызды ушинтип атабыз. Мен ушунун баарын айтып аткан кишилерди жумшак айтканда сыйлабайм. Анткени бизде улуу акылман, дүйнөгө атагы чыккан, жүз жылдап, миң жылдап мурастары жашап кала турган адамдар, батыштын, чыгыштын акылмандары тан берген чоң адамдарыбыз болгон. Маселен, Сталинди эч убакта көрбөгөн, китебин окубаган, жөн эле мындай бир селсаяк өңдүү кишилер деле бир жактама баа берип, сөгүп атпайбы. Дегеле ошолор дарегин таап туура сөккөн күндө да, бул жакшы эмес, анткени деле кыйшык болсо дагы, деле жаман болсо дагы, ал биз баскан жол. Ошол кыйшыктан соң экинчи бутубузга карап, түз басабыз. Келе жатып жаңылыш кетирсек, экинчи жаңылбайбыз. А биз муну унутуп, кезинде биздин улуу адамдарыбызга адилет баа берген Батыш, Чыгыштын даана ойчулдарын кошо жамандап атабыз. Жок дегенде жылкыдан үлгү албайбызбы, ат мүдүрүлгөн жерин кайра экинчи баспайт. А адам баласы өз кемчилигин үйрөнүп, аны жоюуга келгенде, мен адаммын, мен акылдуумун, мен ушундаймын деп мактанганга эле уста. А бизге согуштук тактиканы кумурска үйрөткөн. Мен ушул багытта көп нерсени айтар элем, силер спирт берип коюп мас болуп калбадымбы. («Ак сууну» айтып тамашалап атканы).

Жа десе мына ак куу учат, каркыра учат, турна учат, алардын учкан жолу тээ мындан миң жыл, бир нече миң жыл илгери ата-бабалары учкан жол. Так ошол түпкү теги учкан жолдон чыкпай учат булар. А биз кыргыз... (Кыргыз оозума кирип калды, мейли эми кыргызды айта берейин) ошо кыргыздар ата-бабабыздын жолун жолдоп, жакшы нерселерин жакшыдай пайдаланып, жаманын кайталабастай пайдаланбастан, ата-бабабызды сөгүп, жапайы болчубуз деп сөгүп, эчтеме билчү эмеспиз, жылаңач болчубуз деп сөгүп, биз эми жетиштик деп, эми күн жаратып алабыз деп кыйкыргандарга кошулуп чыга бердик. Өз колубуз менен жаратылышты жасап алабыз деп Бичуринди бетке кармадык. А Бичурин деген бир шалпайган абышка экен,

көрсө, анын тажрыйбасы эчтемеге жарабай калды кийин. Ушул жерден бир тамашаны айтып коёюн, мынабу Совет Урманбетовду жакшы көрчүмүн, жакшы акын эле өзү. Ал мага тийишип турчу да. Бир күнү: «Түкө, эми күндүн деле кереги жок болуп калбадыбы» дейт. Эмне айтарын түшүндүм дагы: «И-и, эмне үчүн кереги жок болуп калды?» – деп койдум. «Электр деген чыкты, жер жандоочу учуп атат, космоско киши учуп атат, эми күндү деле кол менен жаратып албайбызбы» дейт. Анда мен айтам: «Эй, сербейген куруп калгыр, жети эле күнгө күн чыкпай калса, сенин космосуң да, Космосбегиң да – баары, сен экөөбүз, ушу жер балдары бүт бойдон тоңуп жок болуп калабыз» дейм. Анда кырсылдап күлөт. Бул эми бир мисал катары айтылып калды, ошентсе да ушундай жагдайлардын баарын эске алганда гана киши өз жолун туура, так аныктай алат.

**- Түкө, эми ушу күндө эки кишинин башы кошулган жерде сөзсүз айтыла турган тема кайра куруу болуп калды. Мына күн санап жашоо кыйындап баратат, журтуңуз абдан чайналып, туура жолго багыт ала албай турган кезеги. Сиз кандай ойлойсуз, кайра куруу акыры эмне менен бүтөт, деги кайра курууну сиз кандай кабылдадыңыз?**

- Кайра курууну мен абдан элейип күтүп алдым. Ишенген жокмун. Эмне болор экен, эмнени айтар экен деп элейдим, анткени андан мурда далай оозум күйгөн. «Культту» сынаган кезде Хрущев, сессияда бекен, же жанагы конференцияда бекен, бир айтып калды. Өз кулагым менен уктум да: «Биздин советтик калк бизге ишенет. Биз кандай иштесек да, биздин ишибизге эл ишенет» дегенде





эле мен: «Бу бизди эмнеге ишендирген атат болду экен?» деп шек кылдым. Башкалардын баары кол чапты, отурган академиги бар, желмогуздары бар, акыны бар, жазуучусу бар, а мен делдейип отуруп калдым. А Хрущев бизди каякка баштады? Өзүңөр ойлонуп көргүлөчү.

Мына кайра курууну адеп айтканда да мен ошондой абалда калдым. Кайра куруу биздин Кеңеш бийлигиндеги кеткен мүчүлүш-кемчиликтерди, биздин партиялык жетекчиликтен кеткен кемчиликтерди, каталарды оңдоп, бузулганды түзөгөн максатта болуп атабы, же башка максаты барбы? – деген ой келди мага. Эгерде конвергенция теориясы боюнча болсо, иш башка. Себеби конвергенцияда биздеги жакшыны алып, капиталисттик системадагы жакшыны алып, биздеги жаманды чыгарып, алардагы жаманды чыгарып, акырындык менен жакындашуу болот. Ошентип мен, мына тынып калдык деп атабыз, сенек болдук деп атабыз, тигиндей-мындай деп атабыз, андан кийин көп камап, көп мыйзамсыздык болду деп атабыз, ошолордун баарын демократташтыруу жолу менен, бетке айтуу, ачык айтуу жолу менен оңдойбуз го деген тилекте болдум. Андан кийин а киши «мен эки жылда оңдойм» дегенде эле мен селейе түштүм. Эки жылда оңолбойт эле, эки жыл эмес, мына, жети жыл болуп баратат, оңолмок түгүл кайра тереңдеп кетпедиби. Азыр деле түбү, чеги көрүнбөй калбадыбы.

Көрсө, системаны, бүтүндөй системаны өзгөртөт экенбиз: социалисттик дегенди жоготуп атабыз, кайра мындан тээ миң жылдар мурун калыптанып калган адамдык түзүлүшкө, жеке түзүлүшкө көчөт экенбиз. Мындан биз, башка улут-

тар, 73 жыл кулдап, оюбузду бөгөп салды, бузулуп калдык, артта калдык, башкалардын баары алга кетти деп өктө кылып атабыз. Ырас эле, мурда баарына биз үлгү болобуз деп кыйкырсак, баарына жол көрсөтүп, баарын жетелейбиз деп келсек, эми жадесе оокатка жалчыбай, кичинекей фингe кошомат уруп калдык. Мына биздин дөөпөрөстүгүбүз, бирок бул дөөпөрөстүккө бизди баштаган чоң улуттун айыбы болуш керек. А булар ушу кезде айтып атпайбы, орустан азап чеккен, орустан кордук көргөн, орустан кыйналган бир да эл жок биздин өлкөдө деп атпайбы. Бир кудайды карап айтышса болбойбу, бир кичине ыйман менен айтышса болбойбу! Эми ушунда бир суроо турат: күчтүү алсызды кордойбу, көп азды кордойбу? Бизде көп ким, күчтүү ким? Мына ушуну да ойлош керек.

Булар аз эле, алсыз эле, өссүн-өнүксүн деген чоң улут жок азыр. Аны кой, ушерде жүргөн мендин кудаларым (Түкөм орус калкына куда болот экен) тилдин статусуна каршы чыгат. Мына, жада калса, жерге ээлик кылууңа, каршы чыгып отурбайбы, өткөн сессияңарда. Биз мына ушундай акыбалга келдик, балдар. Бу эмне болуп ушундай абалга келип калдык? Менимче, баары жанагы арамзалыктан, тардыктан, шовинисттик позициядан келип чыкты, эми ошондо улутчулдук деле бардыр, чектелүү деле бардыр, баары бардыр. Андан да бул акыбал жаңкы ата-бабанын үлгүсүн, жолун, таалимин тангандыктан келип чыкты. Мен анча-мынча ишти эки жыл, үч жыл, он жыл алдын ала айтсам, кээде туура келип калчу эле, азыр ошондой болжолду мен болжолдой албай отурам, балдарым.





Азыр көп эле жаңы башталыштар болуп атат, мисалы, жанагы аукцион. Муну кыргыздар тоорук дечү. Илгери бар эле, Караколдун базарында күнгө бир нече жолу тоорук болор эле, көбүнчө баягы көпөстөр, чиновниктер тоорукка түшүп, кээсинин идиш-аяк, жууркан-төшөгүнө дейре сатылчу. Анан ошондо көнбөгөн кыргыздар, башта билбеген нерсе да бул, ак мексел алыптыр дейт, күйүп кетиптир дейт, өзүнүн малы жетпей, тууган-уругунун малын берип кутулуп атыптыр дейт, деп эле жатышчу. Биз эми кайра ошого келатабыз шекилдүү. Муну айтканым, бул сыяктуу нерселердин, дегеле жакшы иштин, жакшы башталыштын деле ушундай бир кыйын кыстоо жактары болот, андыктан баарын аңдап, билип иш кылган жөн.

Аңдап иш кылгыла демекчи, мен дагы бир кызыкты айтып коёюн. Көрсө, Горбачев кайра куруусун өзү түшүнбөй туруп баштаптыр, өзүнүн айткан кайра куруусун өзү түшүнбөптүр, ал эмес рынокту түшүнбөйт экен. Муну мен «буржуазиялык агент» болгондугумдан (Кайсы бир жылдары Түкөм, батыштын радио берүүлөрүн уккан үчүн ушинтип каралаган экен, ошону эске алып жатканы) жакында эле уктум. Батыштан берди. «Азыр, деди – рыноктун негизги маанисин Советтер Союзунда башка кишилер эмес, Горбачев өзү толук түшүнө элек» - деди. Мен ошого ишенем. Биз баягы «Жаратылышты өз колубуз менен жасап алабыз» деген түшүнүк менен эле эпилдеп чуркап келатабыз. Рынокко барсак сонун болот деп эле. Сонун болобу да, болбойбу?

Эми өзүңөр ойлобойсуңарбы, азыр ушу кезде, базар жаңыдан башталып аткан кезде, баланча 

жүз миң киши бизде жумушсуз калып олтурат. Мектепти бүтүп-бүтпөй балдар сарсанаа тартып жатышат: биз эмне болобуз деп. Зөөкүрлүк күчөдү, кумарпоздук күчөп атат. Анан «рекет» деген кесип чыкты, ушерден үйгө аман-эсен жетемби да жетпейминби, же бирөө тырайта чаап «Мерседести» алып кетеби деп коркуп отурам (Күлөт). Ырасы менен эле, илгери Маскөөнү жөө, жалгыз кыдыргам, «Темирди» жазып атканда токойду аралап, Маскөөнүн алдында он-он беш чакырымга жөө кетчүмүн. Азыр аларды кой, Биринчи Май көчөсүндөгү үйүмдүн алдында күүгүмдө жалгыз тура албай калдым. Мына мамындай акыбалга келдик. Анан мына ушул кем-кетикти жоёлу дегендин ордуна, мактанып эле атабыз, кыйратабыз, ойротобуз деп эле атабыз, дагы эле тилдеп атабыз, артты тилдеп атабыз. Канчалык жаман болбосун, канчалык дегеле коркунучтуу болбосун, мен дагы айтайын, тегин, атасын, баскан жолун жамандоо – жакшы жоосун эмес. А биз муну ойлобой жамандап эле атабыз. Мына менин кайра курууга менин мамилем ушундай. А кайра куруу кандай бүтөт, эмне болот, мен силерге ачык айтып бере албаймын. Бир андаганым, кайра куруу – карышкырдын, бөрүнүн, түлкүнүн заманы экен. Түлкү болгула, карышкыр болгула – курсагыңар тоёт, акыңарды кайтарасыңар. Жок анан баягы кыргызча болуп, шөлпөйүп жүрө берсеңер – акеңерди тааныйсыңар, тери шым кийесиңер, кой багасыңар... Жериңерден айрыласыңар мына ушу.

Бирок эми аяк жагын оптимист кылып бүтүрөйүн, биздин калкыбыз байыркы калк. Бизде бир жакшы сапат бар, ал кемеңгерлик,





токтоолук, кечиримдүүлүк, сабырдуулук, даанышмандык, мына ушу жакшы сапаттарды өстүрүп өнүктүргүлө. Качан да болбосун ушулардан айрылбагыла!

**- Тилегиңизге ырахмат, Түкө. Эми биздин элде жаңкы өзүңүз айткандай, жээрип, татыксыз катары чанып сала турган да касиеттер барбы?**

- Бар эмей, мына азыр айылдарыбызды эле алалы, экиге бөлүнүп атабыз, онго бөлүнүп атабыз, жетиөгүздүктөр тоңдуктарды кубалап атышыптыр, силерге эмес, өзүбүзгө кызмат жетишпейт деп, Сары-Булак менен Күрмөнтү, билесиңер да, экөө жакалашып атып эки бөлүнүптүр. Буларды айткан себебим, кыргыздар тээ атам замандан көчмөн болуп, уруу-урууга бөлүнүп жашап келгендиктен, ушул жердештик, уруулук жаман адат болуп калган. Мунун кезинде жакшы жагы да болгон, өз заманында туура болгон, бирин-бири колдошкон, бирине-бири арка-бел болгон, четтен келген душмандардан коргонушкан. Азыр эми заман башка, өзгөрдү, эми беш ууч кыргыз бир ууч болушу керек. Ансыз жем болобуз, баягы Бакай атабыз айткандай: «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп кетти кыргыз деп, бөтөн элге кеп кетет» болобуз.

Жанагы Табалдиевдер, Хубиевдер эмнеге какылдап атышат, ушу кыргыздын бөлүнгөнүнөн пайдаланып калалы деп атышат да. Ансыз ушу заманага чейин орустар ж. б. чет элдер кыргыздардын ушу бирин-бири чукушканынан чоң пайдаланып келишпедиби. Кадрдын өспөй калышына, кадырлардын куулуп-сүрүлүшүнө, өнүкпөй калышка ошолор чоң кедерги болду. Биз өзүбүзгө өзүбүз иштеп бердик да... Болбосо Аалы

экөөбүздүн жакалаша турган эмне себебибиз бар эле. Колунан келгенин ал жазат, колуман келгенин мен жазам, жүрө бербейбизби ошентип эле. Чыңгыз экөөбүздүн ортобузда канча кайраштыруулар болду, Чыңгыз да ормоюп бир кезде мага тескери карап калган, акеңер. Ошондон улам, ушундай жагдайлардан этият болуш керек, кишиден уккан кептин чындыгына жетмейин ызаланыш болбойт, чындыгына жеткенден кийин деле кечиримдүү болуш керек. Менин силерге айтайын дегеним ушу.

**- Сөздүн ыңгайы кайрадан адабиятка бурулуп баратат окшойт, сизди элиңиз талантту жазуучу катары эле эмес, дайыма түз жүрүп, туура кепти эч кимден жазганбай бетке айткан инсан катары да сыйлашат, сиз жазуучунун жеке пенделик сапаты, чыгармачылыкка мамилеси кандай болгонун дурус деп ойлойсуз?**

-Эми-и, кудайды көзүң менен көрбөсөң, акылың менен тааны деген, мындан келди, калем кармап, колдон келишинче бирдеме жаза баштагандан тартып эле ар бир чыгармачыл адамдын өзүнүн баамы, ою, байкоосу болууга тийиш да. Мындай касиеттен көп эле киши куру эмес чындыгында. Бирок өзүнүн күнүмдүк кызыкчылыгына алданып, амалданып, кууланып, ушундай болсом жаман болбоймун, жакшы көрүнөмүн деп, эки беттүүлүк, эки жүздүүлүк кылып, кишилерге кошоматтык кылып, анан мансап талашып, байлык талашып, байлыкка, бар болууга кызыгып, ошого берилип, өзүндөгү жакшы сапатка кичине доо кетирип алат да бирерлери. Мен ушуну, кудай жалгап, жаш кезимден





байкадым да, өзүмдүн чыгармаларымды ойлоп, таламга жооп бергидей, ак дил, ак ой менен, калп айтып койбой, жаңылыш, каңырыш угуп алып калпыс иштеп койбой, мүмкүн катары турмуштун өзүн, чындыктын өзөгүн улап, укканга үлгү, окуганга таалим сабак болгудай, колдон келсе мурда болуп урпактарга калгыдай, жагын эске алып жазып келдим. Эгер менин аздыр-көптүр ийгилигим болсо, ага мына ушулар себепкер.

Анан эми бир кыл жазуучулар Сталиндин убактысында Сталинди аябай мактагандары болду, кийин Сталин сыналганда аны аябай сөгүп, Хрущевду мактагандары болду. Мен аттарын атабай эле коёюн…

**- Атап койбойсузбу бир экөөнү?** *(Түкөм жооп ордуна бырс күлүп коюп, кебин улай берди).* Эки-үч жазуучу Хрущев сыналганда таң атпай басмаканага келишиптир чуркап, азыр алар бар, «Хрущевди мактаган ырым бар эле алдырып салайын» деп. Мына минтип жазуучу болгон болбойт. Бул жазуучулукта болсун, жөнөкөй адамгерчиликте болсун, тунук касиетти сактай албагандык, өз баркын баалай албагандык. Жазуучу болом деген пенде бир нерседен сактаныш эле зарыл болсо, мына ушундай келте ойлуулуктан сактансын.

**- Түкө, эми мындай дил чубама, ой улама сукбаттарды дээрлик бардыгы эле таптама жол менен бүтөт эмеспи, биз да ошондон кыйгай албайт шекилденебиз, анан калса сиз эчен жаштардын жолун ачкан, багыттаалим берген, батаңызды берип, алардын ийгилигине кошо кубанып, ийриси болсо, кошо боор толгоп кейип келген адамсыз, андыктан болочокто кыргыз жаштарынын**

**жүзү ачары болуу ниетине бекиген «Ак бата» журналы үчүн да, анын окурмандары үчүн да сиздин каалоо-тилегиңиз таберик. Сиздин тилегиңизди уксак дагы, бүгүнкү кепти тамамдасак...**

-Эми кагаз кааткезде, турмуш кыйын, заман бир ыңгайга түшө элек кезде, минтип бир чоң ишти баштап алыптырсыңар, бир себептен мунуңар да туура, бу утурумдук дүйнөдө кишинин көр тирилиги бүтпөйт, бири болсо, бири жок чарпыла бермей, тирилик да бул, ошондуктан болор ишти ушинтип эртелеп болтура бергениңер оң, эми не демек элек, ишиңер шыдыр, жолуңар байсалдуу болсун. Дайыма сөзгө да, ишке да жакшыга да, жаманага да бек болгула, жакшы кеп уксаңар көөп кетпей, дайыма барды-жокко барабар бир калыпта жүргүлө. Журналды таза, бийик адабият үчүн багыштап, майда-чүйдөгө, жеңил, тескери таалим бере турган көрпөй-шөрпөйлөргө азгырбагыла. Журналыңар оозго алынып, эл кубаттаган, кызыгып окуган, издеп, аздектеп, жазданып окуган журнал болсун. Өзүңөр ден соолукта, тынчтыкта болуп, ишиңердин убайын көргүлө...

*...Ушинтип бүгүнкү кептин соңуна чыктык. Иңир талаш тоо ылдый куюлган Аламүдүн суусу менен жарышып калаага кирип келатабыз. Артыбызда Ала-Тоо, алдыңкы орундукта Түкөм чалкаят...*

*Өзүмчө тан берип келатам, маектешимдин залкарлыгына, зиректигине, тунук акылдыгына, анан ушундай кеменгер уулдарды берген кыргыз журтунун улуулугуна тан берип келатам. Канткен менен акын Анатай Өмүрканов таамай айтыптыр:*



*Ким кыргыздын бабасына,*
*бир эстелик курам десе –*
*окшоштуруш керек анын*
*бүт турпатын Түкөмө!*

*Түкөмдү үйүнө жеткирип, кайра тарттык. Көңүлдө бир изги тилек калды: «Жан кылып жараткан Эгем карылыкка жеткирсе, кимге да болбосун ушул Түкөмдүкүндөй эстүү карылык берсин»...*

*Ангемелешкен:*
*Самидин СТАМБЕКОВ.*
*28-июнь, 1991-жыл.*
*«Ак бата» журналы.*

## БАКТЫЛУУ,
## БАКТЫСЫЗ БАЙЗАКОВ

*Сулуусуң кыргыз жери нурдан бүткөн,*
*Улуусуң кыргыз жери ырдан бүткөн…*

…Ар таңда атпай кыргыз журтун гимндей ойготуп, аны укканда ал түгүл ажобуз А. Акаев ордунан ыргып тура калып кол чапкан бул кереметтүү ырдын сөзүн – акын Түмөнбай Байзаков жазган. Торгой таңшык ырчы кыз Саламаттын, адеми обончу Апастын кошумчасы менен азыр ал ыр кыргыз чегинен алда кайда алыска чабыттап кеткен. Түмөнбай акын жакынкы жылдары токсонго толмок, тагдыр экен ал азыр арабызда жок… Өзү жараткан «Кыргыз жеринин» бактысы кандайча ачылганын да көрбөй калды…

Мен Түмөнбай акынды эстеген, эскерген сайын бир нерсеге таң кала берем: өлгөндү бырс эттирген күлкү, өзөктү куйкалаган сатира менен жүрөктүн тээ түпкүрдөгү кылдарын дирилдеткен назик лирика кантип бир адамдын жан дүйнөсүнө сыйып турат болду экен? Эстеп көрөлүчү, «Кар бетине жаздым кат», «Паризат» сыяктуу чыгармалар кыргыз поэзиясынын лирика жанрынын көркү, кенчи болуп калганы жалганбы? Ал эми согуш тозогун өз көзү менен көргөн жоокер акындын:

«Ок жаман кандын даамын татып калган,
Ок жаман жандын даамын татып калган.

Кайрадан кирип барып автоматка,
Атылып жөнөбөсүн ал тарапка.



Андыктан жүрө берсин акыректе,
Мен аны ала кетем акыретке», -

дегендей сезимге таамай жеткен, турмуштун ачуу чындыгын, согуштун каарын, адамдык мээримди таасын тарткан мындай ырларын мен акынмын дегендин ар кимиси эле жаза албайт. Ал үчүн сезими назик, адамгерчилиги чексиз, алп мүнөз, таланты таасын акын керек. Демек, Түмөнбай акын – тилинен мээр тамган чебер лирик.

Андай экен жүргөн-турганы бүт эле күлкү-тамаша менен коштолгон Т. Байзаковду каякка алып барабыз? Ойлоп көрсөм, тирүүсүндө Т. Байзаковду адамдар анчалык эле үзүлө түшүп жакшы көрө берген эмес экен. Ал «Жүрөгүм оруйт» деген казак кесиптешин: «Казакка жүрөктүн эмне кереги бар, өпкө болсо – болду да» деп күйдүрсө, трибунага чыгып алып, адамдар жадап кол чапса да, болбой сүйлөй берген белгилүү акынды: «Бул эми жакында түшпөйт, бирдеме кылып атып эле түшүрбөсөңөр» деп каарыган. Компартиянын ошондогу биринчи секретары А. Масалиевге жазуучулар менен жолугушууда: «Мага үч бөлмө үй берсеңер, азыр, көзүмдүн тирүүсүндө бергиле, өлгөндөн кийин үч бөлмө көр казып бергиле деп сурабайм", – деп тике айтууга батынган. Басманын партиялык уюмун жетектеп турган кезинде жазуучу Камчы Жунусовдун атындагы «К» тамгасын китептин титулдук баракчасынан байкатпай алып таштап, чоң эле басмакананы чаң-тополоң түшүргөн. Кийин бул «катаны» бардык кызматкерлер жабылып, ар бир китепке бирден «К» басышып, араң ондошкон. Буга окшогон тири шумдук шакабалар Түмөкендө толтура. Анын жүргөн жери түгөл азил-тамаша болгон. Сөздүн ыңгайы

келе калганда, ал эч кимди, ал тургай жакын санаалаштарын да аяган эмес. Буга аны тартипке чакырмакчы болгон достору: «Кебиңе уят-сыйытты аралаштырып шалпый бергениңди кой. Эми аксакал болдуң» деп насаат беришсе, «Силер менин ошол уят-сыйыттуу жерлериме тилиңерди тийгизбегиле» деп алардын да күйбөгөн жерин күл кылганы далил. Мына ушундай кишини кайсы адам, асыресе кайсы кызматы бар киши жактырсын? Тирүү кезинде Түмөнбайдын көп барктала бербегендигинин бир себеби, менимче, анын мына ушундай «бейтартиптигинде» болгон.

Бирок Т. Байзаков кезинде таптакыр эле бааланбай калды дегенге да болбойт, анын жыйнаган «Барпысы» көп жолу кайра басылды. Барпы акынды адабиятка алып кирүүдөгү эмгеги ар убак белгиленип келди. Котормо жаатындагы эмгектери да назардан сырт калбай, ал таасын котормочу катары таанылган. Ошентип ал А. Фадеев атындагы абройлуу сыйлыктын ээси болгон. Көзү өткөн соң ысымы мектепке коюлду. Ошентсе да, менимче, ал мындан алда канча жогорку сыйга татыктуу акын. Кыргыз эли талантка, акынга бай экенбиз, не деген таланттарыбыз барктальбай калып кетип жатат. Болбосо Т. Байзаковдой талант, эсеби маселен, Америкада чыкса, аны эбак эле О. Генри кылышмак. Мен маселен О. Генринин дүйнөгө таанылган чыгармалары биздин Т. Байзаковдукунан жогору деп айталбайм. Байзаковдун бактысыздыгы – тилинин курчтугунда жана ааламга таанылбагандыгында.

Бирок бир нерсе көңүлдү жылытат, акынды бүткүл кыргыз эл билет, поэзияны барктаган ар



бир атуул сыйлайт. Ал жараткан айтылуу «Кыргыз жери» арадан канча жылдар өтсө да жаңыра берет. «Кыргыз жери» кыргыз жериндей түбөлүктүү ыр. Байзаковдун бактысы – мына ушунда.

*Самидин СТАМБЕКОВ,*
*Т. Байзаковдун батасын алган акын.*
*"Акыйкат" гезити, 2003-жыл.*
*Жалал-Абад.*

# МАЗМУНУ

Санат башы ........................................ 5
Көз ирмем ........................................ 15
Кадыр түн ........................................ 27
Бала-дүйнө ........................................ 69
Сүйүүнүн саргыч дептери ........................................ 75
Арноолор ........................................ 113
Бейит башындагы ойлор ........................................ 119
Түрмөктөр ........................................ 141
Чек билбеген ыр чабыт ........................................ 165
Самидиндин санаты ........................................ 183
Замандаштар жазышат ........................................ 241
Адабият айдыңындагы сөз ........................................ 253

**Самидин Стамбеков**

**САМИДИНДИН САНАТЫ**

*Ырлар, санат-термелер,
котормолор, макалалар, маектер.*

**Адабий-көркөм басылма**

***Сүрөттөрү: М. Аширбаевдики.***
***Мукабанын 1-бетинде – Чаткал өрөөнүнүн көрүнүшү***
***Мукабанын акыркы бетинде – Чапчыма ашуусу.***

*Редактору* Кадыров Жумадин
*Корректору* Туманова Венера
*Компьютердик калыпка салган*
Хуррам ГАЗИБАЕВ

Терүүгө 2011-жылдын 14-январында берилди.
Басууга 2011-жылдын ..... кол коюлду. Офсет кагазы.
Форматы 84x108 $^1/_{16}$ Көлөмү 19,2 б. т.
Нускасы 1200 д. Буйрутма № 68

«Бийиктик» басылды
Дареги: Бишкек шаары, Абдрахмагов к, 170 а.